Үсөнбек АСАНАЛИЕВ



# АЖЫДААРЛАР АЛААМАТЫ

84. Кк7
А-90

*Үсөнбек* **АСАНАЛИЕВ**

# АЖЫДААРЛАР АЛААМАТЫ

Кадырлуу Элмир Саламатович!
Сиз ак эмгегин элге арнаган, калкына кармаган Ата журтубуздун ардактуу уулдарынын бирисиз.
Жаңы жылыңыз кут болсун!
Үй-бүлөңүз менен ден соолукта бактылуу өмүр сүрүңүз. Ишиңизди ири-ири ийгиликтер коштосун. Элибизде ынтымак болсун!
Автор
28.12.13

Каракол - 2011

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА

ББК 22
К-55

*Усөнбек АСАНАЛИЕВ*

**«АЖЫДААРЛАР АЛААМАТЫ»**

**(Ырлар. Кыргыз тилинде, 276 бет. 2011-ж.)**

**Китепте кыргыз калкына бүлүк салган, казынасын какшыта тоногон, кенин, жерин саткан, кырчындай балдарын аткан канкор бийликтин акылга сыйгыс алааматтары ашкереленип, эмки бийликке жосунсуз жорукту кайталабоо талабы астейдил айтылган.**

**Ырлар, учкул сөздөр эки жексур кандын башкарган учурунун ар кайсы жылдарында жазылган.**

ISBN 078452198
К-55

© Ү. Асаналиев
© «Карга Аке» басма Үйү

*Китепти кыргыз элинин келечек эркиндиги, бактысы үчүн көкүрөгүн окко тосуп, 2010-жылдын 7-апрелинде адилетсиз бийликтен шейит кеткен 87 Баатырдын аруу, аялуу, жаркын элестерине арнаймын.*

# КАГЫЛАЙЫН КАДЫРМАН КАЛАЙЫК!

Кырчындай балдарыбыздын кырылган күнүн кыргыз эли кылымдар бою жүрөгү канап, жүлүнү зыркырап, кайгысы кара тоо болуп эскере берет.

Апрель алааматы акылга сыйгыс мүшкүл, орду толгус жоготуу болуп, кырчын өмүрлөр кыйылды. Аянт кызыл канга боелду. Куралсыз элди кутурган падыша ок менен каршы алып, элдин эркин майтаргысы келди. Калкты эмес, капчыгын гана кадырлаган кара жолтой эки ажыдаар: Акаев менен Бакиев элди эрегише тоноп, ырыс-кешигин, казына-мүлкүн каалагандай карактап, калкты караманча сызга отургузуп, качып кетишти.

Кыргыз жерин жердей, суусун суудай, алтынын алтындай сатып, байлыкты басып, көр дүйнөгө көзү тойбой, өлкөгө бүлүк салышты. Бийлик кумарына баткандарга калк толкуну капарга алгыс кара көлөкөдөй туюлду. Көлдүн толкуну басылат, адилетсиздик өкүм сүргөндө, көптүн толкуну басылбайт, аны эч кандай күч токтото албайт.

Эл эмнеге көтөрүлдү? Карапайым калк жакырчылыктын сазына батып, байлыктын тонолушу, табияттын кудай берген өзгөчө бай жеринде кор болуп жарды жашообуз, айлык акылардын төмөндүгү, элди тентиткен жумушсуздук, адилетсиздиктин алдыңкы орунга чыгышы азаматтарыбызды Апрель окуясына алып келди.

Каптап келген калың элдин каарынан корккон канкор Бакиев аларды Ак үйдүн төбөсүнөн аеосуз аттырып турду. Канчалаган үй-бүлө кара кийип, кан жутту. Жар жесир, бала жетим калып, ата-эне ботодой боздоп, калың кыргыз кайгыга батты.

«Канды кудай урарда, калкы менен кас болот», - деген сөз Акаев менен Бакиевдерден далилденди.

Акаев, Бакиев менен табакташ, сабакташ болгон Абыке, Көбөштөр кой терисин жамынышып, дале болсо, астыртан

былгытып, арабызда жүрүшөт. Көптүн көзү көрүп турат.

Элди эсепсиз тоноп жегендер жер жуткандай дарек-дайнын билгизбей жоголушту. Эми ант ургурларга тууган жердин топурагы буюрбайт. Арбак бары чын болсо, атылгандардын арбагы, аккан каны айбандарды алып тынар.

Бул шейит кеткен сексен жети Баатырдын өмүрү - урпактарга унутулгус өрнөк, үлгү, сабак.

Акыйкат үчүн күрөшкөн азаматтардын өмүр таржымалын атайы китеп кылып чыгарып, тарых сабактарына кошумча киргизүүнү сунуш кылаар элем.

Улут баатырларынын туулуп өскөн мектеп болобу, көчө болобу, ысымдарын ыйгарып, тирүүлүк парзыбызды аткарышыбыз керек.

Баатырлар өмүрүн жаркын келечек үчүн, элибиздин бардар турмушу үчүн, жеп-ичер жексурларды жок кылыш үчүн, адилетсиз бийликтин тамырын кыркыш үчүн, калыс бийликтин келиши үчүн кыйды.

Айланайын кыргызым, арамдыктан арылып, адилеттик өкүм сүрүп, байып кетер бекенсиң!

Эл башчылары! Бакиев менен Акаевдин арам жоруктарын кайталабай, калыстыкты туу тутуп, өлкөбүздү өнүктүрүп кетсеңер экен!

Ата Мекен үчүн жанын берген баатырлар, жаныңар жаннатта болсун! Силер түбөлүк кыргыз элинин жүрөгүндөсүңөр!

**Автор.**

## АЖЫДААРЛАР АЛААМАТЫ

Жергебизге эгемендик келди эле,
Аны Кудай кан төккүзбөй берди эле.
Жыйырма жылдай мезгил өтүп кетсе да,
Артка кетип, жылбай койдук эмне эле?

Качан кыргыз тентиди эле жеринен,
Карыш кадам кетчү беле элинен?
Бирөөлөргө малай болуп калышты,
Өмүр дебей, өлүм көрүп жериген.

Эки ажыдаар башчы болуп элиме,
Мүңкүрөткөн мүшкүл түштү жериме.
Кара калкты кайыштырып отуруп,
Жеткиришти жакырчылык чегине.

Жүзү курусун, ханга калдык жарыбай,
Кудуретке жетер бекен зарың, ай!
Журт башына эл деп соккон жүрөгү,
Бир калыс хан керек эле дарыдай.

Он беш жылы ойрондоду Аскары,
Өкүрөңдөп өр талашкан таштары.
Элди унутуп, керт башынын камын жеп,
Кайран калкты кайыштырып таштады.

Ырсаландап жубайына бийлетип,
Ырыскыны тебелетти ийлетип.
Акырында качып-бозуп жоголду,
Көңүлдөрдү көөгө чылап кирдетип.

Эл алдына бир чыгууга жарабай,
Башаламан, анда өттү таламай.
Хан качканы кандай пастык, шерменде,
Ачуу ызалар дале турат тарабай.

Тоноп качты Башкы командачыбыз,
Типтик турган анда төбө чачыбыз.
Эки ажо тең соттолуучу жерде эле,
Не бүркөлүп койбойт кабак-кашыбыз?

Үй-бүлөсүн бийлеткенден качышкан,
Эл ызасы эрегиштен ачышкан.
Бир козголсо, эл деген сел экен го,
Кайра тартпас как чекеге атыштан.

Жанталашып кире качты оруска,
Паракорлук мурас таштап конушка.
Максат, дитин бүт байлаган жексурлар,
Калкты тоноп, каржалдырып коюшка.

Журт башына капыс келди Курманбек,
антын берип: «Калкка жаным курман,-деп.
-Үй-бүлөмдү бийлигиме жолотпойм,
Бул Ак үйдү мылтык менен коргойм», - деп.

«Бир гана ирет барам» - деген, - шайлоого,
Көрсө, калпы жаткан экен кайноодо.
Ошондо эле дитин бузуп түгөнгүр,
Камылга жеп жүргөн тура жайлоого.

Инисинин, балдарынын кылыгын,
Көрбөдүкпү пенде кылгыс былыгын.
Байкуш элим түтүп келген ошого,
Кечиримдүү, айкөл кыргызчылыгың.

Атышмайы ошондо эле чочуткан,
Дили-дитин кай азезил окуткан.
Кыргыз кандуу адам эмес буларың,
Көздөрүнөн жан алгычтын оту учкан.

Булар бүткөн элибиздин шоруна,
Түшүптүрбүз жөргөмүштүн торуна.
Тобо кармап, топук кылып туралы,
Жергебизде жексурлардын жогуна.

Карышкырлар үйрү менен каптаган,
Кара калктын канын сорупካктаган.
Билбейм кайсы кошоматчы да бир чал,
Максим көзүн көкөлөтө мактаган.

Мыйзамыңды уруп койбой калчады,
Астыртадан жайлап тынды канчаны…
Кокон бийлик орнотушмак акыры,
Даярдашып адам асар дарчаны.

Сууну сатып, электрди көтөрдү,
Элди кордоп, эрегишип көшөрдү.
Ойлоруна алып дагы койгон жок,
Өздөрүнүн күнү бүтүп өчөрдү.

Кумтөр куругур тоолугунан түттү окшойт,
Агар алтын, ак күмүшү бүттү окшойт.
Ак кар, көк муз тонолгонго томсоруп,
Эли ээ болор күнүн көксөп күттү окшойт.

Үзөңгү-Кууш, Каркыраны сатышты,
Коргогонду «жумурткалап» атышты.
Ошондогу кошоматчы иттерге,
Каргыш айтып, кандай жүрөк ачышты.

Жерди саткан элди сатпай коёбу,
Кыяматка өчпөйт кандын боёгу.
Ата-баба айта келген кеп тура,
Көз баштыктын топуракка тоёру.

Эбин таап орус берген акчаны,
Житиришип кайда катып таштады.
А булардын бузукулук кылганы –
Эл эсинде эскирбөөчү дастаны.

Канчаларды менчик кылып ит бекер,
Иш кылдыңар ыйман качып кут кетер.

А өзүңөр бензин болуп алдыңар,
Тал ширеңке таштаганда дүрт кетер.

Ак жол эмес, кара болду жолуңар,
Кара түгүл кандуу чыкты колуңар.
Көрбөгүлө бирөөлөрдөн күнөөнү,
Өзүңөргө өзүң кылган шоруңар.

Кара иштерди жасадыңар Ак үйдө,
Ак адамдар олтурса экен ал үйдө.
Сүткө аябай күйүп калды оозубуз,
Эмки бектер айраныңды сак үйлө.

Журт башына келгей эле тазалар,
Антпегенде дале даяр жазалар.
Өрттүн кайра чыкпасына ким кепил,
Жан кыйналып, жабыркатса ызалар.

Чындык деген жеңет экен акыры,
Элден хандын артык эмес акылы.
Бийлик бирди кылат экен көрдүңбү,
Кийлигишсе үй-бүлөсү, жакыны.

Журт козголду кеткенинде чыдамы,
А болбосо, окко каршы чыгабы.
Бийлигинин кумарына мас болгон,
Канкорлордун ушул болчу кылары.

Калкты атканга кантип дити барды экен,
Кыргыз эмне кырда кийик, мал бекен.
Бир үй-бүлөң бийик туруп барынан,
А жигиттер буту-колу шал бекен.

Талап коюп, көтөрүлүп куралсыз,
Барса ок менен каршы алдыңар, кунарсыз.
Сес көрсөтүп, багындырам дедиң го,
Кырганыңдан кыр көрсөтүп буларсыз.

Акаевден ашып түштү жоругуң,
Ак үй эмес экен сенин орунуң.
Элге-журтка душман болуп, жоо болуп,
Жай табылгыс жакта болду коругуң.

Байкагыла, кепиндин жок чөнтөгү,
Тоногондор топук кылбайт өлкөнү.
О дүйнөдө кур кол бойдон жатышат,
Кайта келип мында өсүшпөйт өркөнү.

Ала-Тоо аянт кызыл канга боёлду,
А балдардын тирүүдө эми жок орду.
А ким билген Бакиевдин огунан,
Жатар жери «Ата-Бейит» болорду.

Канчалардын канын суудай агыздың,
Көздүн жашын көкүрөккө тамыздың.
Ар бир кыргыз аза күтүп кан жутту,
Кайтпайт күчү каргыш менен намыздын.

Каргыш муңу карегиңе кадалсын,
Ар кимиси Алла атынан жаза алсын.
Элдин иши эми кетип илгери,
Бузукудан,булганычтан тазарсын.

Бакиевдин дарамети жок экен,
Таянганы курал-жарак, ок экен.
Элдин мүлкүн талап-тоноп алгандан,
Жан жай алып, бийлигине ток экен.

Кай бет менен тандың жазган колуңду,
Көрсөттүң го оңуң менен солуңду.
Кыргыз азыр каалап турат жийиркенип,
Жер үстүндө барың эмес, жогуңду.

Убактылуу Өкмөттү жек көрүп,
Тургандырсың өзүңдүкүн эп көрүп.
Мертиндирип коймок гана экенсиң,
Лидерлерди темир тордон өткөрүп.

Ой, оңбогур, оюң чыкпай оңунан,
Талпак болдуң таянычың жогунан.
Кайда болсоң кара жүзүң күл болсун,
Калың элдин каргышынын чогунан.

Кыргыздардын намысы үчүн жан берип,
Баатырлардын асыл жаны калды эрип.
Эл-жер гүлдөп, кыргыз бүтүн болсо экен,
Бирдик болуп, биз күткөндөй күн келип.

Сактагыла биримдигин кыргыздын,
Антпегенде бүтүндүгүн сынгыздың.
Баскынчылык токтобосо топурап,
Анда өзүңдү алааматка кыргыздың.

Акыл калчап, акыл-эске келгиле,
Бул бийликке убакытты бергиле.
«Сабыр түбү – сары алтын», - дейт элибиз,
Жамандыкты жакшылыкта жеңгиле.

Элдин мүлкүн талкалаба, кыйратпа,
Ал да сендей, алдан тайып ыйлатпа.
Опаа болбойт оңой тапкан буюмуң,
Өз жаныңа себеп болот кыйрашка.

Бүтүн болсок баары оңолот, жакшырат,
Бүгүнкүдөн эртең болот жашыраак.
Жаш балдардын төккөн каны тек кетпей,
Мындан ары бизди оң жакка бастырат.

Элге жумшап тапкан менен жыйганды,
Бек сактайлы ар-намысты, ыйманды.
Жакшы айтты го: «Чөнтөк жок, - деп, - кепинде», -
Үйрөнөлү кекиртекти тыйганды.

Укпагыла бузукулук кылганды,
Алар сүйөт бүлүнгөндү, сынганды.

Бирин-бири кыргыз кырса деп турат,
Көргөн жандар Бакиевден жыргалды.

Соттогула Бакиевди, Аскарды,
Камагыла алкы бузук пастарды.
Дал ушулар түпкө жетип отурат,
Ойрон кылып, окко учуруп жаштарды.

Кустургула талап, тоноп кеткенин,
Көздөр көрсүн бийлигиңер жеткенин.
Жер тоголок, кайда качып кутулат,
Билсек экен жандарынан кечкенин.

Ата-Журттан буйрубасын топурак,
Жер да аларды жерип турат чочулап.
Канаттуу да арам өлөр шумдардын,
Көрүстөнүн кокус калса чокулап.

Калк бүт билет кимдин кандай экенин,
Чама-чаркы канчаларга жетерин.
Эми адашса Эгем өзү жазалайт,
Же уйпалап, же жок кылат Мекенин..

Канча жаштар шейит кетти мүрт өлүп,
Андан бери күн да ачылбайт бүркөлүп.
Балдар жетим, жарлар жесир калышты,
Баштарына кара жоолук чүмкөнүп.

Ата-эненин ыйын көрүп боздогон,
Жан дүйнөңдө күйүп турат козголоң.
Тыптынч жашап, өмүр сүрөр өлкөгө,
Аты өчкүрлөр, салдыңар го боз бороон.

## БАР БЕЛЕ?

Журт башкарган, журт ишенген башчылар,
Дүйнө жыйып, эмне «атакты» таптыңар?
Кара калкты карайлатып, тентитип,
Каран калсын жылуу-жумшак тактыңар.

Тоодой күрөп, тойдуңар го тойгондой,
Сойчу жерин сойдуңар го сойгондой.
Атаңардын же акысы бар беле,
Кайран элди кансыратып койгондой?

## КАЙРАН ЭЛ

Ишеним калбай калды баарысынан,
Түңүлдүм жакынымдан, алысымдан.
Кээ бирде кечип кетким келет жандан,
Кайталап тирүү жүрөм намысымдан.

Бөрү көп кырдан кырга буластаган,
Насибин элден тоноп ырастаган.
Кордолбойт колго түшүп калса дагы
Жөлөк бар жөлөп-таяп кулатпаган.

Чегинен ашып кетти арамдыктын,
Сормосу соро албады жамандыктын.
Кайран эл камаарабайт, дале момун,
Чыга албай алкагынан адамдыктын.

## КӨНДҮРҮП

Билишти чоңдор жегенди,
Унутту эл-журт дегенди.
Талап да, тоноп отуруп,
Таштašты такыр ченемди.

Болушту түгөл сугалак,
Акчанын артын кубалап.
Билбейбиз шумпайлардын
Чуулары кай күн чубалат.

Атадан калган энчидей,
Өзүнө тартат энчилей.
Кайран эл жакырчылыктан,
Таптаза калды телчибей.

Баратат баарын бүлдүрүп,
Жарытпай калдык өндүрүп.
Кыргызды кыйнап бүтүрдүк
Кыңк эткис жакка көндүрүп.

## АМАН БОЛБОЙ

Замана буластаган түлкү болду,
Эл мүлкү кол жеткендин мүлкү болду.
Алды-артын аңдабаган байкуш кыргыз
Жулдуруп шыбагасын күлкү болду.

Заманаң аңтарылды, ала салды,
Жапжакшы жүрөгүңө жара салды.
Тың турган байлыгыңды тымызын жеп,
Көркоолор кайдан билдик талашарды.

Бул заман калды өңдөнөт заман болбой,
Апарзан нерсе тура жаман болмой.
Эгерде жашоо-тирлик оңолбосо,
Өчкөн оң бу дүйнөдөн аман болбой.

## АДАМ БОЙДОН

Алакчы өмүр, ууң арбын сууңдан,
Үшкүрүнтөт үмүт оту суунган.
Жамандыкта арбып барат, чиркин, ай!
Ала жиптен ажал издеп муунган.

Көтөрө албай көр тирликтин ыдышын,
Кыркып салды кыйналгандан ырысын.
Балким, бүгүн тирүү деле жүрүшмөк
Чабышса эгер «бөрүлөрдүн» кылычын.

Бирок булар бөрүлөрдөй өлбөдү,
Талабады, тонободу өзгөнү.
Карышкырча каргыш алып жашоодон
Өйдө өңдөнду адам бойдон өлгөнү.

## КАНТИП?

Кайда адамдар эл деп соккон жүрөгү,
Жокпу, болсо, атасаңар бирөөнү.
Мен жаңылып жаткандырмын, а балким,
Өз мойнума алып коюп күнөөнү?!

Башчылардын уга элекмин тазасын,
Жашырбайбыз элдин ыйын, ызасын.
Калк байлыгын тоноп кеткен чоңдордун
Көп өткөрбөй кудай берсин жазасын.

Жылан эле - бүт ажыдаар болушту,
Сызга гана отургузуп конушту.
Жик билгизбей алды, арт жагын тазалап,
Үйрөнүштү жылма жутуп коюшту.

Эч үндөбөй бирин-бири калкалап,
Бар нерсенин баарын жешти талкалап.
Азыр мына, жыргап-куунайт түгөлдөй
Үй салышып, үлпөт куруп чалкалап.

## КАПАБЫЗ

Улуу чыгат убаданын учуна,
Канат керек калкылдатып учууңа.
Алышпагын ал жетпеген бирөөгө,
Акыл калчап, тургучакты бутуңа.

Курчтугуңду сындырбагын болбоско,
Мезгил кыйын, көз да жетпейт болжошко.
Чындыгың да күйүп берет чыркырап,
Чырмашкандар бирин-бири колдошсо.

Баштан өттү далай-далай катаалдык,
Иштер болду тамга такап атарлык.
Күлүп-жайнап, ойноп гана жүрүшөт
Жорук жасап жанга гана батарлык.

Оңбогурлар ооз учунан сөгүшөт,
Далдаа жерде далы таптап өбүшөт.
Калкың эмне, кара аламан бир нерсе,
Жалган сөзгө жалпы ишене беришет.

Билбейм, кыргыз, качан көздү ачабыз,
Арбыйт улам катабыздан катабыз.
Өз душманын көрүп туруп коргогон
Сендей момун элге кэзде капабыз.

## ЖОГОЛБОЙ

Көргөндөн көп көрө элегибиз,
Көрөбүз өлө элегибиз.
Жай болуп калар бекенбиз
Жаңыга көнө элегибиз.

Бөрүлөр бүтүн бөлүштү,
Ырысын элдин төгүштү.
Казан, аш, оттун баары жок
Кармалап калдык чөмүчтү.

Темирин жеди темирдей,
Көмүрүн жутту көмүрдөй.
Өздөрүн эми көрүшөт
Жерде эмес көктө Теңирдей.

Баарысын түгөл талкалап,
Кичүүсүн чоңу калкалап.
Алыска салып акчасын
Айбыгып койбойт чалкалап.

Не болгон элдин кусуру,
Байыган байыйт утуру.
Кызматсыз калды бул күндө,
Кыйналып кыргыз тукуму.

Шордоду байкуш кыз, улан,
Өндүрүш такыр жогунан.
Ач көздөр өлсө өлүшөр,
Алланын гана огунан.

Чара жок каршы колдонор,
Кулкундан өткөн олжолор.
Кустуруп алар тың чыкса,
Кут түшкөн жакшы жол болор.

Калды окшойт заман оңолбой,
Не калды бизде тонолбой.
Жакшылык келер түрү жок
Жаңкылар түгөл жоголбой.

## КАРТ БӨРҮЛӨР

Кан калп айтса, кадырынын кеткени,
Карыз басса, ажалыңдын жеткени.
Малың, мүлкүң, машинаңды бөлүп жеп,
Чокой болду чоңдоруңдун беттери.

Чымырабайт, кызарбайт да, уялбайт,
Турмушуңдун кысылганын туя албайт.
Ашып-ташып турса дагы байлыгы
Эс токтотуп, элди көздөй кыя албайт.

Күлдү тартып көмөчүнө өзүнүн,
Ырысына таш ыргытат элинин.
Казынаны талап-тоноп билмексен
Кеберситип жалап турат эринин.

О, жегенге кандай мыкты машыккан,
Аа кеп эмес аларында кашык кан.
Жаш өлкөнү жакшы мүлжүп алышты,
Карт бөрүлөр качантадан дасыккан.

## СОРУП САЛГАН

Кудай, ай, журт баратат жабырланып,
Кыргыздык дале жашайт сабырланып.
Элдеги алдым-жуттум, талап-тоноо,
Тереңдеп тарап кетти тамырланып.

Тартип жок, ар ким иштейт билгендигин,
Таң калам көрүп туруп жүргөндүгүн.
Текейден арзан сатып элдин мүлкүн
Карасаң, жыргап карс-карс күлгөндүгүн.

Ачка элди арзан болот башкарууга,
Сөз менен алдап-соолап аткарууга.
Жигиттер жумушу жок арак ичип,
Аргасыз болуп калды бат карууга.

Тукумдун кандай болот келечеги,
Урпактар төлөйт биздин бересени.
Ач көздөр ажыдаардай соруп салган,
Ошолор көрө турган берекени.

## ОҢ ЖОЛГО

Өмүрүң бир күн тайгылып,
Жатасың жерди жай кылып.
Үй-бүлөң, тууган, досторуң
Топурак салат кайгырып.

Ушундай тура тирүүлүк,
Күн бүтсө кетчү сүрүлүп.
Карылык ылдам келатса,
Каласың жандан түңүлүп.

Ойлобой көп-көп өлүмдү,
Оорак тут болгон өмүрдү.
Азбы же көппү аралык
Асырап өткүн көңүлдү.



ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271498

Мансаптан мейлиң зор болбо,
Каниет кылгын болгонго.
Колуңдан келсе өзүңдү
Өкүнтпөй салгын оң жолго.

## КӨП ОЙЛОНТОТ

Ысык-Көл каадасындай жапжаш, көпкөк,
Түбүнө күндүзү Күн, түндө Ай чөкмөк.
Жел ойноп, шамал сүрүп албууттанып,
Жай албай, жай алып да өмүрү өтмөк.

Толкуну келе жатат үйөр болуп,
Өрт болуп, өжөрлөнүп күйөр болуп.
Анын мен бар сулуулук кудуретин
Сырт жактан, суук көздөн жүрөм коруп.

Көбөйгөн тыштан салган балыктары,
Жем болгон жергиликтүү карыптары.
Калганы качып жүрөт санаа тартып,
Эп экен байкуштардын арыктаары.

Ушундай алдууларга алсыздар жем,
Жашоодо бирдей болбойт бардыгы тең.
Кыргызым, көп ойлонтот келечегиң,
Өзүнчө эркин өлкө болгон менен.

## ДАЯР АЛАР

Боломун көп нерсеге Асан кайгы,
Өзүнчө журт болгондо кыргыз байбы!
Жалгыз ууч «жакшылары» жеп таштады
Арамдык санабаган кыргызбайды.

Короого эркин кирген карышкырдай,
Тыптыйпыл мүлжүп бүттү карыш жылбай.
Оңбойбуз, оңолбойбуз эгеримде
Аларды кеч да болсо алыс кылбай.

Элиңди ойлоп койгон жан адам жок,
Жыйгандар жылма күлүп жүрүшөт ток.
Көздөрү дале тойбойт, дале толбойт,
Санаасы бүт бузулуп кир менен кок.

Агарбайт, тазарбайт да көңүлдөрү
Алууга айланышкан өмүрлөрү.
Ошолор кыя алышпай кыйналышат
Байлыгын келген кезде өлүмдөрү.

Сатууга даяр алар элиңди да,
Бабадан калган барктуу жериңди да.
Тоо, суу, көл, айдап алган эгиниңди,
Казылган, казыла элек кениңди да....

## БӨЛҮНБӨГӨН

Жашоо бул –
Күрөшү жакшылыктын, жамандыктын,
Жашашы арамдыктын, адалдыктын.
Шылуундар жыргап-куунап каалагандай,
Мүңкүрөйт күч-кубаты адамдыктын.

Жашоо бул –
Кармашы чындык менен жалгандын,
Далбасы үмүт менен армандын.
Көбүнчө байманасы артып турат
Кошоматка, арамдыкка баргандын.

Жашоо бул –
Дос, кастардын кагылышы,
Баш ийип, бир-бирине багынышы.
Сүйүүгө жуурулушкан ашыктардын
Жогунда жомоктотуп сагынышы.

Жашоо бул-
Тирчиликте жетип, жетпөө,
Бар анда жакшы көрүү жана жектөө.

Өлбөстөй кара жанды карч урасың,
Баарында ашкан менен турат чектөө.

Өмүрдүн арты бүтөт өлүм менен,
Жанында ажал жүрөт көрүнбөгөн.
Мартабаң көктү челип турса дагы
Адам жок бул дүйнөдөн бөлүнбөгөн.

## ГҮЛЗАРДЫ

О, заман, ай, заман, ай!
Артты жандын амалы, ай!
Шайды оодарып таштады
Тартыштыктын шамалы, ай!

Байыгандар байыды,
Башы көктү тайыды.
Дал ошолор кетирип
Таштады го шайыңы.

Ичтерине муз катып,
Жүрөгүңдү муздатып.
Баары сүлүк курт болду,
Канды соруп сыздатып.

О, кудурет, алардан
Кутулуучу күн барбы?
Куу такырга айлантты
Күлүп турган гүлзарды.

## МЫНЧА НЕГЕ?!

О, шейиттер! Он алтынчы жылдагы,
Кыргын сага эмнелерди кылбады.
Куралы жок элди аткылап кийиктей
Канга боеп салбадыбы жылганы.

Карбаластап кайберендей качышкан,
Кургурларды кууп жүрүп атышкан.

Эстегенде кайран элдин убалын
Кан төгүлгөн жерди аяймын басыштан.

Бүтпөс кегим, ичте тоңгон музум бар,
Арманым бар, аты калган муңум бар.
Ойдон кеткис ошол апаат жорукту
Жүрөгүндө сактоо парыз муундар.

Ошол мүшкүл - бүтүн журттун мүшкүлү,
Аздык кылат ыйлоо дагы, үшкүрүү.
Бала канын, кары канын, калк канын
Улуу милдет - урпактарга жеткирүү.

Өч албайлы, бирок кекти сактайлы,
Бирибизди да бирибиз сатпайлы.
Алдыбызда кандай күндөр болору
Жалпыбызга жандырмаксыз жатпайбы.

Сак бололу, калыс жана кыраакы,
Көз арткан бар жакын дагы, ыраакы,
Барбалактап баеолонуп жүрбөгүн,
Бардыгына мезгил катаал сынаакы.

Бир ууч элбиз, бизге керек биримдик,
Дүйнө элине дүңгүрөдүк, билиндик.
Эгемендик ээн колго тийгенде,
Журт таланып, ойда жаман бүлүндүк.

Апаат окшоп он алтынчы жылдагы,
Эмне болду эссиздердин кылганы.
Эл мүлкүнөн эми дагы чыга элек,
Бүлүндүргөн «бүркүттөрдүн» тырмагы.

Башка тийбей, кыргыз жеди кыргызды,
Талап-тоноп белди катуу сынгызды.
Көрүп туруп көзү жетик каапырлар
Эки бутту жалгыз кончко сыйгызды.

Өзбек тууган колдогусун коротпой,
Тутуп калды бар байлыгын жоготпой.
Машинасын, самолетун чыгарып,
Өрчүп алды өзгөлөрдү тоготпой.

Быт-чыт кылды колхоз, совхоз дегенди,
Талкалашты, таза үйрөндү жегенди.
Суудан кургак чыгып кетти түгөлдөй
Чөктүрүшүп түшүп турган кемеңди.

Кыргында да мынча майып кылбаган,
Бөрүлөрдүн неси калды кылбаган.
Ошолорду какшап, ырдап турсаң да
Эмне жандар бир да көңүл бурбаган.

Карызга го белден бекем чөмүлдүк,
Бүт дүйнөгө жегич болуп көрүндүк.
Капчыктарын карк кылышты кайрандар,
Калк оокатын көрүп калды күнүмдүк.

Журт ырысын кыркып, кыркып салышты,
Арга канча, алышынча алышты.
Бирок алар булганышты эң жаман
Унутушуп кыргыз деген намысты.

«Алы жетпес - акыретчил» деген бар,
Алыс кетпес, алгандардын жолу тар.
Калктын зары, калктын каары тек эмес,
Тизгиндерин тике кагып коюшар.

Таң каласың жегендер бүт - күнөөсүз,
Карап туруп кайгырасыз, күлөсүз.
Биз оңолуп күн көрө албайт окшойбуз,
Тартип жактан Сталиндей бирөөсүз.

«Кой дээр кожо, ай дээр ажо» бар туруп,
Эмне мынча болуп алдык шалтурук.
Эл талабы акталбаса эгерим
Кетет анда баарыбызды ант уруп.

Кудай колдоп шамы кылып Ильичтин,
Чоң мурасы калып калды бир иштин.
Болбогондо каран түнгө кабылып,
Күнүн көрүп турмакпыз да бир иттин.

Мафияга качан күрөш башталат,
Бирин-бири колдоо качан ташталат?
Туткан багыт эгер туура болбосо,
Дал ушундай туңгуюкка капталат.

Жер дагы алсыз, арыктады бечара,
Айдалбаса, отоо басса не чара.
Техника тегиз талап жоголгон
Былыктардан быт-чыт чыгып ич ара.

Ок чыгарбай, кан чыгарбай кылычтан,
Малды тегиз майкан кылып кырышкан.
Биздин эле сабы жыгач балталар
Өз токоюн ажыратты ырыстан.

Сырттан күлүп, ичтен күйөт ажобуз,
Бой бербеген эң көп көпкөн азообуз.
Жалтаңдабай жазаларын бергенге
Мыйзам турса неге мынча карообуз?!

## ОЙЛОНУШПАЙТ

Кара сакал, ак топулуу чал бала,
Балбаалак шым, жондо чапан шөлбүрөк.
Шалпаң-шулпаң түк окшобойт жашка да,
Бойго жуубайт кийимдери, өлжүрөп.

Көргөнүңдө өз өңүнөн жүдөйсүң,
Молдобу же молдо сымал башкабы?
Балким, мендей сен да шекип жүрөрсүң,
Такыр башка жүргөн-турган, басканы.

Киши менен сүйлөшпөйт да, иши жок,
Кай жаккадыр шашып бара жаткансыйт.
Эл ичинде таасири да, күчү жок,
Кандайчадыр акылынан азгансыйт.

Мен буларга түк ишенбей караймын,
Эртеңиме эмнегедир абаймын.
Санаа-салты башка а бул ургандар,
Убалына калат чыгар далайдын.

Арадагы мите чыгар, ким билет,
Аны билсе, Алла Таала бир билет.
Сактанбасак, сак болбосок бир күнү,
Кырсыктарын мойнубузга илдирет.

Бишкек менен Ошто болгон жардыруу,
Астыртадан ажал отун жандыруу.
Түп тамырын таап, кыркып аларды
Өтө зарыл акыл-эстен тандыруу.

Качкан кандар карап турат каш кагып,
Бүлдүрчүлөр кирсе экен деп баш багып,
Каракчыдай казынаны тоношкон,
Кыргыздарды кырылса деп ач калып.

Кандар уурдап, качып-бозуп жоголду,
Жардыланып өлкө жаман тоноолду.
Ант беришип, мант беришкен жексурлар
Ойлонушпайт тукум курут болорду.

## БИР БОЛОЛУ

Ак топу, шөлбүр чапан, сакал койгон,
Билбейсиң ким экенин а бул ойрон.
Кыргызды дал ушулар бузуп тынат,
Ишенбе жүрөт го деп момун бойдон.

Көбөйдү тили буруу каптаганы,
Келген жок алар бизди жактаганы.

Шектентет өздөрүнчө күлүп сүйлөп,
Сыртынан сыпааланып мактаганы.

Ким билет, хизбутубу, кришнабы,
Астыртан келишкендир урушканы.
Негедир ишенимге кирбей турат,
Айланып жамандыктын булуттары.

Кыраакы болуу керек чет элдерге,
Эмнелер чыгып жатпайт чет элдерде.
Сактанып иш кылбасак бул заманда,
Жеткирип коюш арзан жетер жерге.

Ким кепил бомба коюп жарбасына,
Ыпылас жаман ишке барбасына.
Өлкөдө катуу тартип болуу керек,
Шектүүнүн мүнөт мында турбасына.

Жүрүшөт канчалары кутураган,
Кыргызды теңине албай кычыраган.
Келгиндер каптай берсе түбү барып,
Көрөбүз шумдуктарды бычыраган.

«Жалпы үй» деп эшиктерди ачып салдык,
Андан биз кандай пайда таап алдык?
Кокустан бир балээси чыгып кетсе,
Карайлап, карбаластап каран калдык.

Жан четтен уруксатсыз жолобосун,
А бизге көрсөтпөсүн зоболосун.
Жайма-жай жүргөндөрдөн арылткыла,
Бир кырсык башыбызды торобосун.

Аз элбиз, ким болобуз коргонбосок,
Аягы азап болот ойлонбосок.
Илгерки камаарабас заман бүткөн,
Кыргызым, кырылабыз ойгонбосок.

Биздин жер келгиндерге ээн болуп,
Баратат чет элдиктен жээн толуп.
Азыртан арылбасак арман болор,
Сиңирип, улуу калктар кетет соруп.

Кыргызды кыргыз тоноп кыйын чыгат,
Белгилүү, жеген жерден тыйын чыгат.
Адамдар, Алла дагы көрүп турат,
Арам мүлк жыйнагандар кыйын сынат.

Күй, кыргыз, келечекки тагдырыңа,
Көз чаптыр көрүнбөгөн ой-кырыңа.
Ишенбе, шылуун калат шылуун бойдон,
Жараткан карышкырды кой кырууга.

Кыргыздар туралбаса бүтүн болуп,
Турган иш болорлугу күкүм болуп.
Эл үчүн жанды берип күн көрөлү,
Эл бизден эч аянбайт күчүн толук.

Эл-журтту эмне болдук тоногондон,
Калдык го итке минип корогондон.
Кол сынсын, чөнтөк күйсүн, мансаптуулар,
Ар күтүп, алыс болгун сологондон.

Жетишет баарыңардын байлыгыңар,
Укумга, тукумуңа бардыгы бар.
Токтотуп, эми эл-журтту ойлогула,
Болбосо, башка тиер тардыгыңар.

Бу биздин жерибиздей жер болобу,
Дүйнөдө элибиздей эл болобу.
Колунда мүмкүндүктүн баары туруп,
Мүңкүрөп, мүлжүгөнгө жем болобу?

Кыргыз деп иштегиле башты сайып,
Дүйнөгө азгырылбай жаза тайып.
Коңшулар өсүп жатса өргө карай,
Кул болуп, тентигениң болот айып.

Келели намысыбыз - арыбызга,
Бул суроо тиешелүү баарыбызга.
Ойдо жок эркиндиктин атып таңы,
Жаркырап жанып турат багыбызга.

Шыбага, конгон бакыт башыбызга,
Куланар учур өргө ташыбыз да.
Кыргыздын ынтымагы бузулганы -
Кубаныч, жыргал, күлкү касыбызга.

Кимде ким жашабаса ыйман менен,
Эл-журттан колун үзөт жыйган менен.
Айт, айтпа бөрү кылат бөрүлүгүн,
Кай майнап чыкмак эле тыйган менен.

Сактайлы башка келген кутубузду,
Токтотуп талап-тоноо, жутуубузду.
Учуруп албас үчүн бир бололу
Колдогу конуп турган кушубузду.

## ЭҢШЕРИЛЕТ

Ыйман! Ыйман! Айрылбайлы ыймандан,
Шылуун турат мыйзам гана тыйгандан.
Эмне болду ач көздүктүн акыры
Элди тоноп, алтын, мүлкүн жыйгандан!?

Эл - кыраакакы, эл - көрөгөч, эл - улук,
Ата-баба канын төккөн жер - ыйык.
Алла Таала марттык кылып берген соң,
Байлык болуп жатат канча кен уюп.

Аны кандай алдаттык да, тоноттук,
Көз көрүнөө көз боочудай жоготтук.
Кайран Кумтөр кылымдардан кылымга
Айтылуучу сөз болду го жомоктук.

Кужүлдөтүп казып жатат ашынып,
Максатынан алда канча ашырып.
Канчаларын алып кетип жатышат
Билүү кыйын амалданып жашырып.

Баео кыргыз байкабайбыз алдатып,
Козголбойбуз калса деле жар басып.
Амалкөйлөр алдын-ала бычышып,
Башчыларды байытышат жармашып.

Келгиндер не, солоп алып алтынды,
Тыйынчалык көрүп койбойт калкыңды.
Калса калат, калбаса жок элиңе,
Болор-болбос кум чайкаган саркынды.

Тоолор - каткан кен байлыгы жериңдин,
Шыбагасы, ырыскысы элиңдин.
Укканыңда кандай короп жатканын
Бир капшыты эңшерилет дениңдин.

## ОЙЛОНГУЛА, ОЙГОНГУЛА

Бул иш барып жетеби дейм түбүнө,
Ар сектага ооп алышты түрүлө.
Баптист топтун көбү биздин улуттар,
Жака кармап карап турам түңүлө.

Эмки кыргыз кыргыз болду башкача,
Жакшы болмок ата салтын сактаса.
Ооп кете берет экен жаштарың
Акча берип, азгырылтып мактаса.

Түбү бузук, дарты башка шумдардын,
Оюнундай көрбөгүлө кумардын.
Ушуларда учуктары эмеспи,
Чыгып жаткан азыркы ызы-чуулардын.

Алар келген арабызды бөлгөнү,
Аста-секин алдап-соолап көргөнү.

Куу капырлар куйтуланып тим эле,
Сөзгө эритип, тартып турат төлгөнү.

Алданышат, акча кимди азгырбайт,
Берилген соң бекер жакка жазгырбайт.
Акыл-эсти такыр буруп башкага,
Астыртадан жамандыгын аз кылбайт.

Тартып алат такыр бөлөк дүйнөгө,
Айтса укмуш - айда чечен сүйлөөгө.
Туткунуна туура түшүп алган соң,
Аргасы жок ал тарапты сүйбөөгө.

Анан алар «брат» болуп калышат,
Жакындарын кошо тартып алышат.
Китеп алып, үгүттөрүн таратып,
Жанын сабап, үй-үйлөргө барышат.

Булар - бомба, бизге койгон тымызын,
Жарылганда анан көргүн кызыгын.
Акыл-эсин алдаш үчүн жүрүшөт
Токтоло элек уул менен кызыңын.

Сырты сыпаа, арамдыгы ичинде,
Эң боорукер сыяктанат ишинде.
Чычкан болуп кетип калуу опоңой,
Амалы күч түлкүлөрдү тишинде.

Ар айылда мечиттер бар келишкен,
Алла үйү деп бекер салып беришкен.
Алардын да аракети толтура
Мектептерде окутканды жеришкен.

Көрүнгөнү тартып өзү тарапка,
Бул күндөрү бүлгүн түштү заматта.
Так ушундай тири укмуштар чыкчу эле,
Бир жамандык болорунда адатта.

Бут жайма-жай, баары калган тескелбей,
Кооптонуу кантип болбойт текшербей.
Буга маани бербегенде иш чатак
Биздеги илдет - акыл-эске кеч келмей.

Динден чыккан кан төгүлгөн согуштар,
Өрткө айланган канча калктуу конуштар.
Бүгүн такыр башкалардан башкача
Көз ирмемде күм-жам кылчу жоруктар.

Набыт болот канча жандар бейкүнөө,
Террор ишин телелерден көргүлө.
Коопсуздук комитети бул ишке,
Эмитеден эрте көңүл бөлгүлө.

Ойлонгула, кам көргүлө, өкүмөт,
Кечиккендер оозун кармап өкүнөт.
Капысынан кара жалын каптаса,
Билбейм аны кандай күчтөр өчүрөт.

## ТАРТКАНЫБЫЗ ТАРТКАН

Далы жайдак, ачык балтыр, киндиги,
Бул жорук да акыр жылып кирдиби?!
Эмне болуп бара жатат, капырай,
Кыргыздардын кымбат салты, тирлиги.

Ачык соода, тартынышпайт сатыштан,
Түркүн суроо - эт жүрөгүң ачышкан...
Жүрүм-турум бүт булганып жатпайбы,
Балаалардын баары келип Батыштан.

Көрсөтүлбөйт эмне гана теледен,
Ата-эне жок ага кайгы жебеген.
Ушуларга бир кыңк этип койбогон,
Эл башылар кандай жандар не деген?

Жаман жолдо көбү кыргыз жаштары,
Жакшысынан арбын жаман жактары.

Кандай кетип, кандай болуп жуулат,
Жүрөгүндө калган кара тактары!?

Ырас ага турмуш дагы себепкер,
Жаштар тербип жайдак калды элеттер.
Адам түгүл кароосу жок ач калса,
Кайрым кылып кандай түшүм берет жер?

Жашоо, тирлик кыйнап барат тереңдеп,
Барлар байып, келечегин белендеп.
Жогу кантсин, жондорунан таш өтөт,
Эртеңинде кандай күндү көрөм деп.

Очорултту он беш жылы ондурбай,
Бакыт кушун жергебизге кондурбай.
Соруп мүлктү уурдап-тоноп жоголду
Жашаш үчүн керт баштарын кор кылбай.

Дале турбуз үзүп койбой үмүттү,
Көрүп улам бүлүктөрдөн бүлүктү.
Элибизден бир Сталин чыкпаса,
Тартканыбыз тарткан окшойт күйүттү.

## БАБАЛАР БАСКАН ИЗ МЕНЕН

Өтөбүз биз да өмүрдөн,
Чыгабыз түбү көңүлдөн.
Тирүүлүк деле арзыгыс,
Тамчы экен мөлт деп төгүлгөн.

Ай, Күн, Жер калат артында,
Болобуз жазмыш шартында.
Жарытпас өмүр сүрсөң да,
Жакшы атың калат калкыңда.

Асманга колду сермейбиз,
Толсо да топук бербейбиз.
Көз жумсак бүтөт баарысы,
Кайрылып кайра келбейбиз.

Жашоону такыр кыйбайбыз,
Аларда жерге сыйбайбыз.
Экинчи келбес болгон соң,
Мүлккө не жанды кыйнайбыз?

Жагымсыз адат тономой,
Ач көздүк артып соломой.
Азыркы адам калды окшойт
Адалдык ишке жолобой.

Напсибиз жаман булганды,
Үйрөндүк алган-жулганды.
Эстебей деле калдык го,
Эл-журтка кызмат кылганды.

Сыйлашып жылуу сөз менен,
Мансапка жетип издеген,
Барк-баабыз менен кетсек ээ,
Бабалар баскан из менен.

## УШУЛ ОЙРОН

Чоңдордун намаз окуп этегине,
Буйлалуу төө болдуң го жетегинде.
«Дежур чал» деген жаман атка конуп,
Бузулдуң о дүйнөгө кетеринде.

Туурайсың эмнени айтса тоту куштай,
Антпесең калат беле кушуң учпай?
Карыга жарашыктуу калыс сөздү,
Таптакыр караманча калдык укпай.

Сүйлөсөң сөзүң - сылык, ичиң - былык,
Кыялың кыялда жок - чапчаң кылык.
Теңирге наараазы да болом кээде,
Бу сени жаратканга кыргыз кылып.

Элең го мурда Осмонбек Ойрон болдуң,
Жек көрчү өтө жаман атка кондуң.
Айрылып жыйып-терген барк-баандан
Каргышын алып калдың оңду-солдун...

Сен эми өлмөк болдуң ушул бойдон,
Чал чыктың кошоматтын кышын койгон.
«Ашууда ат алмашпайт» деген сөздүн
Автору, анабашы ушул Ойрон.

## ЖАРДАН УЧАТ ОКШОЙБУЗ

Бири кетти казакка,
Бири кетти оруска.
Токтолбосо бул жорук,
Ким ээ болот конушка!?

Акайы да бийледи,
Такайы да бийледи.
Капчыктарын толтуруп,
Кара журтту ийледи.

Өсүп жатат өскөндөр,
Чөгүп жатат чөккөндөр.
Үрпөйүшөт чочулап,
Үмүт оту өчкөндөр.

Тоногондор тоноду,
Топук кылуу болобу?
Жаман үйдү башынан
Билет тура коногу.

Орусу да ойрондоп,
Басып кетти тойрондоп.
Эл мүдөөсү дегенди
Уруп дагы койгон жок.

Журтту малып карызга,
Качып кетти алыска.

Кылгандары булардын
Кыйын тийди намыска.

Баасы асмандап баарынын,
Жасалмасы, ай, дарынын.
Жеңил болуп баратат
Бери жагынан арынын.

Бийлеп калса канайым,
Дит бузулат - алайын.
Коррупция дегендин
Ошол берет сазайын.

Анын тийип жабыры,
Кандын кетет кадыры.
Кузгундаган жаранын,
Толсо турбайт сабыры.

Жадап бүттүк баарынан,
Кандай сыйкыр даарыган!
Кутулалбай калдык го,
Кудуреттин каарынан.

Көптөр кетти чет элге,
Каада-салтсыз бекерге.
Так ушундай иш болот
Таалай куну кетерде.

Жаштар ишсиз илмийип,
Тачка сүйрөйт кирбийип.
Басса-турса басынат
Кийимдерин кир кийип.

Башка динде далайы,
Чыкса куруйт сазайы.
Аты кыргыз, а бирок
Башка жердин малайы.

Тезек кайда жагарга,
Тал кыябыз жан арга.
Тоо, токойду тонойбуз
Токол кылып саларга.

Эч оңолбойт окшойбуз,
Ыза кайнап чоктойбуз.
Жамандыктын артынан
Жардан учат окшойбуз.

## КАЛАР ЭКЕН КИМ АМАН!?

Адамды адам ойлобойт,
Арманы найза бойлобойт.
Бөрүлөр менен түлкүлөр
Мындайда кантип жойлобойт!

Ант берип нени дешпеди,
Эмнени гана жешпеди!
Айтканы жыргал бир башка,
Кылганы такыр тескери.

Алтынын сорду алтындай,
Айбыкпай дагы, тартынбай.
Боз койдон момун, кургур, ай,
Калк жок го кыргыз калкындай.

Бийликтер катуу бийледи,
Пайдасы журтка тийбеди.
Оозу менен жыргатып,
Оңолтуп кана ийгени?

Жарыбай калдык, жарыбай,
Жеп - жуткандардын баары бай.
Табынып жатат чет элге,
Бал ташып жүргөн аарыдай.

Жоголду суусу суу бойдон,
Чуулары чубайт чуу бойдон.

Толтура тоноп алышып,
«Качкындар» чыкты зуу койгон.

Коммунисттик коомдо,
Бардар болуп оңолдук.
Эгемендик алганда,
Бөрүлөргө тонолдук.

Кыргыздын жетип түбүнө,
Акыры булар талкалайт.
Тентимиш болгон бул элди
Теңирим кантип калкалайт?

Эл тентиген жеринен,
Эмне болгон бул заман?
Катуу тартип болбосо,
Калар экен ким аман?

## КЫРГЫЗБАЙЫМ

Зоолордун уккан кезде жаңырыгын,
Жан кейип, түтөп кетет каңырыгым.
Адамдар жаман жорук жасап барат,
Тоолордун токол кылып оюн, кырын.

Жырткычтай жыгып жатат карагайды,
Эртеңки муун кантет, карабайбы.
Бир гана бүгүнкүнүн талабы деп,
Балдардын ырыскысын араалайбы?

Араалар азыр албуут түшөт таарып,
Кыйгандар чоң олжого калат марып.
Азабын тартабыз го мунун дагы,
Зар болуп тамызгыга барып-барып.

Кыргыздар кыйратканга өтө машпыз,
Коргоого коолдукту кара ташпыз.
«Эртеңки куйругуңдан бүгүнкү өпкө», -
Дейбиз да «бөрүлөргө» аралашпыз.

Ушундай табигатка боору ташпыз,
Даярга дардалактап катуу маспыз.
Абайлап андап көрсөң, кыргызбайым,
Тоноодон кимге дос да, кимге каспыз!?

## НЕ КИРИШЕТ?

Антын бузган ажону
Соттош керек эле да.
Ал кетирген каталык
Токтош керек эле да.

Андай болбой а кайра,
Алдым-жуттум күчөдү.
Каны баштап киришсе,
Казынасы түтөбү!?

Мамлекет ишине,
Не киришет үй-бүлө?
Тегин жерден кеп чыкпайт,
Тизгин тарта жүргүлө.

## ТАРТЫЛМАЙЫН

Тышта кыш. Ызгаар, суук кырчылдаган,
Бак-дарак жыпжылаңач кылчылдаган.
Тоолорду аппак шейшеп чүмкөп жатат,
Тешилип эч бир жери жыртылбаган.

Кайберен кандай күндө болушту экен,
Эмне жеп, азыктанып тоюшту экен?
Бүт баары калың карда калып жатса,
Жандарын кантип, кандай корушту экен?

Душман көп: илбирс, бөрү, кузгун, жору,
Кабылса, кабылчуга катат шору.
Пааналап, бири-биринен ажырашпайт,
Үрксө да үйрүн бузбай, жүрөт чогуу.

Кайберен - Ала-Тоонун коздугу,
Атканга эч кеп эмес боздугу.
Аны да тукум курут кылабыз го.
Насиптин тартылмайын оздугу!

## БАРЫШПАЙТ

Кош сагызган шакылыктап тынбады,
Билбейм, айтор, кимди ушактап сындады.
Дал ушулар окшогондор бизде да,
Үнү өчкүрлөр же бир жаагы сынбады.

Оңбогурлар жоктон барды жамаган,
Жаны түтөп жамандыкты самаган.
Мындай пастык жумуштарга барышпайт,
Ары жагында акыл-эси бар адам!

## ЧЫКСА ЭГЕР

Сакалчандар санга бөлөт санаамды,
Ыраа көрбөйм басканына калаамды.
Эмнегедир шек санаймын булардан
Учур келсе, бир тополоң саларды.

Такыр башка баскандары, турганы,
Жийиркендирет юбка, чапан, шымдары.
Сакалдууга салам да жок, алик жок,
Биле албайсың кайсы өлкөнүн шумдары.

Түшүнбөйсүң ичи кандай булардын,
Сыры эмине мойнундагы тумардын.
Фанатиктер болуп кокус жүрбөсүн,
Ишенчине батып алган кумардын.

Сак карайлы, сактаналы чет элден,
Алар бизге келип жатпайт бекерден.
Капысынан бир коогалаң чыкса эгер,
Как ошолор кайыш алат чекенден.

## ЖӨНҮКПӨЙБҮЗ

Иштебейт мыйзамыбыз,
Жоголду ыйманыбыз.
Аралаш, арам, адал,
Алдастап жыйганыбыз.

Чындыкка чыгалбайбыз,
Жалганды жыгалбайбыз.
Үмүттү үзбөй, бирок
Максатты куру алдайбыз.

Сөз менен кырандайбыз,
Соо туруп ылаңдайбыз.
Жегичтер илдетинен
Илгери жылалбайбыз.

Кыңк этпес көлүктөйбүз,
Кыйкырса - өлүктөйбүз.
О дүйнө кеткичекти
Ошентип жөнүкпөйбүз.

## САКТАНГЫН

Эмне болбойт а бу биздин жалганда,
Чөгө бербе шагың сынып калганга.
Кичинекей мансаптагы сен эмес,
Тагын таштап качып берген кандар да.

Курч кыялың далайларга жакпады,
Арзан эмес адамга адам жакмагы.
Ушундайда ачык чыгат көрүнөт
Дос, каршынын жаман, жакшы жактары.

Зыян кылды жылкы мүнөз кыялың,
Алар тапты алар кездин кыябын.
Секин гана түртүп койду көчөгө,
Аңдабадың акыр көптүн жыгарын.

Аралашып эмне таптың мансаптан,
Сен жан элең алыс турар ал саптан.
Көп көшөрө бербегиниң, сактангын,
Ок жаңылып калса жаман түз аткан.

## КӨРӨСҮҢ

Жакында май көл, сүт көл заман болот, -
Деп ойлоп жүрүүчү элек кезегинде.
Чынында арзанчылык укмуш болгон
Коммунист көсөмдөрдүн жетегинде.

Коммунизм эртең эле болуучудай,
Бардыгы бүт шайма-шай толуучудай.
Ишенгенбиз ал заман алыс эмес,
Сунса жетер жапжакын кол учундай.

Бир мезгил болуп өттү көргөн билет,
Жомок деп ишенишпей, жаштар күлөт.
Эл үчүн жанын берген кыраандарды,
Эскерип койбойбуз го жарым мүнөт.

Өткөнгө өчтүк кылып түкүргөн бар,
Беделин атайылап түшүргөн бар.
Ырысы, ынтымакка калыс болуп,
Оң, солун оңдуу, таза түшүнгөн бар.

Андагы өсүштөрдү тана албайбыз,
Жакшысы жанып турса жаба албайбыз.
Туурасын туура десең, кай бирине
Апыртып жаткан өңдүү жага албайбыз.

Дарылоо, окуу дагы бекер эле,
Тамак-аш тартыш эмес, жетер эле.
Ой-ой-ой, бензин деген суудан арзан,
Кээ шофер ойго төгүп кетер эле.

Доор да алмашыла берет экен,
Ордуна да башкасы келет экен.
Кай заман болсо дагы жашоо - күрөш,
Күчтүүсү күчсүздөрүн жеңет экен.

Жашайсың заман менен заман болуп,
Же мыкты, же мажүрөө, жаман болуп.
Жакшысы, жаманына күбө жаның,
Көрөсүң көз көргөн соң аман болуп.

## БЕЛГИСИБИ

Асыл жерди ардактоону унуттук,
Сыртын булгап, ичин соруп куруттук.
Зээниң кейийт - калбай барат бу күндө,
Табияттын өзүндөгү тунуктук.

Жердин жүзү чылк чулганды түтүнгө,
Доо кетирген байланышкан бүтүнгө.
Адамзаты жеп тынат го жерди деп,
Эмнегедир келем ушул бүтүмгө.

Асман дагы калбыр болуп тешилди,
Түндүк уюл музу эриди, эзилди.
Калаа, шаар кантип көрөр экенбиз,
Суу астында чөгүп калган кезинди.

Өрт жалындап күйүп жатса жер үстү,
Денең күйүп жаткансыйсың чочулап.
Жакшылыктын жышааны эмес бул жумуш,
Жамандыктын жалындаган оту урат.

Адамзаттын ашкан менен акылы,
Акыр заман болот окшойт акыры.
Жер силкинүү, мухит ташкын, кыйроолор,
Белгисиби жамандыктын жакыны...

## КАРМАНАСЫҢ ООЗУҢДУ

Кытай тартса кыргыздарды бооруна,
Баргансыймын Күлтегиндин дооруна.
Ал эскерткен: «Тили таттуу, дили ачуу,
Тушугасың турмушуңдун ооруна.

Жакындасаң, жай болосуң акыры,
Алыстарды болжоп турат акылы.
Сак бол, - деген, - түрк атанын балдары,
Азгырылтат буюмунун асылы»...

Өттү, кетти ал адамдар, ал заман,
Эрегишүү элге зобун эң жаман.
Башкасын кой, Манас ата тушунда
Кыргын, бүлгүн канчаларды жалмаган.

Кытай улуу, күч-кубаттуу ченемсиз,
Мухитти мен элестетпейм тереңсиз.
Эртеңинди ойлобосоң, кыргызбай,
Анда такыр сокур, дүлөй - кереңсиз.

Кытай, кыргыз темир жолун ойлонуп,
Санааркаймын өйдө-төмөн ой жоруп.
Элестетем, түшүмдө да көрөмүн,
Жол тийбеген кытайлардан ойгонуп.

Соода кылып жүрөт мында кыжылдап,
Түшүнүксүз тилде сүйлөп ызылдап.
Кыргыз кызын колтугуна кыстарып,
Тигил четте кытай турат кыңылдап.

Кытай кайсы, кыргыз кайда билбейсиң,
Анан туруп темир жолду тилдейсиң.
Чалкып жаткан чоң деңизге чулп этип,
О, кыргызым, тамчы менен бирдейсиң.

Каптай берет соода менен келчүлөр,
Айлаң куруйт, амал калбайт телчигер.

Акырындап сел каптаган немедей,
Сандап кетет сазайыңды берчүлөр.

Кыргыз таппай, дал ошондо куруйсуң,
Кайыгасың, карышкырдай улуйсуң.
Кутуң качып, кунары жок күн көрүп,
Кубанбайсың, куйрук-жалдан мулуйсуң.

Жат ичинде өткөрөсүң күнүңдү,
Сооп да жок, солутасың гүлүңдү.
Эл эл болбой калат го деп санааркайм,
О, кыргызым, көрүп туруп түрүңдү.

Самсып кетет өзгө тилдүү жээндер,
Таман тартым калбай калат ээн жер.
Башка боло калыш оңой кыргызга,
Четтен чыгат курт-кумурска жегендер.

Так ошондо жоготосуң тилиңди,
Ойлонбойсуң улутуңду, кимиңди.
Ак калпакты алып таштап башыңдан,
Кийип калмай кытайчалап кийимди.

О, ошондо орус учат көзүңдөн,
Биргелиги дале кетпейт көңүлдөн.
Бир ууч кыргыз бизди тим кой, орус да,
Тоодой кумга топчу өңдөнөт көмүлгөн.

Кубаттабайм темир жолдун келишин,
Көрүүчүлөр көрөт дечи жемишин.
Азырынча эңсеп, дегдеп жатабыз,
Орнотчудай байкерчилик бейишин.

Жылып келип, жылма гана жай алат,
Эки өлкөнүн мыйзамына таянат.
Кездемеси, пулу кирсе, ээсин
Келбегин деп кантип, кандай тыя алат.

Оң жагы да, терс жагы бар темир жол,
Кытайлардын киришине кеңир жол.
Алар кирип аралашса, иш бүттү,
Ал да келбейт, мейлиң кудай-теңир бол.

Күндөп-түндөп каттамдары арылбайт,
Кантип кытай жергебизге агылбайт.
А бул жактан орун-очок алган соң,
Өлсө чыкпайт, мыйзамыңа багынбайт.

Окшош келет кытай, кыргыз өңдөрү,
Башка болуп турган менен жөндөрү.
Кытайлашуу кыйын эмес кыргызга,
Тартып жаткан жерим жок го төлгөнү.

Коңшу менен керек, ырас, ынтымак,
Араздыктан эрте-кечпи чыр чыгат.
Жалган сүйлөп, жаман айтып турганда,
Журт бузулуп, жумурткадан кыр чыгат.

Биз - майдабыз, кытай - улуу, солк этпейт,
Күйүп-бышсак көңүлөбөйт, былк этпейт.
Чоң коркунуч босогодо турганда,
Анан кантип эт жүрөгүм зырп этпейт.

Ансыз дагы кыргыз кетип Мекенден,
Журт бөксөрүп, орун табат чет элден.
Ата мекен ээн калып баратса,
Күйүп-бышып жатканым жок бекерден.

Бул коркунуч тынчтык менен коштолот,
Бөлөктөргө бөгөтүбүз бош болот.
Акыр түбү айтты-койду дебегин,
Кыргыз тилиң кыргыз менен кош болот.

Кимдигиңди өзүң билбей каласың,
Башкача өсөт чырпыгың да, балатың.
Анан барып кармнасың оозуңду,
Кагуусунан калганыңда канатың.

## КИЙИН АЙТАМ КАЛГАНЫН

Улутуңду сүйбөсөң,
Башка улутка көчүп ал.
Улутуңдан өчүп ал,
Дал ушундай иш кылат,
Улутуна өчү бар.

Ак калпагын кийбей кой,
Адамдарын сүйбөй кой.
Суугуна тоңбо да,
Ысыгына күйбөй кой.
Башка жактын очогун,
Бажылдатып үйлөй кой.

Өз тилиңди жайлагын,
Өзгө тилде сайрагын.
Өз жериңдин а бирок,
Жей бер балын, каймагын.
Көтөрүмүш болуп кой,
Кыргызыңдын байрагын.

Окубагын Манасын,
Оозуңа алба Таласын.
Сактай көрбө дегеле,
Кыргыздын салт-санаасын.
Бооруңа тартпагын,
Бир да кыргыз баласын.

Өлүгүнө барбагын,
Сыйлабагын арбагын.
Мүлжүй берип байлыгын,
Келишинче дарманың.
О, ошондо жашоодо
Болбойт такыр арманың,
Кийин айтам калганын...

## БИЛБЕЙМИН

Тентиди кыргыз, тентиди,
Кудайдын ушул эркиби!
Ойлосом күйүп кетемин,
Эгемендиктен беркини.

Байлык бар туруп, жок болду,
Жулунгандын карды ток болду.
Алдым-жуттум көбөйүп,
Алга өсүү деген жок болду.

Жерибиз бардык кенге бай,
Ташкындап аккан суута бай.
Бапырап жашай турганбыз,
Башкадан сурап куурабай.

Орундан такыр жылбайбыз,
Сыртынан көрсө тыңдайбыз.
Кымбаттагандан кымбаттык,
Билбеймин качан жыргайбыз!?

## ОЙЛОНБОЙБУЗ

Кеткен кыргыз келер бекен, келбейби,
Же жок болуп кыргыз болуп бербейби.
Тили, эли башка жакка айланып,
Көз жумганы чоочун жерди жердейби!?

Тукумдары тууган тутуп жат элди,
Ээрчип кетет көңүлдөрү шат элди.
Кайран кыргыз, азайгандан азайып,
Азабыңды тарта берип жат энди.

Кыйып кетүү кандай азап Мекенди,
Кыйындары көздөп калды чет элди.
Ойлонбойбуз, камараабай жатабыз,
А бул жорук анык түпкө жетерди.

## КИМГЕ АЙТАСЫҢ?

Кабырганы кайыштырат кыздардын
Кеткендиги чет элге.
Жыргагандан чыкканы жок алардын
Кызыккандан бекерге.

Кыргыздардын жигити бош иштебей
Аргасыз аял аларга.
Андай кезде кыздары эмне кылчу эле,
Керек жашоо жан арга.

Кыздар кетти туш-тушуна дүйнөнүн
Жаман жорук, дүйнө күн!
Баары барып тартыштыкка жараша,
Ким жашырат күйгөнүн.

Кетти агылып тукум улаар тыңдары,
Башка да өмүр жыргалы.
Бул шумдукка чоң себепкер бир гана
Тартыштыктын кылганы.

Кытайдан да жээн күтө баштадык,
Кереги жок актанып.
Кеч болгондо түшүнөбүз өкүнүп,
Кимге айтасың датtанып!?

## ТИРҮҮЛӨЙ ГАНА ӨЛДҮҢӨР

Үзөңгү-Кууш, Каркыра,
Жеримдин ыйык куту эле.
Кыргыздын жерин саткыдай,
Балдарын кырып аткыдай,
Канкорлор кай жактан келген жут эле!?

Үмүтүн элдин актабай,
Соруштy канын кактабай.
Үй-бүлө баарын тоноду,

Өздөрүн коюп жогору,
Булардын айтылып бүтпөйт жомогу.

Кан, жердин урду кусуру,
Эл-журттан тышта калдыңар.
Опаасы болбойт пулуңдун,
Арты ушул болот зулумдун,
Эл-журттун каргышын катуу алдыңар.

Каракчы, ууру, бөрүлөр,
Батырбас болсун көрүңөр.
Кепиндин болбойт чөнтөгү,
Кейишке салып өлкөнү,
Дүйнөгө дүң болду аты-жөнүңөр.

Экиге элди бөлдүңөр,
Жеп-жутуп, отоп көндүңөр.
Жол издеп сыгып өндүрөр,
Күнүңөр болбой жөн жүрөр,
Акыры тирүүлөй бойдон өлдүңөр.

Бабалар баскан кайран жер,
Батынып кантип бердиңер?
Жерибиз эле кечеги,
Казак менен кытайга,
Кайран жер кайрылгыс кеттиң, кош эми!?

## УЛУТ КЕНЧИ

Улуу адамдар улуумун деп бөлүнбөйт,
Бой көтөрбөйт, көсөмсүнүп көрүнбөйт.
Жөпжөнөкөй катардагы бир киши,
Сабыр күтөт, ачууланып төгүлбөйт.

Айланышат адам менен адамча.,
Тил табышат жаман менен жаманча.
Уят кылбайт өзүн дагы, өзгөнү,
Кантмек анан улуулукка жаралса.

А биз билбей, улууну улуу дебейбиз,
Сыйлабайбыз, улуу камын жебейбиз.
Алар үчүн урмат-сыйга калганда,
Айт,айтпагын акыл жактан кедейбиз.

Өзүбүздү өйдө көрүп алардан,
Оюбуз жок канча төмөн калардан.
Улуулардын улут кенчи экенин,
Эшиткибиз эмне келбейт кабардан!?

## КАПТАДЫ

Өз сөзүңдү сүйлөгүн,
Өз отуңду үйлөгүн.
Жаза басып а бирок,
Жалын-отко күйбөгүн.

Таразала өзүңдү,
Таза карма өзүңдү.
Тамтаңдасаң дөөгүрсүп,
Тазалашат көзүңдү.

Май бастырсаң көзүңдү,
Ойлой бергин көрүңдү.
Билбей-туйбай каласың,
Ата-тегиң, жөнүңдү.

Сак болгунуң садага,
Чоңдон көптү самаба.
Садыркулов энчиси,
Жете келет сага да.

Бу замандын коңгуроо,
Жаман урчу болду го.
Жарылуучу жаранын,
Шишик жагы толду го.

Жадап кеттик чоңунан,
Иши чыкпайт оңунан.
Алып-тоноп жатышат,
Абийиринин жогунан.

Карышкырлар каптады,
Кантип кудай сактады.
Жерди сатып ийди эле,
Калды эми элди сатмагы.

## ТЕТИРИ

Канча кылсаң кошомат,
Кан каадасы - кош алат.
Оюн таба албасаң,
Ал бир күнү от алат,
Айып тагып сот алат.

Канга жакын болгондон,
Алыс болгон жакшырак.
Өзүң билген йшиңди
Өркүндөткүн жакшылап,
Байка, дөөлөт мас кылат.

Кандын тийсе кесири,
Ишиң чыгат тетири.

## ОК ЖЫЛАН

Тили ширин, дили катуу каапырдын,
Сак болгунуң, садага.
Тап билгизбей таза жайлап,
Таштап кетет санаага.

Уккун, бирок алдын-артын абайла,
Сөз карматып, тез убада бербегин.
Уруп кетсе, кыйын болот
Акыл-эске келмегиң.

Ал ок жылан сенден өткүр,
Далайларды жайлаган.
Бирде баео, момун болуп,
Бирде булбул сайраган.

## АРАЛАШ

Дарактан түшсө жалбырак,
Ойлонуп калам жалдырап.
Бизди да бир күн ушундай,
Амири менен алдырат.

Баарынын болот ченеми,
Тамчыдан суунун тереңи.
Жараткан жанын кайта алат,
Жабыгып эмне кереги.

Көзүбүз туюк, билбейбиз,
Кубулбай такыр жүрбөйбүз.
Ажалы илип кеткенче,
Адамча өмүр сүрбөйбүз.

Аралаш арам, адалы,
Жуурулган жакшы, жаманы.
Акылды берип койгон соң,
Айлакер тура адамы.

## КАЛЫСПЫЗ

Урду кудай кыргыздардын кандарын,
Тарттык белем талкалоонун залдарын.
Тойгонуна топук кылбай канкорлор
Кырып кетти кымбат, кырчын балдарын.

Шүмшүктөрдүн көздөгөнү башка экен,
Оборлору эзел тойбос ачка экен.
Сырт жагынан сыпаа өңдөнүп калп эле,
А беттери бет деле эмес, маска экен.

Бакиевдер - террорчулар, фашисттер,
Тоюнбаган ажыдаарлар, ач иттер.
Кыргызыңды кылча ойлобойт аларың,
Кырыш үчүн максат койгон жезиттер.

Тоноп алган кыргыздардан байлыгың,
Алып келди өлүм менен кайгы-муң.
Миллиондоп адвокатты жалдаган,
Кандай гана бети жоктук кайрылууң.

Кантип тирүү жүрөсүңөр жер басып,
Силерди айтса бизди кетет тер басып.
Көз жумасаңар Лукащенко коет го,
Белорустун бир жеринен көр казып.

Элге батпай, жерге батпай калдыңар,
Бирок элге кандуу бүлүк салдыңар.
Качкан кандар алып тынар силерди,
Өзүңөрдү өчпөс шорго малдыңар.

Калктын кайтпайт каргыш, ыза, кусуру,
Жамандыктан башың чыкпай утуру.
Акырында алып келди ушуга,
Калкка кылган текебердик, кутуруу.

Алганыңар аш болбосун, таш болсун,
Баштарыңар жерди карап нес болсун.
Өлгөндөрдүн арбактары муунтуп,
Көзүңөргө кандуу кара жаш толсун!

Элге-журтка салып коюп чуулган,
Кандар бизден так ушинтип куулган.
Адамзатка улуу сабак бул өзү,
Айтылуучу муундарга муундан.

Эркин элбиз эркиндикти көксөгөн,
Өктөм элбиз өлүмгө да чөкпөгөн.

Ата мекен, ар-намысын туу тутуп,
Кыргыз уулу кайда канын төкпөгөн!

Токтоо дагы, топуктуу элбиз, калыспыз,
Арам дүйнө жыйнагандан алыспыз.
Кай бирөөлөр камаарабас эл дешер,
Бирок кыргыз жашабайт ар-намыссыз.

## ОЙЛОНГУЛА

Кан бузулат: «Улуу урматтуу!» дегенден,
Калпты согуп, калкты тоноп жегенден.
Өзүн жерде кудай сезип калат да,
Ойлоп койбойт чыккандыгын ченемден.

Аны акыры мыйзам менен чектедик,
Көңүл калып, ишеничтен четтедик.
Кыргыздарга жегичтерди жазгансып,
Бийликте бир таза жанга жетпедик.

Арал-арам, арам бойдон калат да,
Адал болсо, адил баасын алат да.
Эл ойгонду - жакшылыгы жокторду,
Кууландырбай кууп чыгат заматта.

## КИМ ЖЕТИПТИР

Жазганына көнөбүз,
Жазганындай өлөбүз.
Кайран жанды а жакка,
Кайтпачудай көрөбүз.

Тирүүлүктө тытынмай,
Жашасам деп кысынбай.
Түбөлүккө болчудай,
Өмүр сүрөр ушул жай.

Өнөр көрүп жыйганды,
Өлтүрөбүз ыйманды.

Көз тойбогон көр оокат,
Ойлонбойбуз тыйганды.

Опаасы жок дүнүйө,
Оокат демей күнүгө.
Жарыкчылык жашоонун
Ким жетиптир түбүнө!?

## ЗАМАН, АЙ

Көл мелтирейт толкуну жок кыйладан,
Бул турушу - сылык-сыпаа сыйда адам.
Кубанычым, кутум сенсиң - Ысык-Көл,
Кучактасам кучагыма сыйбаган.

Сен бөксөрсөң мен да турам бөксөрүп,
Келатасың көп заманды өткөрүп.
Кыйла убакыт кыргыз жыйган байлыкты,
Бир үй-бүлө мойсоп кетти бөктөрүп.

Туруп бердик тизгиндөөгө жарабай,
Колду сунуп жетим өскөн баладай.
Алдым-жуттум азыркыбыз азыркы,
Артың кандай болот, билбейм, заман, ай!

## ЧОЧУЙМУН

Мен ишенбейм бирөө таза дегенге,
Бүт үйрөндү карышкырча жегенге.
Тагдыр бизди тартып барып такады,
Балакеттүү базар деген ченемге.

Бар дегендер баш отунан жоголду,
Шылуун билди шылдың кылып согорду.
Курганды кой, куруп калган заманда,
Баягынын өзү түгүл жок орду.

- Кыргыз кайда калкка пайда бербеген?
- Камбыл эрлер капчыгына сермеген.

Карай албай сен уялат экенсиң,
Бети чыдап басып жүрсө жер менен.

Төлөйбүзбү жегичтердин карызын,
Жутуп алса жук калтырбай барысын?!
Кайда катып, кайда алпарып коебуз,
Калкыбыздын кайраты күч намысын.

Жүгөндөлүп жүрө бербей уттуруп,
Бөрүлөрдү бөлүү керек кустуруп.
Ушунчалык уйгак болуп чырмашкан,
Бир-бирине балекетин жуктуруп.

Ойноктошот эркин сүзүп балыктай,
Калк жашабай калды өңдөнөт тарыкпай.
Гумжардамды күтүп жүрөт чиренип,
Жең ичинен жеп алышып карыптай.

Бүт көнүштү көз көрүнөө жегенге,
Бирөө барбайт акыйкаттык дегенге.
Бир балакет чыгабы деп чочуймуң,
Ушул темпте бара берсек эгерде.

## КАЙДА БАРАТ

Көзүң - көр, көкүрөгүң сокур экен,
Көргөн жан кебетеңден чочур экен.
Турмушуң турмуш эмес иттин күнү,
Үй-бүлөң шишик басып отур экен.

Каңкайып кан базарда кайыр сурап,
Катының каңгып жүрөт арак улап.
Жаш балдар: уул, кызың улуп-уңшуп,
Көзүнөн тоголонот жашы кулап.

Жан болбой, эркек болбой киргин жерге,
Жер жыртып не түшпөдүң кара терге.
Катындын бузулганы кайра кайтпайт,
Көрүнөө, тике тиет наалаты эрге.

Уктатпайт бала убалы баарыбызды,
Бу заман бузуп бүттү арыбызды.
Көмүлүп көтөрүлбөйт жылдан жылга,
Адамча ала албайбыз даныбызды.

Жер арык, жете айдалбай кысыр калат,
Отоосу ойлондуруп үшүңдү алат.
Каптайбы кара сойлок, нашаа кендир,
Кечөөкү түшүм кайда, атаганат.

Базарда баары сатып майда-барат,
Күнүмдүк болор-болбос пайданы алат.
Иштөөчү эр бүлөөнүн баары бекер,
Бул иттик, билбейм, түбү кайда барат?

## КУБУЛГАНДАР

Ким эле жаман көрсүн сыйланганды,
Ким эле жакшы көрсүн кыйналганды.
Мыктынын мыктылыгын билип туруп,
Билмексен болгондордо ыйман барбы?!

Кай бири жакындыктан атак алат,
Байкоосуз бак-таалайын ача калат.
Жумурай журтка сиңген таланттары,
Сыйланбай сыртта калат, атаганат.

Жугумдуу болот тура жулунгандар,
Урматсыз улуу обону угулгандар.
Качанка как чокуда отурушат,
Жагынган жасакерлер, кубулгандар.

## КЫЙМЫЛ

Асман оту, айбаттангын, күркүрө,
Бүткөн бойду бүт бийлесин дүркүрөө.
Адамга да түк жарашпайт жашоодо
Тыптынч болуп, жерди тиктеп мүңкүрөө.

Акпай турса, буксүп кетет суу дагы,
Жылуу тийсе, көтөрүлөт буу дагы.
Бешигинде жата берсе бала да,
Бою талып, болот экен куу далы.

Кыймыл! Кыймыл! Кыймыл керек баарына,
Бүт кыймылда: Аалам, Жердин шары да.
Кыймыл десе, кыргын жагын ойлонбой,
Буруу керек жакшылыктын жагына.

## ОЙЛОНГУЛА!

О, жараткан! Калк кайышты кыйналып,
Мүлк тонолду шылуундарга жыйналып.
Баары аман-соо, журт көзүнө калп эле
Жулунгансыйт бир-бирине ыйгарып.

Эч бир жан жок бүлдүргөндү тескеген,
Жан чыкпады жакшылыкты эстеген.
Дардаңдашып жыргап жүрө береби,
Журт намысын, журт кадырын тепсеген?!

Өткөөл мезгил качан өтөт билбейбиз,
Бут бар, бирок аксактарга бирдейбиз.
Калкты тоноп, карыздарга батырып,
Дүйнө жыйып, эмне мынча кирдейбиз.

Эрте, кечпи элден кетсе ишеним,
Быт-чыт кылып үзөт бир күн кишенин.
О, шылуундар, ойлонгула арт жакта
Андай кезде кандай күндөр күтөрүн.

## ҮЗҮП КОЙ!

Кыраандын көзү көз болот,
Кыйындын сөзү сөз болот.
Жат болгон менен жакшылар
Жакындан артык өз болот.

Жаманды тартсаң бооруңа,
Жабышат издеп торуңа.
Кайрымың тартып алыс жүр,
Кабылбас үчүн ооруга.

## САЙДАГЫ

Канатын калктын кайырды,
Казынадан айырды.
Каражат сурап канчадан
Карызга барып сайылды.

Кырдан чыккан оендой,
Кырышты койду коендой.
Бүкүлү жутуп салышты
Жер кызыл канга боелбой.

Темирди жутту темирдей,
Көмүрдү жутту көмүрдөй.
Өчтүүдөй журтту тоношту
Өлүгүң калгыр көмүлбөй.

Кубалап жеке пайданы,
Куунашты жыргап жайдары.
Кемибей гана калды окшойт,
Керексиз таштар сайдагы.

## ТАБЫЛБАЙТ

Өз журтун жоодой талаган
Бөрүлөр чыкты арадан.
Оңолуп качан кетебиз
Ошолор капкан жарадан!

Насибин калктын сорушту,
Жон-жонго барып конушту.
«Жыргатабыз» деп алдап,
Жылаңач кылып коюшту.

Айткандан арман арылбайт,
Актанып кайра арылдайт.
О дүйнө менен бу дүйнө,
О, мындай жырткыч табылбайт.

## УБАК БОЛОТ

Жалганда жан болобу эсирбеген,
Пайданы башкаларга кетирбеген.
Өз элин өзү тоноп жегендерге
Алла бар акыретте кечирбеген.
Дүнүйө, мүлктү жыйнап, көз май басып,
Жандар бар жашап жүргөн кесир менен.
Кан дагы, кайырчы да бирдей барат
Көрүнө жалгыз гана кепин менен.

Көз жумсаң, жыйгандарың жылас болот,
Тукумуң тууруңа мурас болот.
Аларың жакшы болсо өлбөгөнүң,
Болбосо, курган дубал урап болот.
Жарыктык жашоо деген көз ирмемде
Жашыңды жан кейитип сурап коет.
Ошентип, күйпөңдөгөн күндүк өмүр,
Түбүндө түнгө айланар убак болот...

## БИРДЕЙ

Тирүүдө көрө жүргүн өлүм камын,
Ким билбейт артыбызда өлүм барын.
Көргөн күн, сүргөн өмүр түштөй болуп,
Чыркырап чыгып кетет чымын жаның.

Бул тапта өтө кыйын өлүш дагы,
Өлүктү каада, салттай көмүш дагы.
Замана бир тозоку болуп барат
Аргасыз арман экен көнүш жайы.

Көрбөгөн жолго түштүк көмүскөлүү,
Мал бүттү маарап жүргөн өрүштөгү.
Бүтөлек бүлдүргөндүн жугу калып,
Баягы бөрүлөрдүн бөлүшмөгү.

Бөрүлөр талагыла, тоногула,
Коюнга, коктуларга сологула.
Убалды, соопту да билбейсиңер,
Силерге окшоп, бирдей ала-кула.

## КӨГӨНДӨП

«Эл! Эл!» дейбиз, элди ойлогон киши жок,
Элиң менен эч биринин иши жок.
Бөрүлөргө колдогусун алдырып,
Кайран элдин күйүп гана ичи чок.

Ызырынат, ыйлайт, андан не пайда,
Кыйкыр, өкүр, кылалбайсың эч айла.
Жегичтерди элдей кылып көрсөк ээ,
Жок дегенде орунуна үч айга.

Өсмөк түгүл баратабыз төмөндөп,
Жерди дагы урду кудай чөңөрлөп.
Башыбыздан баарыбызды жокчулук
Байлап алды баскыс кылып көгөндөп.

## АЗАП КӨП

Уу менен суу бирдейби,
Ууну суудан иргейли.
Айырмасын айра албай,
Өлүп алып жүрбөйлү.

Болууң керек кыраакы,
Өзүңө өзүң сынаакы.
Жакыныңдай болобу
Жат жактагы ыраакы.

Жакын деген - өз элиң,
Жаның, арың, өзөгүң.
Даркан талаа, Ала-Тоо,
Дайра толгон өзөнүң.

Чет эл билет айласын,
Көздөйт дайым пайдасын.
Балыктардын чоңу да
Жеп күн көрөт майдасын.

Дартыбызды да ойлойлу,
Артыбызды да ойлойлу.
Ач балада азап көп,
Ток баладай ойнойбу!?

## БИЛБЕЙБИЗ

Акылы өткөндөрдүн терең экен,
Укпаган ал акылды керең экен.
Ошондой акылмандар дүнүйөгө
Кайрылып кайсы күнү келер экен.

Баарыбыз болуп алдык жасалмалуу,
Байлык да, мүлк күтсөк деп жасалгалуу.
Билбейбиз артыбызда күн турганын
Жалкындуу балта кармап баталгалуу.

## ТЫЯНАК

О, шор аяк, шор аяк,
Көрүнгөнгө кор аяк.
Ушул күнгө алпарды, ээ
Биздин турмуш томаяк.

Кайран кыздар келишкен,
Учуп кетти, ээ, периштең?
Үмүт үзүп койдуңар
Үй-жай күтүп бериштен.

Бу бачагар жокчулук
Жасап келбейт эмнени.
Жапжаш кыздар болду го
Жат адамдар эрмеги.

Бул - алаамат, кыямат,
Кантип, кимдер тыя алат.
Заманыбыз оңолбой
Чыкпайт окшойт тыянак.

## БИРДЕЙБИЗ

Муңдуулар муңун муңга айтат,
Муңсуздар муң жок кимге айтат?!
Дудукта тил жок балыктай
Көрүшүп коюп тим кайтат.

Жүгүрүп жүрсө аяктуу,
Төкөрлөр басат таяктуу.
Чөлдөгү өскөн адамдар
Кызыгат жерге дарактуу.

Барында барды билбейбиз,
Баркына жетпей иргейбиз.
Тоюнган кезде адамдар
Жылкылар менен бирдейбиз.

## АЙТЫЛАТ

Мыктылар жок карышкырлар жайнады,
Коркпой-үркпөй канча малды жайлады.
Үйүгүшүп жалгыз жарым киши жеп,
Жаза тартпай басып жүрөт жайдары.

Кыргыздан да , ой, көбөйдү бөрүлөр,
Чырмалышкан, ниети жок бөлүнөр.
Бөрүлөрдөн бөрү туулат дечү эле,
Деги сейрек болгой эле төлүңөр.

Уядан эмне көрсө ошону алат,
Башта адат өлгөндө да кошо калат.
Кай заман, болсо да карышкырга
Айтылат жаман сөздөр токонаалат.

## ЖАРАБАЙ

Жүрө берген жарабайт,
«Ач кулактан тынч кулак».
Бүгүн бизге эң керек
Бүгүн угар курч кулак.

Кой оозунан чөп албас
Момундуктан пайда жок.
Жебегендер бул тапта
Жер үстүндө жайда жок.

Кайда барба - таламай,
Бузулганга карабай.
Адам өңдүү жашоого
Калганбызбы жарабай?..

## КАНТЕСИҢ?

Ишене бербе чет элге,
Тозогун бербейт бекерге.
Каарын анан тартасың
Карызын алып кетерде.

Кубанба куру делбиреп,
Кадыр-барк менен келди деп.
Оолугуп турса кантесиң
Ордуна бергин жерди деп?

## МАТАП ТУРАТ

Зым карагай. Аяз күчү зыңылдайт,
Көктө жылдыз көзүн ирмеп жымыңдайт.

Арык дөбөт ачкалыкка чыдабай,
Саманга ыктап, санаа тартып кыңылдайт.

Үй мупмуздак. Муз эрибейт чакада,
Котур бербейт тынчтык бала-чакага.
Кызыл чие он баланын азабы
Ата-энени матап турат капага.

## АРЫ АЙЛАНДЫМ

Күндөрүң өткөн менен тамашалуу,
Өмүрүң өлчөлүү да, таразалуу.
Ар кылым асылдары жерде жатат
Артында аты калып даңазалуу.

Кайгыга кабылганда кайыгасың,
Убакыт дарысынан айыгасың.
Мартабаң колдон кетип, кутуң учса,
Билесиң эч ким сени тайыбасын.

Адамга адам эгер карабаса,
Кыйналсаң, кызматыңа жарабаса,
Мейли эле, өз арбасын өзү согуп,
Өзүңдү карышкырча талабаса.

Зыяны тийгенинен далайлардын,
Сактанып алды-артымдан абайландым.
Жакшыга имерилип, жамандардан
Сырт салып, кылчактабай ары айландым.

## ДҮНҮЙӨ

Ай, кыргызбай, кыргызбай,
Туралбайсың сыңгызбай.
Санааң тынбайт көрүнөт
Бүт талкалап тыңгызбай.

Курулганды кулатып,
Бүтүндөрдү уратып,

Адам кылгыс иш кылдың
Сырттан карыз суратып.

Ай, башчылар, башчылар,
Карышкырдан аштыңар.
Басып алып баарысын
Бар экен да бактыңар.

Чыктың малдын түбүнө,
Зар болорсуң жүнүнө.
Кызык нерсе экен го
Оомал-төкмөл дүнүйө.

## ЧОЛООБУЗ

Ушул күндө күлө турган заманбы,
Жамандыкта адам сүйбөйт адамды.
Эске келбей эртеңкиң да, бүгүнкүң
Ойлоп калдык эптеп жанды багарды.

Калктын азыр кабыргасы кайышкан,
Жаштар алсыз, айырмасыз майыптан.
Көз көрүнөө чыгып бара жатабыз
Те илгерки нуктан дагы, калыптан.

Ыйман күт деп ырсаңдамыш болобуз,
Мал түгөнүп бошоп калды корообуз.
Кол жеткени түгөл бойдон карышкыр
Элди ойлоого эч бир болбойт чолообуз.

## КӨРҮҢӨРДӨН

*«Элиң бөрү болсо, бөрү бол,*
*түлкү болсо, түлкү бол».*
(Эл макалы).

Эл - бөрү, мен да бөрү атырылган,
Качырып кулактары жапырылган.
Артымда мерген жүрөт мылтык алып,
Атынын туяк чаңы сапырылган.

Жайлаймын кабылганын жарга тартам,
Чапанын иле качып мойнума артам.
Даттарын кудайга айтып туруп калат
Алы жок бей-бечара, кары-картаң.

Эл - түлкү, мен да түлкү жойпуланам,
Басамын өз изимди коркуп араң.
Күндүзү бүтпөй калган иштеримди
Түн бүтүп, жортчу жерди жортуп алам.

Бийикти билдирбестен амалдаймын,
Жайлоого бирин миңге жамандаймын.
Өзүмө бир пайдасы тиер болсо,
Буту жок калсам дагы шамалдаймын.

Чын эле бөрү болдук, түлкү болдук,
Бүт тоноп, бүт бүлдүрүп күлкү болдук.
«Ырсайбай өлгөнүңдө күлүп кал!» деп,
Бар, жокко кайыл болуп жүрчү болдук.

Ашынып алыс кеттик бөрүлөрдөн,
Таптаза ыйман качты көбүңөрдөн.
Бир кезде сөөгүңөрдү жанчат го дейм,
Солдойтуп сүйрөп чыгып көрүңөрдөн.

## ЫЛАЙДАН БОЛСО

Журтуңа тийсе залалың,
Керексиз сенин аманың.
Жерге ылдам кеткен оң,
Жер үстүн баспай таманың.

Мансапка жетсе маң баштар,
Аргасыз болот жан баштаар.
Бийликтен түшпөй тырмышып,
Бир канча жылы далбастаар.

Билинет кимдин кимдиги,
Артыгы менен кемдиги.
Ырыскыны көтөрбөйт,
Ылайдан болсо жердиги.

## НАМЫС КЫЛ

Жүргөнүң менен жазганып,
Жети күндүн биринде,
Жатасың жерди жазданып.

Сыйлашсаң сыйлаш тирүүдө,
Көз жашыңдан не пайда,
Көз жумуп көргө кирүүдө.

Жамандык кылсаң бирөөгө,
Акыры өзүң түшөсүң
Арылгыс арман күнөөгө.

Бардыгын жеңет амандык,
Жанаша жүргөн неме экен
Жакшылык менен жамандык.

Адамга адам карышкыр,
Эки аяк менен жүргөн соң,
Эсиңе келип намыс кыл.

## КЕБИМДИН

Сөздөрдү сага жамадым,
Сөздөрдүн тарттым азабын.
Кирдесем кирдеп өзүмчө,
Кишиге, бирок тазамын.

Ичиме түйүп сырымды,
Чыгардым сыртка чынымды.
Эрчиген болуп баратам
Эскилер салган чыйырды.

Не кылам бекер төш кагып,
Айдыңым алыс көз талып.
Байгеден өзү чыкса деп,
Башкага жүрөм көз салып.

Үзсөм да үмүт пастардан,
Үзбөймүн үмүт жаштардан.
Чыйрактар кантип чыкпасын
Чыңгыздар өскөн жактардан.

Угуту күчтүү жеримдин,
Урматы артык элимдин.
Кылт этип чети оюлбайт
Кыргызга деген кебимдин.

## ТИЙБЕЙТ

Кубалашып өмүр өтөт күнүгө,
Кумурскадай жан сабатат дүнүйө.
Сыр толтура адамзаттын өзүндө,
Жетпейт эч ким тереңинин түбүнө.

Адамдарда бар ынтымак, араздык,
Мүңкүрөтөт колдо жоктук, мал арык.
Майда калкың канча кыйын болсо да,
Чоң элдерге күнкор экен саны аздык.

Эр түгөнсүн коргобогон өз элин,
Жүзү курсун, соо болбосун эгерим.
Кыргыз айтат: «колдун кири экен, - деп, -
Манчыркаткан кызмат, мансап дегениң».

Өз элине кыраан чыкты «кыйындар»,
Чөнтөгүнө акты байлык тыйындар.
Дегеле бир өлүк болуп иштебейт,
Кабыл алган токтом, мыйзам, жыйындар.

Камбыл эрлер карышкырды мыш кылып,
Канышты бейм калкка мүшкүл иш кылып.
Басмачыдай басып алып дүйнөнү
Басып жүрөт башкаларга ышкырып.

Күнөө тоодой, бири тартпайт жазаны,
Айтпа буккан эл ичинде ызаны.
А бүгүнкү бийликтеги адамга
Болбойт экен бет чымырап кызаруу.

Укмуш, укмуш! Түңүлөсүң жаныңдан,
Үшкүрүнүп үзүлөсүң шагыңдан.
Карышкырлар камап гана тургансыйт
Ансыз деле чыкпай турсаң жалыңдан.

Ой, оңбогон шумпайлар, ай, шумурай,
Тоону жесе толбойт экен жумуру, ай.
Бөөдө каргыш тийбейт экен бөрүгө
Каргайт - тийбейт журт бүткөнү жумурай.

## АШЫП-ТАШЫП

О, шордуу кара жанын өзү кыйган,
Сага эми болбойт экен жаназа, ыйман.
Буркурап боздоп турат жалгыз гана
Эзилип эт жүрөгү энең ыйдан.

Жаш алып жүзүндөгү бырышынан,
Айрылып, азап тартып ырысынан.
Аллага каргыш айтып калч-калч этет,
Ажалдын чочуп койбойт кылычынан.

Сай-сөөгү сыздайт, түтөйт, күйүт басып,
Сезимге түркүн ойлор тийип-качып.
Эненин ызасынан чыккан толкун
Дүйнөнү каптап барат ашып-ташып.

## КҮНӨӨ ЖОК

Журт баратат тонолгондон тонолуп,
Нарк баратат жоголгондон жоголуп.
Барды байлар соруп турган учурда,
Баш көтөрүп кетүү кыйын оңолуп.

Бир заматта бай, кедейге бөлүндүк,
Жырткыч бөрү, боз кой болуп көрүндүк.
Кадимкидей калкып чыкты сыртына,
Капысынан чындык менен төгүндүк.

Ким кимдигин эми даана түшүндүк,
Маңкурт сымал маанайларды түшүрдүк.
Баштагыдай бекем болбой баратат,
Бир кездеги бир жиги жок бүтүндүк.

Кызыкпыз да, көз көрүнөө алдатып,
Колубузда тургандарды жалматып.
Кайран кыргыз жүрө берет кайышып,
Кара жанын калгычакты жар басып.

Тапкандарды таладык да, бүлдүрдүк,
Өмүр сүрүп калуучудай бир күндүк.
Байкоо салып карап турган «досторду»,
Мыш болдук да, мыйыгынан күлдүрдүк.

Барды бардай сактабадык, капырай,
Кантип сай-сөөк сыздабасын жашыбай.
Дал ушундай капсаланда билинди,
Кыргыз айткан «балык баштан сасымай».

Жегендерди жедиң деген бирөө жок,
Ураганга устун болчу тирөө жок.
Таптаза бир кызык заман туш болду,
Тоногондо, тоноткондо күнөө жок.

## БАШКАЛАР

Ой, чиркин, ай! Мактаганга устабыз,
Жырылганы турса деле туткабыз.
Таразалап байкап көрсөң канча көп,
Жасагандан жабыркаган нускабыз.

Ачкалыктан, шүгүрчүлүк, өлбөйбүз,
Жакшылыкты жакын жылда көрбөйбүз.
Алтын, акча агып жатат кайдадыр,
Биз билбейбиз, чөнтөк бөксө - көңдөйбүз.

Кыргыз көнгөн кымыранды ичкенге,
Таң калышпайт талкан чайга көчкөнгө.
Карап туруп кантип чыдайт беттери,
Калк байкуштун жылдыздары өчкөнгө.

Асмандаган ак сарайлар курушуп,
Алчу жерден апчый кармап жулушуп.
Жерге кирген «жеген ооз уялат»,
Эл көзүнчө эстеп гана урушуп.

Иштер жүрөт жең ичинен көмүскө,
Түркөй көзгө түнт деп ойлойт көрүшкө.
Адамдыкка кантип, кандай тартасың
Салам айтпай, алик алып көнүшсө.

Алар сезбейт убалды да, сооптү,
Оңой табат оодарылгыс жоопту.
Чырмоок болуп чырмалышкан немелер
Жанмайынча жалпыбызга кооптуу.

О, аларда бийлик да бар, акча бар,
Эч кеп эмес ак кар, көк муз, аскалар.
Күлүш үчүн өтө жакшы нерсе да,
Кейип өтүп, кейип жүрсө башкалар.

## КҮТ ЭМИ

Көңүл айнып, көөнү чаппай тамака,
Жаштарыбыз жапырт кирди арака.
Келечектин кейишине айланып,
Коомубузга түшүп калды жарака.

Көз көрүнөө бай, кедейге бөлүндүк,
Карыздарга чыккыс болуп чөмүлдүк.
Жагалданып жалган сүйлөп баарыбыз,
Жалаң гана жаман жактан көрүндүк.

Калп сүйлөйбүз калкыбызга карандай,
А напсибиз ажыдаардай, араандай.
Журт тоногуч желмогуздар чыкканы,
Айла кетти алапайды табалбай.

Бет чымырайт депутатың тигинде,
Карап койбойт уят мындай дегенге.
«Кол тийбестик» калтырганы өкүнтүп,
Айланышты арылбоочу чемеңге.

Булганышты баары түгөл шалтактап,
Дыйкан кургур жер жырткансыйт талпактап.
Эбин таап мантыктырбайт аларды,
Кузгун, бөрү курчап алып салпактап.

Батпай турган тракторлор, комбайн,
Кайда кеткен, эч билинбейт бир дайын.
Баш көтөрүп журт мантыгар түрү жок
Башчы тоюп, баары топук кылмайын.

Көтөрүлөт миллиондоп жегендер,
Куугундалат көрүп, билип дегендер.
Канча какшап айткан менен былыкты
Угуп койбойт кулактары керендер.

Билет, туят, чырмалышкан атейи,
Журт өкчөлүп кетпей калды бу тейи.
Мен айткандан, сен айткандан пайда жок,
Тагдырыңдан, таалайыңдан күт эми.

## КҮТӨЛҮ

Азгырылып айыкпаган жарага,
Чоңдорубуз чогуу кирди парага.
Алар - сүлүк, а эл - чүлүк кайышып,
Кыйын болду кыргызбайым сага да.

Курарыбыз эмне коом билбейбиз,
Көз көрбөгөн бирөөлөрдү тилдейбиз.
Кызык заман - кыйындыктан кыйындык,
Илгери жок, ичибизден зилдейбиз.

Баарыдан да жерди жаман куруттук,
Асыл тукум, кайда үрөндөр, уруктук.
Жер арыктап, эгүүдөн да адаштык,
Эч бере албай калды өңдөнөт туруштук.

Талааларды таза бойдон өрттөдүк,
Тозок болду тоодон токой өрттөнүп.
Эмнегедир үрөйүңдү учурат
Токол тоолор кечөө турган көрктөнүп.

Күйүтүбүз күндөн күнгө күчөдү,
Жегендерге жер-суу дагы түтөбү.
Кантсе дагы болуп калар жакшылык,
Үмүт менен алдыбызды күтөлү.

## КУРАБЫ?

Темир кетти, тери кетти Кытайга,
Бир туйтунуп алды белем Кытай да.
Биздин коом кулап түштү согушсуз,
Жактыбы же жакпадыбы Кудайга.

Чоң тапандар таш талканын чыгарды,
Жер айдалбай, көп аянтты чым алды.
Кайдан билдик бардарлыктын акыры,
Көз көрүнөө көзүбүздөн чыгарды.

Бензин деген тыйын эле бекердей,
Баары турчу кыяматка жетердей.
Көмүр менен цементинин баасы,
Калп айтпаймын - кадим болду шекердей.

Мен үгүттөп кайт дебеймин артыңа,
А бул сөзүм азыркынын шартына.
Азырынча бир пайдасы тие элек,
Букарага, жарды кыргыз калкына.

Баюучулар байыды да, солоду,
Кан таламай, талады да, тоноду.
Билбейм артын алар үчүн да бир күн
Териштирер акыйкат күн болобу?

Жеп бүтүрдү жемсөөлөрү тирелип,
Байланышсыз чыккыс болуп ширелип.
Какшаттыңар калк байлыгын курутуп,
Ошол опаа болуучудай түбөлүк.

Көз көрүнөө көзүңөрдү май басты,
Алдадыңар аңкоолорду, май башты.
«Алы жетпес акыретчил» болдук да,
Бая айтылуу «Быржыбайды там басты».

Кылмыш кылса депутатка кол тийбейт,
Жесе дагы, ичсе дагы жол тийбейт.
Ушул дагы адамдыкка жатабы,
Дал ушунда дартыбыздын чатагы.

Тыйын, алтын - баары болсун эсепте,
Калк кайышып, жаны ачыган кезекте.

Анын баары агып кетет дайынсыз
Алдым-жуттум, шылуундарга, кесепке.

Болуп, толуп, бардыгынын сурагы,
Уурулардын бул жай эмес турагы.
Калкыбызды каптап кетсе жегичтер
Балакетти бардар коом курабы?!

## ЧЫЙРАЛЫП

Дөңгөлөгү терс айланды тарыхтын,
Күчү кетти тийип турган жарыктын.
Барчылыктан жокчулукка куланып,
Кейпин кийдик бечеранын, карыптын.

Бир олжобуз - болгону ушу эркиндик,
Жашообуздан бирок катуу мертиндик.
Бул күндөрү бардыгына карабай,
Бир курсактын айы гана көр тирлик.

Калк көңүлсүз -кабактары бүркөлүү,
Ичте сыры ирип жатат чүмкөлүү.
Ушул турмуш оңолбосо, төмөндөп,
Артык андан ажалы жок мүрт өлүү.

Туз сураган койдой жашоо аракта,
Заман кандай тез бузулду заматта.
Уурдап, тоноо, зордук, адам өлтүрүү...
Жумушсуздук -ошого алып барат да.

Иш жүрбөсө, иш болбосо жаштарга,
Анан кантип айланышпайт мастарга.
Азыркыдай жамандыкты, жабырды
Салбайт башка душман дагы, кастар да.

Бузулду деп жамандайбыз жаштарды,
Бардыгына күнөөлүү эле жаштарбы?!
Бузуп алып, анан түзөй албаган
Эмне дейбиз креслолуу баштарды?!

Тоногондор тоноп алган байлыкты,
Кайсы чоңдор ага барбай айбыкты?!
Жарым жылдап мугалимдер, врачтар,
Ала алышпайт арзыбаган айлыкты.

Ыдырады тигишинен сөгүлдү,
Толук идиш бөксө болду, төгүлдү.
Бу кейпине караганда кыргыздар,
Кыяматта оңоло албайт көрүндү.

Карыз менен күн көрөбүз канчага,
Анысы да тийбейт экен барчага.
Төлөй албай, жыпжылаңач кийимсиз,
Барып гана беребиз го балтага!

Бара жатат темирлерди дат алып,
Арбыгандан арбыйт күндө каталык,
Жакшылыктын бир учкуну көрүнбөй,
Туңгуюкка туруп калдык такалып,

Эч ким билбейт оңолобуз кандайча,
Кампаябыз капчыгыбыз калдайса.
Кыргыздарды жыргап жатат дешет го,
Кезүүлөшүп төш таянтып мал жайса.

Кыйраганда сонун эле кыйрадык,
Бүт иттикти өткөндөргө ыйгарып.
Эми оңолуп кетүү жагын издейли,
Жумурай журт жумуш менен чыйралып.

## МОМУНБУЗ

Өзөндүн киргил суусундай
Өтүп да барат өмүрүм.
Жакшылык жактан карандай
Өчүп да болду көңүлүм.

Күйүгүп бышып турсам да
Күлүмүш болом сыртымдан.
Түзөлөр күнү көрүнбөйт
Түңүлүп болдум журтумдан.

Боз койдон жоош, момунбуз,
Эмне айтса ээрчип сонунбуз.
Өзүбүз шордоп, өзгө үчүн
Жылуу жай, жыргал орунбуз.

## БЕРЕСИҢ

Кожожаштын билесиң
Кандай алда калганын.
Кайберенге ашыкча
Тукум курут салганын.

Жашай берсин макулук
Ал да жердин баласы.
Тирчиликте анын да
Күн көрүүдө санаасы.

Жумуртkасын жыландын
Койгондо не талкалап.
Уусу менен ал байкуш
Багат жанын калкалап.

Адамды да адамча
Зар какшатса ченерсиң.
Аллам өзүң акыры
Азаптарын берерсиң.

## ЖОК

Койну муздак кара жер
Кимдигиңе карабайт.
Жыргап жүргөн кайран жан
Жылмаюуга жарабайт.

Көздүн жапса капкагын
Кайра экинчи ачырбайт.
Кирсе чыккыс кара жер
Кимди гана батырбайт.

Кеттиң - бүттү, келмек жок,
Кеп салышып бермек жок.
Каалагандай көп жашап,
Каалагандай өлмөк жок.

## САКТАСА ЭКЕН

Жеңиш күнүн кандай гана көксөдүк,
Кеткендерге кейип ыйлап өксөдүк.
Ал жылдары баео балдар элек биз,
Башыбыздан көп нерсени өткөрүп.

Көздөр талды карай берип батышты,
Кара кагаз. Канча жүрөк ачышты.
Согуш - согуш, бирин-бири аябайт,
Максат кылат өлтүрүүнү, атышты.

Учурунда укмуш болгон алаамат,
Кеткен кайра келбейт дедик саламат.
Жарым кылым согушу жок өткөрдүк
Жаратканга миң бир алкыш, канагат.

Жашады оорук жалаң гана согуш деп,
Эркектерден бошоп калды конуш тек.
Ата мекен ар улутту чакырды
Бир-бириңе бир туугандай согуш деп.

Урмат тутуп улуу мекен ыйыгын,
Канын төгүп тозду мекен кыйырын.
Азыр көрүп жатасыңар үзүрүн,
Билбей, туйбай чоң согуштун кыйынын.

Жесир калып, жетим калып балдары,
Боздоду бейм айыл кемпир, чалдары.
Кайтып келди бири чолок, бири соо,
Көбү тирүү аман-эсен калганы.

Машак терип, чийне тартып күнү-түн,
Балдар дагы кошуп турган үлүшүн.
Кан төгүлгөн ошол жылдар ый үчүн,
Көрчү эмеспиз адамдардын күлүшүн.

Кабактары бүт салыңкы болучу,
Арга канча, амандашып коюучу.
Улутунун кимдигине карабай,
Бир максатка биригишкен ой учу.

Канчалаган кырчын өмүр кыйылган,
Согуш өртү кан, жан менен тыйылган.
Улуу Сталин тете болчу кудайга
Биз ишенип, таазим кылып сыйынган.

## ЖЕ...

Суугa ыргыткан таштай чөгүп көңүлүм,
Супсак тартып сууп барат өмүрүм.
Чындыкка биз чыркыратып өрт коюп,
Чирик кылдык көкөлөтүп төгүнүн.

Кетти ишеним - чоң, кичине - баарынан,
Уйку качат муңдуулардын зарынан.
Көз көрүнөө жасалма да, жалгандык,
Ажырашкан ыйман, уят, арынан.

Шишик турбайт шишик гана боюнча,
Ал жарылат мезгил жетип тоюнса.
Тарых жолу таразалуу татаал жол,
Жүрө бербейт бирөөлөрдүн оюнча.

Эрте, кечпи эссиз иштер такталат,
Эл эсинде эчендери сакталат.

Башчыларга орто заар баа болбойт:
Же боктолот, мыктылары даңкталат.

## КАРМАЛЫП

Тилегеним бир өзүңө амандык,
Кудуретим эч бербесин жамандык.
Тирүү жүрсүн жылан дагы чакпаган
Жан бүткөнгө жасабаган залалдык.

Ким тилесе өзгөлөргө жамандык,
Керт башына келе бербейт амандык.
Алла берген аманатын кызганып,
Өзгө жашка не кылышат сараңдык.

Адамдарга кыйын асты түшүнүү,
Кээ бирөөнө максат - бедел түшүрүү.
Ичи тарлар колдон келсе тим эле
Жутуп гана койгусу бар бүкүлү.

«Тобо» дейсиң кош жакаңды карманып,
Жанын берет кураныңды карганып.
Андайларың акыры азап тартышат
Өз сөзүнө өзү барып кармалып.

## БҮТ КЕПТИН

Кашарлар, ай, караманча кыйраган,
Куруш үчүн неткен байлык сыйбаган.
Согушу жок талкаланып жоголду,
Жырткычтардан напсилерин тыйбаган.

Бүт жабылды кайран бала бакчалар,
Эмнебиз бар ушул кезде мактанар?
Өткөндөрдүн жакшы жагы көкөйдө
Өмүрүбүз өткүчөктү сакталар.

Кайда, кайда тракторлор, комбайн,
Бар болбойбуз барды асырап алмайын.

Бекер окуу, бекер дары, дарылоо,
Бейиш күндөй элестелет ар дайым.

Кайрылгыстай кетти ал заман бир келген,
Мындай күндүн келерлигин ким билген?!
Калк тоногон карышкырлар чыгышты,
Курмак түгүл курулганды бүлдүргөн.

Эл болдук деп төш кагабыз эгемен,
Алдым-жуттум, тартипсиздик не деген?!
Көөнө мезгил көзүн ачып көптөрдүн,
Жамандарын жакшыларга теңеген.

Мен өткөндү акараттап сөкпөймүн,
Келсе экен деп көз жашымды төкпөймүн.
Ал замандын, бул замандын кетирген,
Кемчилигин кейиш менен жектеймин.

Ар мезгилдин болот тура өз жолу,
Ийри-түзү, күнү-түнү, оң-солу.
Бардыгынан эң жаманы ушу да,
Туңгуюкка туруп калуу, жол жогу.

Билбейм, качан, кайсы жылы өрдөйбүз,
Бүт тонолуп, какшып калган чөлдөйбүз.
Карыздансак өзүбүздөн өндүрбөй,
Караманча эч жакшылык көрбөйбүз.

Өзүбүздү тоноп бүттүк өзүбүз,
Өкүлдөшсөк өктөм чыгат сөзүбүз.
Алтын деген жерде жатат чачылып,
Али уйкуда чылк жумулуп көзүбүз.

Акча сарпта, түшүм алгын, күч жумша,
Алдың малды, алдың жерди – иштеткин.
Барып-келип дал ушуга такалат
Маани-маңыз, түйүндөрү бүт кептин.

## КЕП ЖОК

Алтын, алтын деп жүрөт,
Албан түрлүү кеп жүрөт.
Айткан болуп алдуулар
Астыртадан жеп жүрөт.

Күмүш, күмүш деп жүрөт,
Күйгүлтүктүү кеп жүрөт.
Колу, жолу жеткендер
Коркпой, үркпөй жеп жүрөт.

Алдууларга илмек жок,
Аны бизге билмек жок.
Айтсаң айып өзүңө
Алар үчүн бир кеп жок.

## ЖЕРГЕ КИР

Уйларды түгөл жалмадык,
Уятты эске албадык.
Алайып гана турабыз
Арканын бошко карманып.

Жем, чөпсүз кайда багабыз,
Базарга алып барабыз.
Жараган уйдун кээ бирде
Жарымын ичип салабыз.

А үйдөн ызы-чуу чыгат,
Тилдерден тикен, уу чыгат.
Сатыгың менен жерге кир
Самтырап бүттү ынтымак.

## БУ КАНДАЙ?!

Саткандан калдык уялбай,
Сатуусуз калдык туралбай.

Тапканың менен жерге кир
Таптакыр койдук куралбай.
Жокчулук деген бачагар
Жонуңду басты тумандай.
Арт жакка кетип барабыз,
Алдыга жылбай, бу кандай?!

## КИМДЕР ТААНЫЙТ

Өз тилин өйдө көрбөс калк болобу,
Өз элин баалабаса нарк конобу.
Алтын баш аман-эсен турган чакта
Өмүрдүн парз экөөнө зарп болору.

ООНдо сүйлөнбөсө сүйлөнбөсүн,
Өзгөлөр үйрөнбөсө үйрөнбөсүн.
Кымбатым, кыргыз элим, кыргыз тилим,
Кымтылып менин ички дүйнөмдөсүң.

Силерсиз мен жашоомду элестебейм,
Силерсиз мага бакыт келет дебейм.
Башка элди, башка тилди билбеген соң
Аларды бир жылуулук берет дебейм.

Өз түгүл өзгө тилди бирдей билип,
Жүргөндөр бизден бийик, бизден күлүк.
Далай жыл далдаа жакта калып гана
Тилибиз тирденбеди чүнчүп жүрүп.

Башчылар жалаң кыргыз турса деле,
Орусча сайрап кирет, билбейм неге?!
Ушинтип кор болобу өзүбүздөн
Бабалар сүйлөгөн тил, кайран эне.

Эгерде сыйлабасак тилибизди,
Калтырсак кастарлабай дилибизди.
Ажырап бардыгынан башка болсок,
Кыргыз деп кимдер тааныйт кимибизди?!

## АРГА ЖОК

Түлкү качат: «Куткара көр, кудай!» - деп,
Тайган кууйт: «Жеткире көр, кудай!» - деп.
«Өмүр чеги бүтүп калды көрүнөт», -
Деп карылар ичтен сыздайт убай жеп.

Өмүр, өлүм ит, түлкүдөй куушкан,
Бирок булар бир туулган туушкан.
Өмүр турса өр талашып жашоого,
Өлүм тартпайт анын жолун бууштан.

Өмүр, өлүм ит жыгылыш башынан,
Бири-биринин кетпей жүрөт кашынан.
Кара жаның кайтыш болот бир күнү,
Карт өлүмдүн калпыс ургус ташынан.

Өмүрүндүн калтырасың уламын,
Өчүрбөстөн укум-тукум улаарың.
Дал ошолор даңктап жүрүп отурат
Чоң жашоонун чоктон ысык урaанын.

Анда деле өмүр, өлүм кармашы,
Жан барында бүтпөйт өчү, арбашы.
А бул күрөш кыяматтан башталган
Түшүнүктүү эч жеңише албашы.

Кача албайбыз маңдайдагы жазмыштан,
Бул бир оюн айырмасыз каз, куштан.
Түпкүлүгү кутулбоочу пендебиз
Ыраак эмес, саам жерге азга учкан.

Шүгүр дейли бул жашоону көргөнгө,
Жан жаралат кайсы бир күн өлгөнгө.
Алла кылган ак ишине арга жок,
Колуңда эмне көнбөгөндө, көнгөндө.

## ЭМГЕГИНЕН

Бийликти «ме» деп бирөө берчү беле,
Күрөшсүз такка бирөө келчү беле.
Падыша болуп кээси кокусунан
А сыртта калат үзүр берчү неме.

Кай бирде караманча шаңданабыз,
Көбүктү көрүп туруп алданабыз.
Мурунга суу жеткенде анан билип,
«Аттиң!» деп оозубузду карманабыз.

Арзан иш аны, муну сүйлөгөнгө,
Күч дагы, акыл керек бийлегенге.
Бүлдүрүп бүтөт баарын апаат кылып,
А кокус тийсе бийлик тийбегенге.

От чыгат оюнунан саясаттын,
Күйгүзөт бир далайын каражаттын.
Алардын толот дечи бөксөлөрү,
Канчасы кайтыш болот кара баштын.

Эң кымбат журтубуздун амандыгы,
Тийбесин талаштардын жамандыгы.
Айтканы аткарылбай, суу кечпесе,
Ал анда падышанын чабалдыгы.

Падыша болуу керек катуу, калыс,
Парадан кошоматтан ыраак, алыс.
Бааланат элге кылган эмгегинен,
Тарыхта жаман, жакшы атта калыш.

## ЖОК

Ач көздөр бар кумурскача ташыган,
Ашып-ташып турса дагы башынан.
Жок дегенде кармай кетет «керек» деп
Сансыз жаткан сайдын кара ташынан.

Жан-дүйнөсү жабык дагы, тарыган,
Көр оокатты алтын көрөт баарынан.
Ач көздүгү өтө ашынып отуруп,
Чыгып калды адамдардын санынан.

Анын элде, элде анын иши жок,
«Алсам», «жулсам», «тапсам» менен ичи чок.
Бардыгы бар, бирок анын башында,
Адамдыктын, адалдыктын күчү жок.

## БАШКА

Кыргыз тилим кызыгым да, кымбатым,
Билгендерге бийик сенин кылдатың.
Саа болушуп, сени коргоп талашып,
Азыр менин арбып барат чырдашым.

Сөздөрүңдү сөөлөтсүздөр бурмалап,
Жарып турат жаның күйөт булгалап.
Аргымакта болор эле кандай сын
Куйрук-жалын отоп салса жулмалап?

Кыргыз туруп кыргыз тилин билбесе,
Тилдесе да башка тилде тилдесе.
Дили, тили өзгө, чоочун неменин
Түшүнө албайм болот аны ким десе?!

Өз тилимди өзүм сыйлап сүйлөймүн,
Өз очогум, отун өзүм үйлөймүн.
Сенин жолуң, менин жолум бир башка
А сен баскан жолдо мен да жүрбөймүн.

## КУБАЛА

Аман болсок өтөт баштан далайлар,
Байлар дуулап, азап тартат малайлар.
Оодарылып оомал-төкмөл дүнүйө,
Кулап түшөт жаркыраган сарайлар.

Сынат кээде дөңгөлөгү тарыхтын,
Калайык калк күнүн көрүп карыптын.
Анда деле калыс турбай баарына,
Байга тийип ачык жагы жарыктын.

Заман бейиш качан болсо бардарга,
Кыйын экен жармач гана жандарга.
Бай банкрот болуп итке минсе эгер,
Озот бирөө аган эч бир таң калба.

Шарты ушундай болот тура сооданын,
Көп көрөбүз шыкыт кимге ооганын.
Акча деген бачагарды кубалап,
Оору кылат далайлары соо жанын.

Акча куумай, жанды жанга сабамай,
Туралбайсың аны эңсебей, самабай.
Алгың гана келип калат бирөөдөн,
А бирөөнө бергиң келбейт кара май.

Колдо барбы кичинекей менчигиң,
Бутка туруп эптеп-септеп телчигин.
Айландырып акча жасап турбасаң,
Көрө албайсың эч үзүрүн энчиңин.

Заман келди жан талашмай, жарышмай,
Калды күндөр жай баракат барышмай.
Өскүн, кыргыз, барчылыкты кубала,
Өзгө элдердин катарынан калышпай.

## БӨКСӨДӨ

Далай жашты мезгил кетти бөктөрүп,
Кайткыс кылып кырдан кырга өткөрүп.
Илебинде мелт-калт турган өмүрлөр
Өтө ылдамдап агып барат бөксөрүп.

Артта калды бир топ ашуу, кечмелик,
Кандай гана агымдардан кечпедик.
Өткөн жылдар жакшыбы, же жаманбы
Ал баары бир баарыбызга эстелик.

Болду баары: кубаныч да, кайгы да,
Жетишкендик, кемчиликтер, айбы да.
СССРдин бир мандеми бар үчүн
Шамал тийбей, шарт куланып калды да.

Ал кез кетти, келбейт эми көксөбө,
Мейлиң карга, мейлиң кейип, өпкөлө.
Кыйналуудан кыргыз байкуш чыга албай,
Турат азыр туңгуюкта, бөксөдө.

## «КАЧЫРЛАРЫН»

Мен сага таанышсам деп жакындадым,
Сен мага акыл айтып бакылдадың.
Түшүнүп кимдигиңди билгенимде,
Башымды анча деле катырбадым.
Сыртынан билбей сыйлайт экенбиз да,
Адамдан чыккан кай бир «качырларын».

## КАЙРАН ЭЛ, АЙ!

- Сен эмнеге кечкиң келет жашоодон?
Жададыңбы жан кыйноодон, жасоодон?
- Чындык жогу, зулумдардын күнү тууп,
Элди алпарып жакырдыкка матоодон.
Дитим барбайт мителерди кан соргуч
Заарканам атын дагы атоодон.
Көрүп муну тирүү жүргөндөн көрө
Артык го дейм кечкендигим жашоодон.

Келет баарын бирден терип таштагым,
Кесип алып тизип гана баштарын.
Талап-булап журт насибин кыйратып,

Ишсиз койду кайран элдин жаштарын.
Жугун койбой жутуп гана алышты,
Кайран элдин кан күйгүзүп тапканын.

Эсиң кетет эл эзилген убакта,
Каның ташып кулактарың тунат да.
Ыза күчү ашып кетти башыңдан,
Сезимиңди башка жакка бурат да.
Жеңилби дейм жайлап салып далайын,
Жүргөндүгүң журтуң үчүн суракта.

Чын айтайын мен жаныма кайылмын,
Чыкчуларга кошулууга дайынмын.
Жут алгансып жайлоолоруң жапжайдак,
Жугу калбай бара жатат малыңдын.
Кайран эл, ай, кайран эл, ай, кайран эл,
Кандай гана кара шорго малындың.

## КАПКАРАҢГЫ

Абам жүрөт жыңайлак,
Буурсундап жер айдап.
Тракторду түгөлдөй
Түгөтүптүр «жел» айдап.

Караанын кой эми андан,
Калбаптыр бир бурама.
Темир-терсек табам деп,
Тентигениң убара.

Жүргөн менен айылда,
Коңшу-колоң туштaшып.
Талаабыздан кайтабыз
Суу талашып муштaшып.

Канча сонун кара жер,
Калып жатат айдалбай.
Куурай, отоо кубанып,
Басып кирди буйдалбай.

Себерине үрөн жок,
Ат-шаймандан бирөө жок.
Бүт тонолуп түгөнгөн
Эл кургурда күнөө жок.

## ДАЛ ОШОЛОР

О, шум жалган, шум жалган,
Кутулар күн келеби
Журтту жеген шумдардан?!
Элге тийбейт жадаса,
Четтен келген гүмжардам.
Көргүлүктү көрдүк го,
Көкөлөгөн тыңдардан.
Артык нерсе жокпу дейм,
Өлүп гана тынгандан.

Өрүп кетти бөрүлөр,
Тийсең каның төгүлөр.
Колдорунда алардын,
Ата-тегиң, жөнүңөр.
Жылан болуп мойнуңа
Аркан болуп өрүлөр.
Дал ошолор силердин,
Казып койгон көрүңөр.

## ТАРТИП ТИЛЕЙМ

Мингендери жалаң иномаркалар,
Көөп алышкан эс-акылсыз канчалар.
Уурдап-тоноп, алып сатып дардактап,
Ушул күндүн уулусунуп барк алар.

Рыногуң шылуундардын күнү экен,
Акчалуулар азыркынын гүлү экен.
Алдуулары алсыздарын бүт тоноп,
Каалагандай калчап өмүр сүрүү экен.

Барга - бейиш, жокко - кейиш неме экен,
Кыска колго тозок менен тең экен.
Колу узунга кору такыр түгөнгүс,
Канча казса, чети оюлгус кен экен.

Баарын талап, баарын тоноп бүтүрүп,
Көбү рэкэт жүрөктөрдү түшүрүп.
Тартип жагын такыр тыйбай койдук го,
Көрүп туруп, билип туруп, түшүнүп.

Мафиянын те бийикте аягы,
Кылгандары баягысы баягы.
Ал-күч жетпей калган окшойт аларга,
Күчтүү чыгып, тапанчасы, таягы.

Туура кылат биздин өзбек агайын,
Атып салып рэкэттин далайын.
Ошол жагын албайсыңар эмнеге,
Мыйзамчылар бата берип алайын.

Эл бөксөрбөйт элүү, жүздү аткандан,
Бөрү - бөрү бошотсоң да капкандан.
Бизди кордоп, билгениндей кыйнашып,
Алар эмне түшүптүрбү асмандан.

Мен тилесем, тартип тилейм кудайдан,
Тартип бизди алып чыгат убайдан.
Эгер тартип туруп алса бу бойдон
Менде үмүт жок келечектен кылайган.

## ТЫЙГАНЫНАН

Ырдачу элек бир кезде мекеним деп,
Колду созсом Ай, Күнгө жетемин деп.
Санаа башка, ой башка бул күндөрү,
«Эртең ачка болбогой экемин» деп.

Кымбат баары, кыйналат кара жаның,
Күнү тууду майда, чоң арабанын.
Кесир кылып далайды чануучу элең,
Ташка тийип так катты самаганың.

Келди-кетти бир заман өңбү, түшпү,
Бир заматта корголбой өлдү, түштү.
Билбей турам бул күнгө мен өзүмдү,
Кандай кылып, кандайча көндүрүштү.

Калк карандай айрылды ыйманынан,
Ажырады акыркы жыйганынан.
Кантсе дагы эл болуп келе жатат
Кыргызым өзүн өзү тыйганынан.

## ТУЮКТАН

Бу дүйнөгө келдиң - көрдүң азабын,
Арттың далай тарткылыгын жазанын.
Жыргалынан жыласы көп, чиркин, ай,
Арам жыргап, өту жанбайт тазанын.

Бооруң ачыйт бечарага, момунга,
Актыгынан мүлкү тартыш колунда.
Топук кылып «шүгүрчүлүк» деп коюп,
Жүрө берип кудай гана жолунда.

А шылуундар кеткен уят, сыйыттан,
Ажыраган Алла, арбактан, ыйыктан.
Биз чыга албай жүрөбүз да темселеп,
Дал ошолор жасап жүргөн туюктан.

## БУЗУЛГАНДЫ

Айрылдык түгөл жыйгандан,
Аябай кеттик ыймандан.
Жалтанбай калдык азыр биз
Жайма-жай жанды кыйгандан.

Ажырап кыргыз салтынан,
Ак кыздар кетти баркынан.
Аргасыз түшүп алышты
Акчанын гана артынан.

Бойлорун сатып соодалап,
Кийинген болот модалап.
Жаш кыздар минтип отурса,
Жашообуз кантип соо калат?!

Бул өзү акыр заманбы,
Баскандай бетке таманды.
Кыздарды кымбат сактоого,
Кылабыз кандай амалды?!

Иш болбой жатса жаштарга,
Күрөштүк кантип мастарга?
Ушундай ишти жасабайт
Ниети бузук кастар да.

Жаштарсыз курсун күнүбүз,
Жашаган болуп жүрүбүз.
Ошолор менен уланат
Ооматтуу өмүр сүрүүбүз.

Келечек өтө булганды,
Кейишке катуу чулганды.
Балкытып мезгил отурат
Байлыкка гана тунганды.

## ӨРТТӨНҮП

Көңүлдө муңуң таш жарып,
Көзүңдөн кулайт жаш тамып.
Зарыңа бошоп, жүрөгүм
Найзага турду ашталып.

Жубайың кулап көксөгөн,
Ыйыңды уктум өксөгөн.
Жаштыгың аяп, жан ачып,
Жаа өтүп турду өпкөмөн.

Сай-сөөгүң сыздап эзилдиң,
Орунун жоктоп теңиңдин.
Өзөгү турду өрттөнүп,
Өмүрдү сүрөр кезиңдин.

## ООДАРЫЛЫП АЛГАНДАЙ

Ар адамдын жаман, жакшы жагы бар,
Бирөөлөрдүн акылы жок, багы бар.
Ушул биздин кара аламан заманда,
Каалагандай жашай турган чагыңар.

Колуң жетсе, коштоп катын аласың,
Тартынбайсың, тамдан тамды саласың.
«Кандай?..» дечү те илгерки заман жок,
Жеп-ичкендин тескеп турчу чарасын.

Жегенге маш жетимиште кысталак,
Ооматы артып он сегизде кызды алат.
Кийиндирет, ичиндирет, жыргабай,
Деген менен дене сууп кызганат.

Жаман болду жумушу жок кыздарга,
Жаман жолго түшүп жатат кыздар да.
Жарга жакшы жардай болчу жигиттер,
Арак ичип сулап жатат сыздарда.

Боз уландын кээси сатат семишке,
Кайырчы чал үлүш кылган жеңишке:
«Заман минтип бузуларын билгенде,
Бүт багынып бермек болмок немиске».

Сөздөр чыгат бул убакта ар кандай,
Чакчалекей чоң согуштан калгандай.

Ойлоп-ойлоп таң каласың өзүңчө,
О дүйнөгө оодарылып алгандай.

## ШЫМ ЭЛЕ

Тойдуңар го тойчулар,
Сойдуңар го сойчулар.
Адам адам болгону
Эч силердей чыкпаган
Бүтүн мүлжүп койчулар.

Тоноп, ташып тойдуңар,
Жоо чапкандай кылдыңар.
Тракторлор, комбайн
Жер жуткансып жоголуп,
Дабышы жок кылдыңар.

Механик деген бар эле,
Быт-чыт болду шыр эле.
Өгүз менен соко айдап,
Отоо басып бүт аймак,
Болуп калды шым эле.

## КАЙ МЕЗГИЛДЕ

Карга көзүн карга качан чокуган,
Жору тарпты аңдып турат чокудан.
Чырмалышкан мафиоздор кыргызды
Чымга айлантып коебу деп чочунам.

Байыркы сөз: «балык сасыйт башынан»,
Көсөмдөр көп көмөчүнө ташыган.
Жаш баладай колдогусун тарттырып,
Журттун көбү ажырады ашынан.

Өкүмдардын өргө ташы кулады,
Өкүм сүйлөп, өрчүп турган убагы.
Кайран элдин кабыргасы кайышты
Билбейм, качан, кимге жетет убалы.

Кой оозунан чөп албаган момунбуз,
Көз жумганы жатсак дагы «сонунбуз».
Көзгө толор бирдемелер өндүрүп,
Кай мезгилде элге окшойбуз корунгус.

## БӨӨДӨ ЖЕРДЕН

Өлсөм дагы айтпайм сага сырымды,
Айтсам дагы ачпайм бирок чынымды.
Өз башыма артык үйүп не кылам,
Эч пайдасыз чуу чыгарчу чыгымды.

Ишенбеймин тазалыгын ичиңин,
Натыйжасын билем кылган ишиңин.
Бетке кармап куранды да, кудайды
Шамшары курч шайтанысың кишинин.

Сөз сүйлөсөң таңдайыңан чаң чыгат,
А тилиңден салаа-салаа бал чыгат.
Каапыр сенин амалыңдын артынан
Бөөдө жерден кан чыгат же жан чыгат.

## КЕК МЕНЕН

Тил тийгиздиң сен улукка байкабай,
Ал тек турду башын дагы чайкабай.
Эртеси эле эч дайынсыз жоголдуң,
Ата-а, чиркин, кызыл тилдин шайтаны, ай!

Бийлик - бийик сенин колуң жетпеген,
Жүргөнүң оң ченем менен, чек менен.
«Бөөдө каргыш качан тийген бөрүгө»,
Жашай бергин жан кусалуу кек менен.

## КӨРҮНДҮ

Түн эң керек ууру менен бөрүгө,
Олжосу үчүн оңой чыгат өрүүгө.

Көзгө сайса көрүнбөгөн караңгы
Көмөк болот көксөгөнүн бөлүүгө.

Алар үчүн түн жамынган көшөгө,
Эркин жүрөт ойго, кырга, көчөгө.
Бирөөлөрдүн жан кыйналып тапканын
Баса берет балакетиң көтөрө.

Коркпойт булар адамдан да, кудайдан,
Жолду табат, түшөт көктөн, дубалдан.
Бөөдө каргыш тийбейт ууру, бөрүгө,
Жылкыларды жара тартат суналган.

Туюп калсаң, беттейт кайра өзүңдү,
Бир заматта жалп өчүрөт көзүңдү.
Көз көрүнөө журт тоногон шылуундар
Ажалдан да ач көзүрөөк көрүндү.

## АКЧАНЫН

Тытынбасаң кайдан чыгат тыянак,
А бекерлик бел ашыргыс кыямат.
Бу дүйнөдө алдым-жуттум бар үчүн
Адамдарга адам кылат кыянат.

Көз баштык бар баарыбызда, түгөнгүр,
Ай, ошонун толорлугу күмөндүр.
Болгон сайын болуп турса деп самап,
Напси деген тыйылбаган күнөөңдүр.

Бирөө тонойт бирөөлөрдүн тапканын,
Тартып алат күчтүү алсыздын ак малын.
Адамдан да, Алладан да капырай,
Ашып түштү алы-күчү акчанын.

## ЭМНЕҢ КАЛДЫ?!

Калдык окшойт оңолбой да, түзөлбөй,
Калк кайышып, калк кыйналды түгөлдөй.

Өткөөл мезгил деген кара балаасы
Жылдан жылга жылып барат түгөнбөй.

Баратабыз тонолгондон тонолуп,
Кетер мезгил келер бекен оңолуп.
Бир ууч сүлүк соро берсе калк канын
Эл эл болбой, эзилет го жоголуп.

Азап түштү чөккөн кемпир, чалдарга,
Тое тамак жебей калды балдар да.
Көнбөскө да, көтөрбөскө чара жок,
Не кыласың маңдайыңа жазганга.

Иш жогунан ууру болду уландар,
Урап түштү те кечөөкү ураандар.
Талкаланып таза бойдон тонолду,
Совет кезде эл-журт курган дубалдар.

Дал илгерки пролеткульт болушту,
Бир сүрмө топ сүлүк болуп сорушту.
Сан байлыгың, жерге батпас малыңды,
Бир заматта мойсоп гана коюшту.

Жеп коюшту темириңди темирдей,
Өзүн санап көктөн түшкөн Теңирдей.
Калайык калк карап тура беришти,
Баео гана карышкырдын жеминдей.

О, шумдук ай, кандай эптүү жегенге,
Үйрөнүшкөн үгүттөргө, дегенге...
Түбү барып бир жакшылык кылар деп,
Эч ойлобойм, эч ишенбейм сени элге.

Белчебизден баттык бекем карызга,
Калбай калды бизде ар да, намыс да.
Өзүбүздү тоноп-талап өзүбүз,
Кай бет менен баралабыз арызга.

Отоо каптап ондурбады эгинди,
Чет эл, билбейм, эмне кылат кениңди.
Түбү барып карызына алат го,
Эстери оогон элиң менен жериңди.

Дардактайбыз төш койгулап: «Эгемен!»,
Жер жуткандай техника не деген...
Эч болбосо карманбадык ошону,
Эй, шылуундар эмнең калды жебеген?!

## БИЛБЕЙМИН

Тышта кар түшүп жатат уйгу-туйгу,
Сыягы быйылкы кыш оор болот.
Менин да көңүлүмдө ишеним муз,
Билбеймин, алда кандай доор болот.

## ЖАРАБАЙТ

Биз көп көрдүк чабалды да, кыйынды,
Тийген күндү, чаң учурган куюнду.
Бир заманда Теңириңе карабай
Кол жеткисти сатып алчу тыйындуу.

Акчаң барбы - жетпегенге жетесиң,
Өлбөй-өчпөй өтпөгөндөн өтөсүң.
Акчаң жокпу - абройдон кетесиң,
Быкшып жүрүп о дүйнөгө көчөсүң.

Алдуу, күчтүү акча деген бачагар,
Амандыкта акча курап жашаңар.
Антпегенде айла куруп, ал куруп,
Кара көздөн кан аралаш жаш алар.

Өлгөнүңө азыр эч ким карабайт,
Барсыңбы же жоксуңбу эч ким санабайт.
Салттан кетип сатык болду баарысы
Суу тамызуу пулсуз такыр жарабайт.

## ТҮШҮНБӨЙСҮҢ

Акча жаман, акча азгырык бачагар,
Сымаптан да, суудан дагы бат агар.
Алың дагы, арманың да, кадырың,
Барып-келип дал ушуга такалар.

Акчаң барбы - асман сенин колуңда,
Ишиң жылып, итиң чөп жеп оңунда.
Акыл туруп, эгер акчаң жок болсо,
Азап арбып, күйүт жүгү жонуңда.

Акча балбан көктөн жылдыз алдырат,
Алпты жыгып, акылынан тандырат.
Кыйынсынып кыжыңдасаң жайма-жай,
Кызыл тилиң кызыл чокко малдырат.

Демикпегин демократия экен деп,
Желикпегин жетпегенге жетем деп.
Сен билбейсиң, түшүнбөйсүң бул күндө,
Кайсы эл, жерди жатканыңды мекендеп.

## КАРАКТАП

Өзүмдүн да шорум бар,
Сөзүмдүн да шору бар.
Багы ачылар жумуштун
Байкалбас бир жолу бар.

Жетпейт көзүм далайга,
Түшүнө албай түйүнүн.
Кызыгы көп чынында
Кызыл чокко күйүүнүн.

Бул дүнүйө жалгандын,
Толгон токой арманы.
Карап туруп баш катат
Чынынан көп жалганы.

Заман жаман бузулду,
Терс жагына бурулду.
Туш келесиң не күнгө
Боло берип урунду.

Журт калганда алактап,
Көптү көбү далактап.
Тойбогондор байлыкты
Тоноп кетти karaктап.

## КӨРҮНБӨЙТ

Журт башкарат калыс, катаал, тазалар,
Жугумсуздар албайт калкты таназар.
«Чымчыкты да касап сойсун» деген бар,
А биз азыр болуп турбуз жарадар.

Бийлик өлдү: бар же жогу сезилбейт,
Бирөө гана бышып, күйүп безилдейт.
Бай кыргызың жарды кыргыз болгонго,
Кантип гана кара жаның эзилбейт.

Малды кырдык, машинасын тонодук,
Калк ырысын капчыктарга солодук.
Тартип болбой, баары болду таламай,
Анан кантип коомубузду оңодук?!

Оңолгустай отоо басты эгинди,
Кыргыз жылбай кылым артка чегинди.
«Кеменгерлер» керт баштарын ойлойт деп,
Бүт баарына артып калдым шегимди.

Мыйзамдар көп, мыдыр эткен жылыш жок,
Жаштар бекер жасаарына жумуш жок.
Кыйраткансып той беребиз тойрондоп,
Келечекке керектүүнү куруш жок.

Кайда, кимде четтен келген карыздар,
Аны билбей арбын болду арыздар.
Биздин коңшу казак тууган айткандай
Баарын, баарын соруп кетти жауздар.

Ищ жасабай өзүбүзгө ылайык,
Былыгыбыз чыгып жатат булайып.
О, капырай, жакшылыктын бир чети
Же сезилбейт, же көрүнбөйт кылайып?!

## КӨРҮП ТУРУП

Жаагымдан жашым тамат жаздыгыма,
Кыргызым, кыйналамын аздыгыңа.
Жел буйла эл экенбиз деги өзүбүз
Тез ээрчип, тез бурулган азгырууга.

Калп айткан убадага ишенебиз,
«Ушундан мыкты жок!» деп күчөнөбүз.
Мурунга суу жеткенде анан барып,
Карманып оозубузду түшүнөбүз.

Баарысын былгытса да кечиребиз,
Куру сөзгө курсак тоюп эсиребиз.
Өзүбүз өзүбүзгө өрттү коюп,
Күйгөн соң шашпай барып өчүрөбүз.

Калкыбыз камаарабас койдон момун,
Кайышып жатканда да жообу: «сонун!»
Ичим тап болуп жүрө беребиз да,
Көп иштин көрүп туруп оңу, солун.

## КЕЧИРИЛЕТ

Адам болбойт үмүтсүз да, талапсыз,
Аш, той дагы өтпөй калды араксыз.
Пенде кургур жашай албайт көрүнөт,
Тирүүүлүктө жаман, жакшы адатсыз.

Ыйда дагы, сыйда дагы ичебиз,
Ашык согуп абыт болдук эчөөбүз?!
Ашып кетсе бозо, кымыз ичишкен,
Момун, сонун кыргыз элек кечөө биз.

Озуп кеттик бул жагынан орустан,
Бул талантка оозун ачып орус таң.
«Мыкты-мыкты» улан-кыздар чыгышты,
Көз ачпаган биздин ата конуштан.

Кээ чалдардын кесме болду сакалы,
Кемпир ичип кеп-сөз болду атагы.
Акыл-эсин ууктурбай соо туруп,
Карыялар бербей калды батаны.

Калбай барат карылардын ускасы,
Кичүү кантет тигил болсо устаты.
Өзгөчө бир өлүк болуп көрүнөт,
Сакалдуунун есып-ирип укташы.

Баарыдан да кападармын келинге,
Апси ачтырып арак толгон желинге.
Наристелер уу сорушуп чоңоет,
Укмуш болду «улуу кыргыз» жеринде.

Жаштар кирди жамандыкка жайыла,
Айлангансып арак ашка, дарыга.
Эң биринчи ушул бизди сүйрөгөн
Акылсыздык, акмактыктын жагына.

Ичет баары: падыша да, башка да,
Чоң ийгилик, өмүр тилеп башкага.
Бул илдеттен кыргыз чыкпай калды окшойт
Ай, ким билет, Айга чыга качса да.

Тартсак кантет кош кол менен тизгинди,
Эл элек го, эс-акылдуу, жөн билги.

Жакшылыкка бурулбасак жарабайт,
Ыйманыбыз болуп барат эң кирдүү.

Шылтоолобой жокчулукка, турмушка,
Жаныңды үрөп, жакшылыкка тырмыш да.
Дал ошондо дилиң, дитиң тазарат,
Кечирилет кудуреттен кылмыш да.

## БИРДЕЙ КЕРЕК

Жакшынын сөз сүйлөсө жалганы жок,
Жамандын журт ичинде салмагы жок.
Жаралган ушул жалган дүнүйөгө,
Жаныңдын түркүк болуп калмагы жок.

Өлгөндүн жолун улаар тирүүсү бар,
Жан бүткөн жазган өмүр сүрүүсү бар.
Насиби элден бекен, жерден бекен,
Буюрган ар киминин үлүшү бар.

Байысаң манчыркайсың дөөлөтүңө,
Баарысы даяр турат сөөлөтүңө.
Тизгинди текеберден тарта жүргүн,
Кабылмак арзан жумуш мээнетиңе.

Жаманга жакын болбо, жалынбагын,
Жакшыга жактырбаса жагынбагын.
Кошомат деген итке кол сунбагын,
Кар болуп калса дагы жарым жаның.

Алланын буюрганын жемек парыз,
Чындыкты чындай айтуу, демек парыз.
Улуута, кичүүгө да, аял, эркек -
Баарына бирдей керек уят, намыс.

## КАЛДЫ ӨНДӨНӨТ

Бүт кыйрады тартиптин жоктугунан,
Бүт тоноду шылуундар шоктугунан.

Бардар үчүн тим эле бейиш болду,
Тooктордой союлуп токту, кунан.

Ашырышты жегичтер амалдарын,
Билип, билбей жөн койдук жаман жагын.
Ой тобо, байкабаппыз кыргызда да,
Кадимки карышкырлар, каман барын.

Тоноду тоноочулар билгениндей,
Илишти илүүчүлөр илгениндей.
Мертинип итке минип калың кыргыз,
Жыла албай калды өңдөнөт илгерилей.

## АКЫРЕТ

Душман кылбайт башчылардын кылганын,
Тоноп бүттү өз элинин кырманын.
Азыр деле чыгара албай турабыз,
Кокобузга батып калган тырмагын.

Көзүбүзгө көр топурак чачышты,
Көк бөрүдөй баарын жула качышты.
Алар билет бизди кантип алдашты,
Сыртыбыздан сыпаа кандай сатышты.

Колубузда эмне гана жок эле,
Калктын карды камаарабай ток эле.
Ошолорду сактап калбай тим коюп,
Салышты да ичибизге чок эле.

Чоң согуштан калган гана немедей,
Бүтүн нерсе бүлүндү го ченебей.
Үстүбүздө бийлеп турган шумдарга,
Бир ишеним болбой калды кенедей.

Кол жеткендин баары болду карышкыр,
О, жулгандар, колдоруңар карышкыр.
Ошолордун журтка тийди залалы
Арбак, Алла арабыздан алыс кыл.

Алар сезбейт убалды да, соопту,
Даяр табат элди алдаган жоопту.
Хамелеон болуп алган тозоктор
Ажалдан да артыгыраак кооптуу.

Элди ойлобойт, элге көөнү карарган,
Сүлүк курттай сүтүн түгүл кан алган.
Ажыдаардын анык өзү ушулар
Оп тартканда калбайт сенин жан аргаң.

Калбады эми калың журттун чыдамы,
Кайыш болуп канча жылы чыдады.
Бүт карызга малып коюп өлкөнү
Күмөн жумуш кризистен чыгаары.

Муун бизге айтат кийин акаарат,
Артын билбейм, кандай күнгө такалат.
Ойлогондо ошолордун тагдырын
Ой-сезимим ой бир жаман маталат.

## ЗЫЯРАТ

Пайда болду элибизде ач-арык,
Чоң-кичине ыйлайт көзгө жаш алып.
Карышкырдан корккон койлор сыңары,
Туруп бердик туңгуюкка маталып.

Элден чыкты эл тоногуч мителер,
Соруп дагы далай жерге итерер.
Момун кыргыз момундугун көрсөтүп,
Бул кордукту билбейм канча көтөрөр.

Бизди алдашат болдук дешип эгемен,
Кымырышты байлыктарды не деген.
Ошолордун суроо-сопкут жообу жок,
Жан чыкпады сан-эсебин ченеген.

Куу, шумпайлар алдын ала билишти,
Кандай камтып, кай жеринен илишти.
Шылтоо кылып, жеке менчик багытын,
Ит бекерге мүлдө тоноп киришти.

Дал ошентип жыйган-терген чачылды,
Башчылардын араандары ачылды.
Колубузду байлап жүргөн эле деп,
Мурункуга муштум түйүп асылды.

Талап кирди эч карабай жан-жакты,
Эске алышпайт Алла менен арбакты.
Бул ойрондор ободоюу соолгон,
Билишпеди эл тиштээрин бармакты.

Жамы журтка жаман кылды кыянат,
Чекке жеттик - ушул болду тыянак.
Күнөөсүнөн арыла албайт буларың,
Чоң Мекеге миң жол кылса зыярат.

## САНААГА

Турмуш дал-дал, туш-тушунан сөгүлдү,
Туйтунгандар кут-бакытка чөмүлдү.
Бир заматта бири бай да, бири кул,
Өрттөп бүттү өзөктү да, көңүлдү.

Куулар дагы туралышпайт кууланбай,
Кээси жүрөт кылыгына ууланбай.
Ыргытсаң да түбү терең иримге
Кургак чыгат кирпигинде суу калбай.

Момун байкуш момун бойдон момурап,
Каруу жумшап кара жерди томурат.
Амалкөйлөр ошолордун үстүнөн
Жыргап жүрөт жыйып-терип сом улап.

Адилетсиз түбүң түшкөн замана,
Кылгылыкты кылдың чоңго, балага.

Кабыргасы кайышканы элимдин
Жан кейитип салып турат санаага.

## ТҮШҮНБӨЙМ

Балыктар балыкты жеп өмүр сүрөт,
Ким болсун көз түшкөнгө көңүлсүнөт.
Адамдын алдуусу да алсыздарын
Сүлүктөй соргонун журт көрүп жүрөт.

Көп көрдүк бакылдаган текелерди,
Ал билди кай тарапка жетелээрди.
Карыны жарылгыча карк тойду да,
Каалаган ишин жасап кете берди.

Күнөөсү түшкөндөр да моюнуна,
Дагы эле солоп жатат коюнуна.
Ушуну теске салып кое албаган
Түшүнбөйм чоңдоруңдун оюнуна.

## КӨРБӨГӨМ

Жей берсин кыкты жегендер,
Дей берсин арттан дегендер.
«Ит үрөт, кербен жүрөт» деп,
Терикпейт ичи терендер.

Быча бер сырттан тонуңду,
Тарта бер тартчу торуңду.
Ыпылас сендей ылайга
Булгамак белем колумду.

Таратсаң тарат ушакты,
Курчутсаң курчут бычакты.
Сырыңды билген үчүн мен
Ачпаймын колтук, кучакты.

Жүрөсүң сырттай эрдемсип,
Асмандан түшүп келгенсип.

Теңирим сени жаратып,
Текейден бизди тергенсип.

Көзүндү бүтүн май басты,
Ойлойсуң кандай жайлашты.
Көөсөрдүн көргөм далайын,
Көрбөгөм сендей май башты.

## ЖЫЛДЫЗЫҢ

Карабай элдин убалын,
Какшатып турган убагың.
Эй, заман, сенин түрүңө,
Түкүргүм келип турамын.

Карыны көрүп какшаган,
Кара жер жутчу баштаган.
Сүлдөрүн жаман кетирип,
Сүлүк курт болдуң актаган.

Карууга толгон жаштарын,
Карандай ишсиз таштадың.
Аргасы куруп аракка,
Алмашып турат баштарын.

Абийирин сатып акчага,
Ак кыздар болду маскара.
Көсөмсүп жүргөндөрүңдүн,
Көңүлү такыр башкада.

Налогду салдың көтөргүс,
Карызды алдың өтөлгүс.
Кайрымын анын бере албай,
Кан какшап жүрүп өтөрбүз.

Куруду эл-журт, куруду,
Иттери ачтан улуду.
Сергилең тартып арыктап,
Семирип бүттү улугу.

Кымбатка турду жарыгы,
Жандырбайт элдин жарымы.
Кейишке салган бул заман,
Кетирдик кантип тагыңы?

Бөрүлөр тоноп байыган,
Төбөсү көктү тайыган.
Омкоруп белин алды журт,
Ошонун гана айынан.

Бүтүндөн өттүк майдага,
Бирине бири каймана.
Тыңырак оокат кылууга,
Трактор менен май кана?

Каптады отоо жеринди,
Өстүрбөй басып эгинди.
Мазасы кеткен замана,
Маскара кылдың элиңди.

Мусулман болгон кыргызың,
Биле албай калды уул-кызың.
Өзгө бир динге өтүшүп,
Өчүрүп турат жылдызың.

### АЛЛА КАНДАЙ?

Кабагы ачык азыр тойгондордун,
Токтуну тоок сымал сойгондордун.
Көздөрү дале бөксө келе жатат,
«Болсо» деп болгон сайын ойрондордун.

Заманы жүрдү белем жулкунгандын,
Арааны ачылды бейм кулкундардын.
Чарасы какшып калды топук кылып,
Эл-жер деп таза жашап олтургандын.

Чачты бейм кайран мүлктү каалагандай,
Аларын алды бекер баалагандай.
Шылуундар кара калкты кайыш кылат,
Бул ишти көрөт болду Алла кандай?

## О, ЧИРКИН!

Кара жаккан адамга,
Кандай жесе аш болот.
Дөөдөй болуп семирип,
Дөөлөтүнө мас болот.

Коргогону - мансабы,
Көр кымтыды канчаны.
Чар учкандай таратып,
Чамасынча калчады.

Жетпеген соң акылы,
Желге кетти акыры.
Караан үзүп жоголду
Калкалаган жакыны.

Үйдө отурат үңкүйүп,
Жалгыз өзү сокудай.
Адилеттик, о, чиркин,
Кандай калыс сотуң, ай!

## КИМДЕР БАР?!

Көз аман кезде көрөсүң,
Бийлигиң болсо - төрөсүң.
Кудайдын кылган ишине
Кууланган менен көнөсүң.
Ажалдан калган жан болбойт
Акыры бир күн өлөсүң.

Гүлдөрдөн артык гүлдөр бар,
Түндөрдөн артык түндөр бар.

Көз жумулуп кеткиче
Көңүлдөн кеткис күндөр бар.
Жашоону сүргүн жашоодой,
Жалгандан өтпөс кимдер бар?

## КӨБҮҢӨР

Келиндердин токтоп калды төрөшү,
Тар заманда тартыш тура төрөлүү.
Төрттөн-бештен аял алсак деп турат,
Кыргыздардын кыйын чыккан төрөсү.

Асманга учту акчалардын дөөлөтү,
Артып кетти акчалуунун сөөлөтү.
Ошолордун кесирине кабылып,
Белден басты бечараны мээнети.

Жеп салышты, мүлжүп бүттү ыйманды,
Карышкырча талап кетти жыйганды.
Угуп алып төбө чачың тик турат,
Бала сатып, өмүрлөрүн кыйганды.

Жаш кыздардан «жапма челек» ачышкан,
Баасын бычып бардарларга сатышкан.
Ушундай бир алааматтуу күн болду,
Жүрөк түгүл жүлүндөрүң ачышкан.

Жаштар ишсиз, жабырланды арактан,
Ичкен ашың араң өтөт тамактан.
Келечекки муун эмне күн көрөт.
Колдой көргүн, о, колдоочу жараткан.

Жогоркулар колу жаман булганды,
Кара көөгө кадыр-баркы чулганды.
Ай деген да, кой деген да бирөө жок,
Кайра колдойт алган менен жулганды.

Артты алардын мартабасы, мансабы,
Калбырына калчап турат канчаны.

Ээн коюп, эрке талтаң кылышып,
Эмне алардын эл азабын тартабы?!

О, шылуундар, тойбоду го көзүңөр,
Деле жылуу, деле шумдук сөзүңөр.
Ачуу чындык, айтпай турган акым жок,
Асып салчу адамсыңар көбүңөр.

## КӨЗҮМ БАР

Кыш келди, кыйналдык жок отунубуз,
Кыйын иш жылуусу жок отуруубуз.
Аргасыз бак кыюуга баратабыз
Турса да ыйык жерден чочунуубуз.

Ыйык бак, кечир, сага балта чабам,
Мажбурмун, ыйлап канча балталасам.
Жараткан, жарамсыз иш жасап жатам,
Менде эмес күнөө сени талкаласам.

Билемин байлыгым да, жылуум сенде,
Өзүңдү кыяар кезде кылам келме.
Алдыңа бет чымырап келип турат,
Кечөөкү сени сүйгөн уяң пенде.

Акчам бар таш көмүргө татыбаган,
Унум бар гумжардамдан ачыбаган.
Бир сени, бир өзүмдү аяп турган
Көзүм бар, ыза кайнап жашыбаган.

## БИР УЯНЫН

Айралбай жолдошумбу, душманымбы,
Ичиме түйүп жүрөм бушманымды.
Кантсе да көз көрмөйүн ишенбеймин,
Кайдыгер карап коюп укканымды.

Угамын анысын да, мунусун да,
Экөө тең түз киши эмес угушумда.

Биринин сөзү ширин бал татыган,
Биринин шайтан ойнойт мурутунда.

Ишенип, ишенбеймин - ириямын,
Тилимди тишке таяп кылыямын.
Акыры бети ачылды экөөнүн тең
Үрөнү экендиги бир уянын.

## О, ЭЛ-ЖУРТ

Арак ичкен адамдар коркок болот,
Кылар ишин билсе да чоркок болот.
Баш жазгандан башканы ойлобогон,
Байкуштарың баео бир торпок болот.

Арак ичкен адамдар жалтаң болот,
Жапжаш туруп жалдырап картаң болот.
Канча күлүк болсо да кайрандарың,
Бара-бара баспаган тарпаң болот.

Арак ичкен адамдар кептен калат,
Акырындап алыстап көптөн калат.
Ар кимдерден карыздап сурап жүрүп,
Кайра кайрып бере албай беттен калат.

Арак ичкен ажырайт бүлөсүнөн,
Кетип калат кеңкейип түнөөсүнөн.
Азезилге ушинтип азгырылган,
Ал жакта да арылбайт күнөөсүнөн.

Арак ичкен дос күтөт ичкендерден,
Өз ырысын өздөрү кескендерден.
Тирүү эле басып жүрөт дебесеңер,
Айырмасыз о дүйнө кеткендерден.

Арак ичкен каакы албай акылыңды,
Аа баары бир касыңбы, жакыныңбы.
Ал өзү дос да көрөт, тууган көрөт
Алиги арак деген бакырыңды.

Арак ичсе аа бир кеп катын-бала,
Эстегени жапжалгыз «баатыр» гана.
Айдай сулуу аялы жек көрүнөт,
Маңдайында тургансып качыр гана.

Арак ичкен карабайт бойлоруна,
Эмне түшсө дөөдүрөйт ойлоруна.
Акылына дес берип токтотпосо,
Ай, ишенүү кыйын иш коймогуна.

Чанда бири кайрылат арыстандын,
Бөтөлкөгө бөрүдөй алышкандын.
Кыргыз жигит, ойлонуп кыргыздыгың,
Кыйналсаң да илдеттен алыстагын.

Алыстоо «асылыңдан» кыйын болот,
Балаанын баарын чечкен тыйын болот.
Бир эрдик жасап, боорум, таштап койсоң,
Кыргызга кымбат баалуу сыйың болот.

Кайрылчы, кагылайын, суранаарым,
Ойлончу сенден тукум уланаарын.
Кийинки урпак жайы не болот деп,
Бозоруп, бордой болуп кубарамын.

Жумушсуз жумуш кылдың ичкиликти,
Көбөйттүң уурулукту, кескиликти.
Кыйындар, кыргыздарды ойлосоңор,
Токтотуу керек мындай итчиликти.

Бул күндө күнү тууду арактардын,
Талыды каруу-күчү канаттардын.
Жакшылык жакты көздөй алып барбайт
Акыры мындай жаман адаттардын.

Айланса жаш өлкөбүз мас өлкөгө,
Өзүбүз өзүбүзгө кас өлкөгө.

Анда эле арзан жумуш жетеленүү,
Башка бир баба билбес баш өлкөгө.

Бул илдет каптап келет баарыбызды,
Кыз-улан, келин, жигит, карыбызды.
О, эл-журт, сандан чыгып калабызбы,
Сактабай кыргыз деген арыбызды.

## ЖАЙ БОЛОСУҢ

О, пайданын көбүнөн
Азы жакшы деп жүрөт.
Тобосу жок адамдар,
Топук кылбай жеп жүрөт.

Араан жаман ачылса,
Абийир күлдөй чачылса.
Алла көрбөй коебу,
Арамдыкты жашырса.

«Кыңыр иш да кырк жылда,
Ачылат» дейт кыргызда.
Башка болуп эл-журттан,
Бармак белең жылдызга.

Улуу той го чынында
Көргөн жумуш көп менен.
Жебеген жок жерде дейт,
Жегин ченем, чек менен.

Салып ийсең беш колду,
Таппай калдың эч жолду.
Жай болосуң бир күнү,
Душманың же эл колдуу.

## КАНТИП, КАЧАН?!

Көп нерсенин сырын чечип түйүндүү,
Совет доору бизди кылды билимдүү.

Бирок ага таш боор бала өңдөнүп,
Боло албадык кайрымдуу да, күйүмдүү.

Кулатышты, карап турдук шаңданып,
Биле албадык түпкүлүгүн таң калып.
А шылуундар талап кирди бөрүдөй,
«Тобо!» дедик жакабызды карманып.

Бүт бүлүндү чоң согуштан калгандай,
Эл дел болду эс-акылдан тангандай.
Жегичтерге Күн тууду да, Ай тууду,
Ата-энеси энчи бөлүп салгандай.

Ишенчүбүз элдин камын көрөт деп,
Өзүнө эмес, көпкө көңүл бөлөт деп.
Кайдан билдик каран калган шылуундар,
Бийлик үчүн башын сайып өлөт деп.

Эл жыйганды сорушту бейм сүлүктөй,
Нык тоюшту, семиришти чүлүктөй.
Баары тыйпыл талкаланып жок болду,
Башка түшкөн бир алаамат бүлүктөй.

Иш билбедик, итке миндик баарыбыз,
Дагы толо көз көрө элек жагыбыз.
Куру сөзгө курсак качан тойчу эле,
Эмгектенбей эч ачылбайт багыбыз.

Жер иштелбейт бу заманда кол менен,
Өндүрбөгөн өлкө жашайт шор менен.
Кризистен кантип, качан чыгабыз,
Кандай сыйкыр, касиеттүү жол менен?!

## ЗАРЫЛ ИШ

Түшүм жакшы, жаман эмес болжолу,
Ишим жүрөр кирешелүү, олжолуу.
Көзүн тапсаң, көпкө жетчү жолдор бар
Азыр эркин адамдардын кол-жолу.

«Иштебеген - тиштебейт» дейт аныгы,
«Үйдүн үйгө тийбейт чыны, жарыгы».
Анык эми сынай турган кез келди
Ал-күчүңдү, адамдыгың, арыңы.

Өлдүм десең, ким таң калат, өлдүң да,
Тагдырыңдын жазмышына көндүң да.
Баары сатык, үмүт үз, жок баягы,
Бу кай заман экендигин көрдүң да.

Жан эмессиң жарты тыйын таппасаң,
Өнөр жолду өзүң билип тактасаң.
Бейишиңди колдон жасап аласың,
Бекер басып, бекер уктап жатпасаң.

Каруу казык, баш токмоктун жумушу,
Улан-кыздын уят ишсиз турушу.
Ошолорго эң биринчи зарыл иш
Кызык иштеп, кыргыз коомун курушу.

## КАЛКЫҢДЫ

Ажал келсе алгысы,
Жандын келет калгысы.
Бу дүйнөдөн о дүйнө,
Кимдин келсин баргысы.

«Барбайм!» десең болобу,
Албай Алла коебу.
Жер үстүнүн бир келген,
Экенбиз да коногу.

Баары калат артыңда
Түккө турбайт баркың да.
Жакшы, жаман ат гана,
Жашап жүрөт калкыңда.

## ЖАБЫШАТ

Баарынан жаман бекерлик,
Басынтып түпкө жетерлик.
Жабыгып өлүп баратсаң,
Жан чыкпайт жардам этерлик.

Жалкоолук кемдин ырысы,
Мезгилдин өткүр кылычы.
Мелтиреп турбай иш жаса,
Мээңдин болсо бырышы.

Колуңа жукпайт иш деген,
Кор болмок беле иштеген.
Эстүүлүк менен эмгек кыл,
Эки эсе жигер күч менен.

Баккының бала-чаканы,
Бар болуп топу, чапаны.
Кай бирөө болду каракчы,
Көрсөтүп журтка жапааны.

Жакшылык көрсөң - эл менен,
Жакшылык чыкса - эл менен.
Көп менен көргөн улуу той,
Казына тура эл деген.

Жарагын элдин ишине,
Болсо да мейли кичине.
Жакшылык өзү жабышат,
Жардамы тийген кишиге.

## ЫКТАДЫ, ЭЭ?

Элдин жыйган-тергенин,
Талкаладык, тонодук...
Каран калган заманды,
Кантип кайра оңодук?

Карышкырдан артылып,
Камбыл чыкты улуктар.
Карыз алып жегенди,
Кантип төлөйт урпактар?!

Миллионду соргонду,
«Кой!» дээр бирөө чыкпады, ээ?!
Жем таштаган аларга,
Жетекчилер ыктады, ээ?!

## ЖУРТ ТАЗАРАТ

Капырай, жер кар көрбөй кыш болобу,
Мал-жанга быйыл кара жут болобу.
Ансыз да алсыраган байкуш элге,
Айланып кайта келип кут конобу.

Түгөлдөй бөрү болду чондорубуз,
Заманды кыйын эми оңдоорубуз.
Эркиндик деген гана шылтоо менен,
Жегенге ачылыптыр кол-жолубуз.

Чет элдин гумжардамын күм-жам кылган,
Долларын доолары жок тамдар курган.
Кайышып калкы турса кайырчыдай,
Көркоолор көз көрүнөө кудай урган.

Арада аман-эсен тоногондор,
Капчыкка калк ырысын сологондор.
Уюшкан жегичтердин күнү тууп,
Белгилүү ким экени корогондор.

Жепжеңил миллиондоп жеп коюшуп,
Калк үчүн - кайра куруу деп коюшуп.
Жулунуп жутуп бара жатышат ов,
Өрдөгү алар жакка бет коюшуп.

Баарынын жер үстүндө сурагы бар,
Жакшы эле жайладыңар, курадыңар.
Эгерим эсиңерге түк келбеди - ов:
«Кыйнасак кыргыздын да убалы бар».

Урдуңар өзүңөрдөн башкаларды,
Чет жакка жымырдыңар акчаларды.
Токтотуп өндүрүштү, «жумушсуздук»
Жаптыңар балдар барчу бакчаларды.

Жогорку Кеңеш баарын ачыш керек,
Жегичтер эрте четке качыш керек.
Алардан журт тазарат, журт кемибейт,
Качырбай как чекеге атыш керек.

## ЖАКЫНДАБА

Калкка тийбейт каран калган акчалар,
Күнүн көрөт колу жеткен башкалар.
Букарага аны кайда сурамак,
Ашап кирет алиги көй кашкалар.

Момун, сопу сырт жагынан барысы,
Алкы ачылды жашы дагы, карысы.
Ушул бойдон уланбайт го узакка,
Кудайдын да бардыр жарар дарысы.

Ажыдаардан ашып түштү жегендер,
Элге-журтка кызмат кылат дегендер.
Аларыңа кеп да болбой калыптыр,
Алып жутса миллиондук ченемдер.

Аз андайды кызматынан түшүрүш,
Керек бизге бир нерсени түшүнүш.
Калк байлыгын кайра ордуна койдуруп,
Өмүрлөрүн өлүм менен бүтүрүш.

Мындайларды ким коргосо калкалап,
Аны кошо жексен кылгын талкалап.

Баталгага коюп алып аябай,
Башын алуу аздык кылат балталап.

Биз түңүлүп баратабыз баарынан,
Өткөөл мезгил өтүп кетти маалынан.
Кутургандар кутургандан кутуруп,
Коркуп койбойт кудайыңдын каарынан.

Дале жатат калган жукту тытмалап,
Амалкөйлөр ар жол менен ык табат.
Жакындаба бузуктардын жанына,
Алар турган чөйрө жаман жыттанат.

## КАТАРГА

О, башчылар, калбай барат тазаңар,
Башыңардан ашып кетти жазаңар.
Күтө-күтө күн да жетти көрүнөт
Көбүңөрдүн көзүңөрдү тазалар.

Көзүңөрдү чыпчылк баскан май анык,
Бири-бириңди колдоп, сүрөп таянып.
Калктын мүлкүн карышкырча талоодо
Калганың жок бириң дагы аянып.

Тыйып, сыйрып, тыйпыл кылып тындыңар,
Жумушуңар эч көрүнбөй тундурар.
Кейигенде, кепчигенде не пайда,
Калк каржалып, керт башыңар тундуңар.

Барынан да жаштар жаман жайланды,
Жумушсуздук арканына байланды.
Арга кетип, амалдары түгөнүп,
Аракечтик, уурулукка айланды.

Кол жеткендер көк тиреген там салып,
Коркпой-үркпөй чиренишет даң салып.
Кудуреттүү кучүм болсо таштаарга,
Таштайт элем таза бойдон аңтарып.

Миллиондоп калктын тоноп ырысын,
Таң калтырат кызматында турушуң.
Мындайларды ыргытпаган ыраакка,
Мыйзамыңар мыйзам болбой курусун.

Алар билет жалгыз гана жыйганды,
Унутушкан эл-журт, кудай, ыйманды.
Көрсөтчүлөр, көрсөтсөңөр болбойбу
Мыйзам менен мыңк эттирбей тыйганды.

Унчугушпайт, арам санайм, шектенем,
Өйдө жакты өз ичимден жек көрөм.
Жанагыдай жайлаганга тартип жок,
Билип, угуп анан кантип эп көрөм.

Калктын көзүн болбойт эч бир калкалап,
Өсүү болот калк таянып, аркалап.
Эрте, кечпи каарданса калк өзү
Караманча жайлап коет талкалап.

Карыз менен күн көрмөкпүз качанга,
Кошулабыз кантип элге, катарга.
Бүт бүлүнүп, бүт тонолуп жай таппай,
Калабыз го кара башты катаарга.

## АРАСЫ

Сүйлөсөң сөзүң тескери,
Көрбөгөм сендей кексени.
Тирүүлөй соруп турасың,
Тизмелеп тартып теспени.

Килемди койсо жолуңа,
Көтөрүп кеттиң жонуңа.
Кулкунуң ача бересиң
Карабай бары, жогуна.

Куранды деле окубай,
Молдомун дейсиң чочубай.
Илгерки сөзүң илгерки
Кайталай бермей тотудай.

Молдонун жаман чаласы,
Олжодо жалаң санаасы.
Ушулар болгон себептүү
Бузулат диндин арасы.

## КЕТЕСИҢ

Көз жашын көрсөм эненин,
Көңүлдө жапаа чегемин.
Энеге тозок баланын,
Артында калуу дегениң.

Көз жашын көрсөм атанын,
Азабын айтпа капанын.
Ботодой боздоп турат да,
Бир жулкуп алып сакалын.

Ушундай болсо жазмышын,
Улуган менен нетесиң.
Убайым тартып дүйнөдөн,
Уккан бойдон кетесиң.

## ЖОК ЧЫГАР

Эл жек көрсө, мен да ошону жек көрөм,
Эл эп көрсө, мен да ошону эп көрөм.
Белимчидей бирок баарын туурабай,
Өз оюмду оңбу, терспи деп көрөм.

Жакса жагар, жакпаганга жакпасын,
Суранбаймын анын мени макташын.
Керек менин жалпактабай бирөөгө
Өз абийирим өзүм гана сакташым.

Эки өтпөйбүз, бир өтөбүз жалгандан,
Ким бош экен өмүрдөгү армандан.
Бул тирликте жаман нерсе жок чыгар
Арт жагыңда жаман атың калгандан.

## БАЛКИМ

Кызыл чие жаш балдарың жыңайлак,
Сорпо-шилең ичпей келет жыл, айлап.
Он баланы онтоп багып жатасың,
Ишсиз келин: «Колдо, кудай, кудайлап».

Күйөөң өлдү күйүтүнөн, санаадан,
Келечегин кенен, бейпил санаган.
Опат кетип калды окшоду ошонуң
Ою чыкпай калганында самаган.

Окууларын бирден таштай баштады,
Пайда бербейт боздогону, жаш дагы.
Барыдан да азап тартып арылгыс,
Көп балалуу, чоң үй-бүлө жаштары.

Он баланын жапжаш жесир энеси,
Баарын сүйрөп алып кетчү кемеси.
Мына бүгүн ала чийдин артында
Муздай катып тыптынч жатат денеси.

Он баласы он жерде ыйлап чыркырап,
Асман, күнү айнек болду быркырап.
Бүтүн айыл бүк түшкөнсүп дал бүгүн
Тармырлары тартып турат зыркырап.

Заман ушул, жазмышыңа не чара,
Көргөн күнүң, ичкен ашың - күчала.
Он баланын оор жүгүн тарталбай,
Апаат кетти атаң-энең бечара.

Тилектери тилек эле - таш капты,
Көрөр күнүн көрбөй эрте жаш жатты.
Он баланын боздогону, сай-сөөктү
Какшатты да, какшатты да, какшатты.

Бечаралар көргөн күнү не болот,
Азыктары бүгүн, эртең жоголот.
Гумжардамы тийсе тиер буларга
Ага чейин, балким, заман оңолот.

## БИЙЛИК КУМАРЫ БИРДИ КЫЛАТ

Ушундай да укмуш болчубу,
Кол жеткенин койбой сорчубу.
Караманча тоноп, жеп алып,
Калктан качкан каны оңчубу?!

* * *

Кан булганса, калк бузулду дей бергин,
Чакчалакей күнүн көрүп кейбирдин.
Мите курттар өрчүп кетет андайда,
Как кылтасын кесип гана кендирдин.

* * *

Бар болсун эл мүдөөсүн аркалаган,
Кыйындык, кысталыштан калкалаган.
Кор болсун, эч жакшылык көрбөй калсын,
Жутунуп журттун мүлкүн талкалаган.

* * *

Кан качканы канчаларга сес болду,
Ичтен тынып, ирилери нес болду.
Элди эл көрбөй эсиркеген кандарга,
Эскертүүчү дурус акыл-эс болду.

* * *

Бийлик жаман бир кишиге топтолсо,
Ичип-тонойт эгер бети жок болсо.
Темир тордо анан келет акылга,
Мыйзам иштеп, мыкты карап соттолсо.

* * *

Эл бийликке иштебей,
Бийлик элге иштесин.
Жумушсуздук жоголуп,
Жумурай журт иш десин.

* * *

Күмүшүң акты күмүштөй,
Алтының акты алтындай.
Камаарап койбос аларга,
Адам жок кыргыз калкындай.
Эгерим башка калк болсо,
Намысы үчүн жан берип,
От, сууга кирмек тартынбай.

* * *

Бир үй-бүлө жашообузду жайлады,
Капыс чыккан балээ-каза кайдагы!
Мекениңди бейиш жайы кылам деп,
Калп каткырып күлгөн экен жайдары.
Караан үзүп качып кетти жеп алып,
«Ажо», Бермет, «канайымы», Айдары.

* * *

Кудай, ай, кыргыз элибиз,
Жашасак экен эл болуп,
Өскөн эл менен тең болуп,
Башчылар мыкты бел болуп,
Кетпесек экен жем болуп,
Чет жакка этек-жең болуп.
Ойлосом анын тагдырын,
Туралбай калам дел болуп.

* * *

Отоо басып жаман кылды эгинди,
Түшүм бербей, жер арыктап чегинди.
Кайда-жайга талап-тоноп жоготту,
Алатоодо бугуп жаткан кениңди.

* * *

Кыргыз азыр кыргыз эмес баштагы,
Арбып кетти адамынын акмагы.
Каны баштап калк ырысын тоногон,
Улуп жеген ууру чыкты таптагы.

* * *

Ажыдаардай бүтүн соруп тойбогон,
Ант ургурлар арты эмнесин ойлогон?
Адам эмес, азезил го булар деп,
Акыл айран, аң-таң калам, ойлоном.

* * *

Көп көрсөтөт көңүлүнө жакпаса,
Жерге кийрип, жексен кылат таптаза.
Бийлигиңдин бир тыйынча баркы жок,
Жерин коргоп, элин барктап бакпаса.

* * *

Бийлик эмес калкка кызмат кылбаса,
Бирлик эмес талаш-тартыш тынбаса.

Эрте-кечпи бир балаадан чыгарат,
Бийлик менен эл ортосу ырбаса.

* * *

О, капырай, калкты калк деп санабай,
Атайылап жасап бердиң таламай.
Куйругуңду түйүп алып жоголдуң,
Жалгыз ооз сөзгө дагы жарабай.
Катыныңа шылтоолошот кай бири,
Андан көрө таза тура кара май.
Өмүрү өчкүс көө жабылып бетиңе,
Калк ызасы калып калды тарабай.

* * *

Айта бербе сен оюңа келгенди,
Иштеткиниң Алла башка бергенди.
Кайып-каскак, эгер калсаң «чоң» болуп,
Салбоо керек билгениңче чеңгелди.

* * *

Сактады кудай кан качып,
Жүргөндөр житти жандашып.
Өзү эмес, көлөкөсүн да,
Калгандай болду там басып.

* * *

Билбегендер жетсе бийлик башына,
Топтоп алат билбестерди кашына.
Бир килейген креслого отурат,
Болуп гана калганы үчүн ашына.

* * *

Жерге кирсин кабак-кашы, көркөмү,
Он төрт жылга очорултту өлкөнү.
Акырында калк чыдабай түңүлүп,
Керек болду түп тамырын көңтөрүү.

* * *

Эскиче көнгөн эргулдар,
Жаңычыл болуп жарытпайт.
Өткөнүн көксөп өлгүчө,
Өзүнөн өзү арыктайт.

* * *

Аарынын уюгуна айланышкан,
Чырмалып чыккыс болуп байланышкан.

Мафия дегениң бир укмуш тура,
Ок өткүс жайга бекем байралышкан.
* * *

Киши өлтүргүч, башкесерлер курусун,
Көрсөң, уксаң азат боюң тик турат.
Алардын да колдогону артында,
Бийлик жалдайт деген дагы шек турат.
* * *

Айга жанып жүргөндөр да азуусун,
Көрүштү го маңдайдагы жазуусун.
Канча жылдап калк ырысын жутту эле,
Төгүп алды жыйган арын-намысын.
* * *

Тийген Күнү, чыккан Айы батты эми,
Көз көрүнөө көөдөй кырсык тапты эми.
Жалжалактап баштагыдай күлө албай,
Алды каткыр көксөй албайт такты эми.
* * *

Айды сермеп, жылдыз кармап ойногон,
Дөөлөтүнөн бөксөрбөйм деп ойлогон.
Алланын да басат тура жазасы,
Ач көздөргө алып жесе тойбогон.
* * *

Ай дээр ажо, кой дээр кожо жогунан,
Баарын жуткан журттун гана жонунан.
Жыйгандары жыргатса да баары бир,
Арылалбай калды азаптуу шорунан.
* * *

Азыр турсуң Айың тууп оңунан,
Дардактайсың дүйнөң түгөл, тогуңан.
Калк бир күнү басканында билесиң,
Тамаңыңа күйүп турган чогунан.
* * *

Турмуштан жабыр тартып кысылганда,
А бийлик чектен чыгып кутурганда.
Адамдар бир муштумга айланышат,
Шерт кылып ак батага, кызыл канга.
* * *

Куу түлкүсүң аппак жолуң бөгөлгүр,
А досторуң чаян менен бөйөндүр.
Жомокто жок жойпу кылган өзүңдү,
Жогортодо тиреп турган төрөңдүр.

* * *

Эки тизгин, бир чылбыр,
Эссиздин тийсе колуна.
Эртедир-кечтир - баары бир,
Өзүнүн салат жолуна.
Андайды кудай берсе эгер,
Адамдын калат шоруна.

* * *

Эссиздер жетсе мансапка,
Бириңди бириң тиктейсиң.
Эртеңиң эмне болот деп,
Эрдиңди кесе тиштейсиң.

* * *

Коррупция кузгундаса жарылар,
Анын өтө чоң жугуштуу жагы бар.
Башчы гана таза болуп, бек турса,
Ага каршы талкалоочу дары бар.

* * *

Ыймансыздар мекен парзын актабайт,
Казынаны шыпкабаса, сактабайт.
«Калкты жеген жан оңбойт» деп эзелтен,
Эл-журтубуз бекеринен какшабайт.

* * *

Эрди-катын эриш-аркак болушуп,
Эмне тапты элдин мүлкүн сорушуп?!
Түпкүлүгү түндөй гана иш чыкты,
Бүт дүйнөгө жаман атка конушуп.

* * *

Эл козголду эрте күндү кеч кылбай,
Бийлик жеди талап-тоноп иш кылбай.
Атасынан калган кызмат өңдөнүп,
Айла таап түшпөй койду эч жылбай.
Акыр-түбү жазалады Алла өзү,
Капысынан карп-курп уруп сес кылбай.

* * *

Албай койбойт алк-арааны бузулган,
Арам өлсүн Атамекен тузу урган.
Калкты ойлобой, андайлардын жүрөгүн,
Түбүң түшкүр, Түндүк уюл музу урган.
* * *
Кекиртеги курусун
Кериней экен, коо экен.
Кум-ташты жесе сиңирген,
Курсагы укмуш соо экен.
* * *
Көргөнүңдү көбүктөнтпө самындай,
Адатың го абройлууга жагынмай.
Түлкүлөнүп орден алып төшүңө,
Кудай сени урбайт койсоң тагынбай.
* * *
Бармак басты, көз кысты
Болгон, боло берет го.
Мунун, балким, бир заман,
Бүтөр күнү келет го.
* * *
Баш - канжыга, кан көөкөрдө Меkenге,
Өмүрлөрүн кыйбайт адам бекерге.
Киндик каны тамган жердин уусун да,
Алмаштырбайт жоосундагы шекерге.
* * *
Куу экенсиң, бекер башты катырба,
Аргымакты кантип сатам качырга.
Оңбогурум, кой терисин жамынган,
Куйругуңду култуңдатып асылба.
* * *
Кан башын да аттап коет,
Катын көпсө кашайып.
Көз көрүнөө көзүнө илбей,
Болуп алат машайык.
* * *
Жеп-жуткандар жутат дымын чыгарбай,
Бир малынса, терең кетет чыгалбай.
Азаптанган ачуу күрөш башталат,
Ал напсисин, напси аны жыгалбай.

*   *   *

Алдаса, кылба далбаса,
Алдыңдан чыгат каргаша.
Чоң чыга берет купкургак,
Курудуң сени кармаса.

*   *   *

Асманда да Ай бөксөрбөй толсо экен,
Кыргый талдын кылда учуна консо экен.
Көл толкусун, бирок эл-журт толкубай,
Жан-уяда, жака колдо болсо экен.

*   *   *

Карк кылдың, каным, жел сөзгө,
Ишенип жүргөн эл сөзгө.
Уурулук менен жоголдуң,
Унуткус калып миң сөзгө.

*   *   *

Жеңил баа болдуң желпинип,
Жер баспай калдың менсинип.
Тоготпой элди калды элең,
Сүйлөшпөй такыр теңсинип.
Сүткө тийген күчүктөй,
Эми өзүң калдың кемсинип.

*   *   *

Жиндинин жини басылбайт,
Жинкинин кагып койбосо.
Ээлиге бербейт ал анча,
Тизгинин бирөө чойбосо.
Кыйкыртып аны кутурткан,
«Крыша» тура ойлосо.
Эсине келбейт эч качан,
Экөөнү бирдей сойбосо.

*   *   *

Арылбайт элдин кектери,
Айланып жүнү тескери.
Кудайды карап иш кылбай,
Акылга сыйбайт жешкени.
Молдо да жака карманып,
Момурап тартат теспени.

Караган менен курусун,
Калбай да калды беттери.

* * *

Ушунчага кантип дааган жүрөгү,
Ак үй беле өмүр бою түнөгү?!
Алыс жакта эми актанып жүрөт дейт,
Адвокатка жалдап алып бирөөнү.
Миллиарддап уурдап качып эми азыр,
Кыргыздарга коет имиш күнөөнү.

* * *

Өзүң ичкен кудугуңа түкүрдүң,
Казынаны мүлжүп отоп бүтүрдүң.
Жыйган дүйнө азыр деле мас кылып,
Күнөөлөрдү келбей турат түшүнгүң.
Түпкүлүгү билерсиңер бир күнү,
Мерт кыларын көөдөй кара түтүндүн.
Байлык түбү алып барса ушуга,
Мен дүйнөнүн молдугуна түкүрдүм.

* * *

Кээ жетекчи кекейишип келберсийт,
Айлыгыңды чөнтөгүнөн бергенсийт.
А биз эптеп жер үстүнө жаралып,
Тигил «ыйык» көктөн түшүп келгенсийт.

* * *

Кызматы жок кабыргасы кайышкан,
Жигиттер, ай, айырмасыз майыптан.
Калкты тоноп байып алган камбылдар,
Түшүп гана келаткансыйт жайыттан.

* * *

Коррупция каптап кеткен өлкөнү,
Өсүп турган өөнөгөндөр өркөнү.
Эми бакты ачылса экен кыргыздын,
Күндөп артып байлыгынын өлчөмү.

* * *

Кара басып, кара теке сүздүбү,
Түштөн чочуп, шайтан жибин үздүбү.
Кудай өзү бар экенин билгизип,
Койду мына кордоп эки жүздүүнү.

* * *

Кандай гана суук тумшук болушту,
Таштай качып, тайраңдаган конушту.
Кандаш тууган казакка да баталбай,
Баш калкалап байырлады орусту.

* * *

Жүрүүчү элең кабак-кашың күлүңдөп,
Тегерегиң түлкү, чөөлөр дүрүлдөп.
Калк каргышы кайгы-муңга батырып,
Катуу ойлонтуп жүргөн чыгар жүлүңдөп.

* * *

Калк кусуру кармап урду акыры,
Тентип кетти кыргыздардын жакыры.
Белдүү жерди бүтүн ээлеп алышкан,
Мите үй-бүлөө, туугандары, жакыны.

* * *

Эң кейиштүү. Кейпин кийдиң уурунун,
Өз башыңа балта болду куулугуң.
Бузук экен учуп чыккан уясы,
Жүзү курусун кызың менен уулуңун.

* * *

Кар жабат акыр-чикирди,
Канчаны бул жер житирди.
Жамандар акка көө сүйкөп,
Жаймалап жүрөт пикирди.

* * *

Эл толкунун эгем өзү сактасын,
Эл түшүнөт элге эмне жакпасын.
Эл башылар эл тилегин актасын,
Эгеримде эрлер элди сатпасын.
Элге кылса жамандыкты кан дагы,
Көз көрдү го элге-жерге батпасын.

* * *

Эмне табат элдин энчин жегендер,
Качып-бозду калк жыргатам дегендер.
Таразасыз так ушундай иш кылат,
Жумурлары жук көрбөгөн чемендер.

* * *

Калкка сыйбайт канды кара басканда,
Жер да тарыйт жетелешип качканда.

Жыргал жылдар бир күнчөлүк көрүнбөй,
Айы, Күнү ачык тийбейт асманда.

* * *

Бул үй-бүлөө өтө катуу кетишкен,
Жеп-ичишип, жетпегенге жетишкен.
Бүткүл дитин алмаштырып акчага,
Кызмат ордун үйдө отуруп чечишкен.
Акырында чоң пайдасын көрүштү,
Өзүлөрү жасап алган чеки иштен.

* * *

Арасында болсо дагы айырма,
Элди жерден, жерди элден айырба.
Ата мекен деген ушул экөө эле,
Бул экөөнө жан курманы дайын да.

* * *

Көкөлөшөт көр дүйнөгө чөмүлгөн,
Жан бүткөндүн бардыгы өтөт өмүрдөн.
Кеткенинде кедей анча кейибей,
Бай башкача коркот экен өлүмдөн.

* * *

Калтырайт тура чычкан да
Түк бүткөн сайын боюна.
Калкыңды тоноп курутат
Канды да койсоң оюна.

* * *

Сталин айткан бир сөздөн,
Бир тамга жерге түшпөгөн.
Жашаган ошол заманын,
Жаратып кандай түптөгөн!
Укмуштар чыкты уратып,
Улантып ары күтпөгөн.
Кайра эле куруп жатабыз,
Качантан бери бүтпөгөн.
Кандары чыгып ажыдаар,
Кайышат калкы күч менен.

* * *

Канчалык иш бүтсө да жең ичинен,
Сезгендер чыкпай койбойт эл ичинен.

Бийикке көтөрүлүү деген жерге,
Бийликке кимдин канча беришинен.
* * *
Кимге жаксын падышанын мылжыңы,
Элди айнытат эби-сынсыз кылжыңы.
Артисттерге табылбаган иш болот,
Аны туурап алып чыккан шылдыңы.
* * *
Сыйлабагын сыртын салган кишини,
Оңго буруп бербейт кылар ишиңи.
Эгеримде эрегишиң билинсе,
Бийлиги бар, кагып тынат тишиңи.
* * *
Бул турмуштун көрдүк биз
Ысыгын да, суугун.
Жолдош-жоро, дос, тууган,
Алысын да, жуугун.
Шумкарларды күйкөлөр,
Шукшурултуп куурун.
Чындык жолун жалгандын,
Чыркыратып буурун.
Кара калкты кан жалгыз,
Камыр кылып жуурун.
* * *
Жан уяда, жака колдо кезинде,
Жакшы, жаман туруу керек сезимде.
Манчыркашып мансап күтүп калышат,
Адамдыгы жок адамдар дээринде.
* * *
Чиркин, ай, чылк арамга малган экен,
Айтканы жасалма да, жалган экен.
Ушундай адамдардын жаралышы,
Коомго коркунучтуу арман экен.
* * *
Ичинен жеген курт жаман,
Күйөт ысык ууртаган.
Айыгарбыз оорусак,
Бар болсунчу журт аман.
* * *

Кандын калсаң касабына курудуң,
Тардык көрүп тайган иттей улудуң.
Чоңуң сокур болуп калса эгерде,
Бир көзүңдү кысып жүргүн, кулунум.

* * *

Калк сөзүнө көңүлүңдү бөлбөдүң,
Кабырганды бит чакканча көрбөдүң.
Катыныңа түшүп турду кара жол,
Жада калса кырк бир ташы төлгөнүн.

* * *

Эссиз сөзгө эч бир эпке келбегин,
Кууланышса, кулу болбо теңгенин.
Туулдуң-өлдүң, тууралыкка туруп бер,
Эл колдогон эр уулусуң жергенин.

* * *

Карышкырга кой кайтартып жүрүппүз,
Ал жылмайса, биз каткырып күлүппүз.
Алтын, күмүш, байлыгыңды бүт соруп,
Куйрук түйүп чыга берди бүлүксүз.

* * *

Кан курусун калкка тиккен кастарын,
Үмүтүнөн куру койгон жаштарын.
Оомат орноп, ити чөп жеп калгандар,
Ойлоп калат бир гана керт баштарын.

* * *

Адат болгон кекиртекти майламай,
Пул бергенди бир заматта шайламай.
Тегерекке жармачтарды чогултуп,
Тың чыкканды тымызындан жайламай.

* * *

Ак үйүбүз Ак ордо,
Туусу бийик илинген.
Борборунун түрүнөн
Кыргыздыгы билинген.
Алып чыкса болгону
Туңгуюктуу иримден.

* * *

Жолдо калсын жегичтердин жоругу,
Элестетет кузгун, бөрү, жоруну.

Журт тоногон ушуларга аео жок,
Маа демектен көрдө болсун оруну.

*       *       *

Кокуй тура кой терисин жамынган,
Кайдан билдик былык жагын жабылган.
Алган, жулган акмактыгын айтканда,
Дал түшкөндөй боло түштү чагылган.
Камаарбас кайран кыргыз шоруна,
А бул шүмшүк кайдан жүрүп кабылган.
Ажыдаардай соруп элдин ырысын,
Капкан болду как белине чабылган.

*       *       *

Дүйнөдөн көзү каткандар,
Киришет жалаң жегенге,
Карышкыр болуп беленге.
Беш колу түгүл бой таштап,
Түшүшөт чыккыс тереңге...

*       *       *

Ишиң жылбайт кол кесерин бербесең,
Ич жылыбайт кепке-сөзгө келбесең.
Эртең эле шыпырылтат кызматтан,
Ал «айт» десе, сен «кыйт» берип желбесең.

*       *       *

Унуткарба, өлөсүң,
Өпкө чаап турбасаң.
Күлүп турат чоңуң да,
Күндө кошо уурдасаң.
Ал үргөндө бирөөгө
Толорсуктан бурдасаң.
Кектеп калат ичинде,
Жектегенин урбасаң.
Кор болосуң акыры,
Кошоматтык кылбасаң.
Көтөрүлүп турасың,
Чычкан болуп ташынып,
Кош аягың тынбасаң.

*       *       *

Корунушат коркок билиш кишилер,
Из жашырып, иш билинип калат деп.

Кыңыр ишпи, кырк жыл өтсө билинет,
Ар ким кылган өз жазасын алат тек.
Көк чычканың ээрчип жүрөт көтүңдөн,
О, бир кырсык болбосо экен көчүңдөн.
Жай таппаган жан экенсиң деги өзүң,
Мөрөйүңдү алмайынча өчүңдөн.

* * *

«Дүжүр» эмес карылардын барысы,
Алардын бар акылдуусу, калысы.
Мына ушулар олуялар эмеспи,
Улуулуктун табылбаган дарысы,
Улутунун ары дагы, намысы.

* * *

Көрө албастар өкүрүшсүн көрүңдө,
Жакшы ойдо бол элдин эрки жөнүңдө.
Боло берет майда-чүйдө, өйдө-ылдый,
Бир кыргызбыз, бүтүнүңдөн бөлүнбө.
Ыдырасак ырыскыдан куру калып,
Анда өлкөбүз дуушар болот өлүмгө.

* * *

О, көркоолор, көр чеңгелин салышкан,
Канчаларды менчик кылып алышкан.
Бирөөлөрдүн аттарына каттатып,
Уялбаган калк ырысын алыштан,
Жийиркенесиң жакын дагы барыштан.

* * *

Кудай безер, кудай кылды шерменде,
Кудай бермек түшүп тагын бергенде.
Кирер жерди таппай качты кайсалап,
Калың кыргыз каптап селдей келгенде.

* * *

Айткандарга акмак кулак какпаган,
Жасалма да, жалган болот мактаган.
Оорду да, жеңилди да салмактап,
Пенде мыкты өзүн өзү сактаган.

* * *

Алыс жакта эми кулак чуулдайт,
Ар ким, ар ким ар башкача дуулдайт.
Бир классик кошоматчы айтты эле:

«Акаевди алмаштырар азамат,
Кыргыздарда бу кылымда туулбайт».

* * *

Кулак түрүп, кабар алып бияктан,
Үн чыгарган болуп коюп тияктан.
Жаман алда жүргөндүрсүң ушу азыр,
Журтту таштап качып кеткен уяттан.

* * *

Алтын агып кулкунуңа куюлган,
Күмүш кирип жумуруңда суюлган.
Жик билгизбей жиберем деп ойлогон,
Кыргыз эчак кылыгыңды туюнган.

* * *

Байлык эмес, барктын куну не болот,
Бүт жеп кетсең, калктын пулу не болот?
Антпегенде кайсы эл сага эл болот,
Кайсы тарап Атамекен жер болот?

* * *

Мансабың боло калганда,
Манчыркап бекер чиренбе.
Журт жаман көрсө кокустан,
Жай таппай калба киреге.
Азамат болсоң ак иштеп,
Эл үчүн жашап, бер элге.

* * *

Союз урап, бар нерселер кыйрады,
Талагандар тартып колун тыйбады.
Партиянын бүткүл ишин жамандап,
Бүлүндүрүп өтө катуу жыйнады.
Калкты атайы караманча каржалтып,
Кас душмандан бетер катуу кыйнады.

* * *

Калкка кылды кылбай турган санатты,
Кайрып салды кага турган канатты.
Кайра куруу демиш болуп жел сөзү,
Артка жылып айда катуу жадатты.

* * *

Ант бергенден мант бергени жаман да,
Сөз сөз болбой калды биздин заманда.

Элди ойлобой, мүргүгүчө мүлк жыйнап,
Бийлик берсең ушул экен жаманга.

* * *

Айла кетти алга кандай жылабыз,
Кара калкка кандай заман курабыз.
Бу кайрадан колхоз куруп албай деп,
Кайгыргандан маң баш болуп турабыз.

* * *

Кыйла жылдар кызыгы жок бош кетти,
Кыргыздарың бекер айтпайт бош кепти.
Эл-журтунан кан качканы коңшуга,
А илгерки оюнга окшойт муш кетти.

* * *

Коюу керек ишти кабыргасынан,
Эл-журт билсин бийлик айырмасынан.
Жадап бүттүк куру убада, жел сөздөн,
Кыңылдаган кандын кайырмасынан.

* * *

Балта чаап талкаладың багыңды,
Эстейсиң го түшкө киргис тагыңды.
Мындан ары эскеришет кыргыздар,
Желмогуздай жеген жаман жагыңды.

* * *

Мыйыгынан күлчү эле
Мылжылыңдап жүрчү эле.
Басканы да, турганы
Бир жагымсыз күлкү эле.
Анткен менен эң аяр
Алдырбаган түлкү эле.
Аңдыганы баарынын
Алтын, акча, мүлк эле.
Таштай качты тактыны
Тап бергенде мүрт эле.
Жаалы келип кыргыздын
Жанып кетти дүрт эле.

* * *

Өлөрчө жеп өзүңдү өзүң мыш кылдың,
Кудайга да жакпай турган иш кылдың.

Атагыңды агып кеткен суу эмес,
Ичиркенткен, ызгаар, бороон, кыш кылдың.

* * *

Какшыта жейт да канды кудай атарда,
Жүргөндөргө түк окшобойт катарда.
Атасынын мурасындай кыйналат,
Такты кыйбай, бийлик күнү батарда.

* * *

Убада бердиң канча жыл
Оозуңду бирөө тырмабай.
Камбылдар куунап күн көрүп,
Калайык калды жыргабай.

* * *

Учуп күйүп тим эле
Жыргатып салган немедей.
Канча жыл сордуң кыргызды
Сүлүк курт менен кенедей.

* * *

Кара жемсөө капырай,
Өзөктөрү карарган.
Көрпенделер ушундай
Чыгат тура адамдан.

* * *

Өчү бар даяр өлбөгөн жерде калышка,
Өлкөнү тыйпыл өрт кылып гана салышка.
Акылга сыйбайт алардын кылган жумушу,
Айылга жакын жолотпоо керек карышка.

* * *

Ысык, ыйык, кымбат мага өз элим,
Мөлтүр кашка мүрөк толо өзөнүм.
Ата, энедей ардактаган тууган жер,
Жүрөгүмө туташ бүткөн өзөгүм.

* * *

О, өлгөндүн үстүнө
Көмгөн кылды былыгы.
Кыяматка кеп болду
Анын кылган кылыгы.

* * *

Өлчөөсүз жейт өлөрүнө көрүнгөн,
Элди ойлобой, элден эбак бөлүнгөн.
Жаалы кармап, журттун кеги ашынса,
Сууруп чыгып соттоп коет көрүңдөн.

* * *

Өңдү көрсө жүз тайган
Өң карама кылыгы.
Какайганга какайып,
Турат жигит чыныгы!
Жамандардын жалпылдап,
Жакпайт кыргызчылыгы.

* * *

Жалбарбагын калбыр кылып өпкөңдү,
Калк башынан канчаларды өткөрдү.
Эл ойгонуп, көзү ачылып ойлонуп,
Билип алган келечегин, өткөндү.

* * *

О, өлкөнү өрт өчкөндөй кылдыңар,
Калайыкты ит мингизип тындыңар.
Көп көз жашы, Көкө Теңир бар экен,
Көз көрүнөө бел мертинип сындыңар.

* * *

Оңбогурлар өчкөн отту үйлөгөн,
Жамандыгын жасалмалап сүйлөгөн.
Калктын мүлкүн кайра өзүнө беришпей,
Кандай өтүп кетер экен дүйнөдөн.

* * *

Бузук оңбойт, а баары бир агарбайт,
Кайрылса да, калкка кайра жага албайт.
Эскилиги жетип калган чүпүрөк,
Канча тиксең, а баары бир жамалбайт.

* * *

Кунары жок купулуңа толчубу,
Жайсыз адам ушак жайбай койчубу.
Жек көрсөң да, жемелесең - баары бир,
Жеп көнгөндөр жебей көзү тойчубу.

* * *

Жаман болду кара казан тердебей,
Коңшулардан артта калдык чендебей.

Улуу өлкөлөр унутпаса болду го,
Кыргыздарды катарга албай, эл дебей.

* * *

Элди укпасаң кулагыңды жапырып,
Аягыңды асманга урар сапырып.
Култуңдаба, көптүн көзү көрөгөч,
Калктан кайда ката аласың жашырып.

* * *

Эй, достор, өлгүчөктү жүрөлү аман,
Тагдырга туш келди го жаман заман.
Бир ууч жан бейиш куруп, сайран кылып,
Калганы эптеп тирүү араң-араң.

* * *

Колунда барлар кор болбойт,
Акча-пул өтпөс жол болбойт.
Акылың азыр бир тыйын,
Орундап ишиң оң болбойт.

* * *

Ой, оңбогур, жемсөө, өзөгү карарган,
Сендей жегич кайдан чыксын адамдан.
Мындай укмуш укпаптырбыз дегеле,
Те илгерки Адам ата замандан.

* * *

Өзү билип каалагандай калчады,
Алып жутуп, алгандан да чарчады.
Эгеримде дагы беш жыл турганда,
Жүзү курусун, сормок эле канчаны.

* * *

Бети күйдү элди кантип карашат,
Бетсиздерге, балким, ушул жарашат.
Биле албайсың ыйман качып адамдан,
Айтор, заман эмне болуп баратат...

* * *

Өң карама куйту чалдар оңбоду,
Канча жерден амал таап колдоду.
Калыстыктын касиетин качырып,
Каран калсын каапырлардын жолдору.

* * *

Коррупция өтмө катар чатышкан,
Анын деле келгени жок батыштан.
Биздин эле бийлик кылган былык иш,
Эл насибин эптүү жула качышкан.
* * *
Кутургандын Кудай берсин жазасын,
Кол жеткендин таппай калдык тазасын.
Так ошолор козгоп алып жатпайбы,
Кордук көргөн элдин ичте ызасын.
* * *
Алтын, күмүш кудум сайдын ташындай,
Калган экен канчалары ташылбай?!
Жетпейт беле, жерге кирген көр дүйнө,
Буюрса эгер бир чоң аттын башындай.
* * *
«Алтын» башты жутат дешет акыры,
Анын чынын көз да көрүп жатыры.
Алкын бузган адамдарга баары бир,
Алса болду жакыныбы, жатыбы.
* * *
Таш капкырлар талкалаптыр жакшы эле,
Ушунчалык адам беле, пас беле.
Ичип турган кудугуна түкүрөт,
Элге-журтка эрегишкен кас неме.
* * *
Сом жерге кирди сом болбой,
Араанын ачты оң болбой.
Парасы жок адамдын,
Бардыгы калган чоң болбой.
* * *
Канында кайсы касиет
Катыны тизгин талашса.
Эсине келбейт эгерим
Эл өзү чаппай канатка.
* * *
Жегендерин уккан жан
Төбө чачы тик турат.
Адамбы же шайтанбы
Айда катуу шек турат.

Калк безерлер акыры
Кара башын жеп тынат.

* * *

Узуну ырас укуругу улуктун,
Канчалары түштү моюнтуруктун.
Бар балээни бийлик иштейт таң калба,
Кыйыны жок аны жолуктуруштун.

* * *

Жалганды чындай гана урдурасың,
Ылайды суу коштурбай тундурасың.
Дегеле ишенбеген адамды да,
Ийитип, акыр моюн сундурасың.

* * *

Чекесине чертип көрчү баласын,
Кутулбаган чоң куяга каласың.
А айрыкча кийлигишсе катыны,
Канатыңды кайрып гана аласың.

* * *

Чийинден чыкса кан деле
Алыска узап кете албайт.
Мансабын колдон жулдуруп,
Максаты күйүп жете албайт.

* * *

Билгендер элдин деңгелин,
Салмактап салат чеңгелин.
Куйткулап турган, а бирок
Кунары жаман теңгенин.

* * *

Жыйнап алдың чети оюлгус дүнүйө,
Чогултсаң да сыйбайт чыгар үйүңө.
Кымындай да кыйшайбайт го бир чети,
Миллиондоп зарп кылсаң да күнүгө.

* * *

Жеп-жеп алып, чилдей тарап качтыңар,
Жалаң пулга байланыптыр бактыңар.
Ээн калып, элден качып уурулар,
Эмне ыракат, эмне жыргал таптыңар.

* * *

Эмне майнап чыгара алат жетесиз,
Араб жери даңкы чыкпайт Мекесиз.
О, падышам, тактан тайып калсаңыз,
Бактан түшкөн жалбыракка тетесиз.

* * *

Калкты көрүп качкан экен үрөйүң,
Башыңдан да ашкан экен күнөйүң.
Элди унутуп, бар максатың болуптур:
Талап-тоноп, жыргап өмүр сүрөйүн.

* * *

Өлкөбүздүн чалдыбарын чыгарды,
Ким билиптир мындай иттик кыларды.
Тирсегинен асып койсо убал жок,
Эч ким, эч ким аяп койбойт буларды.

* * *

Чатак сүйгөн чаңы чыксын асманга,
Таман таяр жер чыкпасын басканга.
Калкты сүйгөн, калкка кылган жакшылык,
Зоболосу көтөрүлсүн асманга.

* * *

Казынага түгөл салып чеңгелин,
Сыйпап кетти бүтүн кутун жергенин.
Караманча каакы ордуна көрбөдү,
Айлап-жылдап журттун жыйып тергенин.

* * *

Жолугуппуз мителерге, чеменге,
Алар укмуш машыгыптыр жегенге.
Эми ачылып жатат четтен былыгы,
Карашпаптыр ыйман, абийир дегенге.

* * *

Ырсаң күлүп, чечекейи чеч болуп,
Айткандары жалаң акыл-эс болуп.
Тактысынан качканында түшүндү,
Маселенин калгандыгын кеч болуп.

* * *

Байлар ыңкып, байлар катуу чиришкен,
Башы баштап, жалаң жешке киришкен.
Бүтүн батып коррупция дегенге,
Чырмалышып, жыргап-куунап жүрүшкөн.

* * *

Калкты кыйнап, кылып жүрүп таламай,
Кандай качты алды-артына карабай.
Кара жини кармап дале ичинде,
Элдин кеги эмдигиче тарабай.

* * *

Качып барып, көтүн такап чет элге,
Үргөн болот үй кучуктөй бекерге.
Канча мөгдө, калк кайрылбайт сага эми,
Бөлөсөң да уурдалган пул, шекерге.

* * *

Чыкыйыңа чындап найза сайылды,
Акмактыгың бүт дүйнөгө жайылды.
Каалашынча эми каргап-шилей бер,
Жер караткан жексур катын айымды.

* * *

Азырынча жүрө тургун тоотпой,
Кайтаргының элдин мүлкүн коротпой.
Антпегенде ант ургур деп калың эл,
Ушул бойдон унут кылат жолотпой.

* * *

Он беш жылы ойрондоду жакшы эле,
Калк карызга сормо сазга батты эле.
Көрсө, ушундай кылат тура акыры,
Алкы бузук, арты ыпылас жат неме.

* * *

Жаралыптыр оңбостор
Кыргыздардын шоруна.
Жөргөмүштүн калк өзү
Түшкөн экен торуна.

* * *

Кара шайтан азгырып,
Кандай жолго түшкөнбүз.
Караманча жегенге
Кандай гана түткөнбүз.

* * *

Канды деле кара шайтан азгырат,
Каткан болуп, кара сырын жазгырат.

Жаңылганга жаза даяр Алладан,
Бирин жарга, дагы бирин сазга урат.

* * *

Шапар тээп шарактадың жакшы эле,
Кара журтту каракҭадың - калп беле?
Уят таштап, ушунчалык жегидей,
Же башынан сезиминде дарт беле?!.

* * *

Калк козголуп кетип калдың шаштыңдан,
Өзүң жасап, тайып алдың бактыңдан.
Калыс жүрүп, калкка кызмат кылганда,
Өмүр бою жылбайт элең тактыңдан.

* * *

Эл кыраакы, эчак эле шек кеткен,
Сен алыстап ортоңорго жик кеткен.
Аш болобу, аш болбойбу, ким билет,
Аркы мүлкүң арамдыктан жеп кеткен.

* * *

Бара-бара шишиң толду ириндеп,
Сезгендери кетип калды бириндеп.
Сенин итиң чөп жеп турган кезинде,
Какшап мактап жүрүштү го «пирим» деп.

* * *

Эки тизгин, бир чылбырың колуңда,
Бирок өтө чоң милдеттер жонуңда.
Эл ишенчин актап кетсең сонун да,
Актабасаң анда өзүңдүн шоруң да.

* * *

Элден чыккан эки болбойт эгерим,
Кудай-таала бычып коет ченемин.
Качканыңда түшүнгөндүр кан деле,
Мансап өзү колдун кири дегенин.

* * *

Этегине намаз окуп жүрчү элең,
Ал жылмайса, сен каткырып күлчү элең.
Баарын байкап, таразалап салмактап,
Саясатка сак караган түлкү элең.
Жаңы бийлик болгонунда коңулдан,
Шарт асманга атып чыктың бүркүттөй.

Ишенимге кире калдың култ этип,
Тигилерди тиреп турган түркүктөй.

* * *

Мен мунуңдан илгери эле түңүлгөм,
Этеги - элек, жеңи - желек жүгүргөн.
Шамал кайдан уралрыгын түшүнүп,
О, капкачан кабар алган бу күндөн.

* * *

Орус калкы айткандай:
«Балык эмес, эт эмес».
Түгөнгүрдүн түңүлтүп,
Бети такыр бет эмес.
Кутулалы эртерек,
Эми дагы кеч эмес.

* * *

Антка ишенбе, ак дилинен бербесе,
Арамдыктан адалдыкка келбесе.
Жексен болот андайлардын заманы,
Жеке бийлеп, жалгыз гана "мен" десе.

* * *

Падышанын өлгөнү -
Такты таштай качканы.
Кайда барса карайып,
Күнсүз турат асманы.

* * *

Элди сыйлап, элди ойлогун оболу,
Толбойт эзел напси итиңдин обору.
Көрбөдүкпү казынаны тоногон,
Кан, катындын кандай алда болору.

* * *

Арзан экен бир заматта бүлүнмөк,
Абийир күтүп турган эле күлүңдөп.
Азыр минтип баш көтөрбөй отурат,
Калктын жүзүн карай албай үлүңдөп.

* * *

Калк тоногон кадырынан кагылат,
Калыстыктын капканына чабылат.
Бу заманда мухиттеги ийне да,
Канткен менен издегенде табылат.

* * *

Кузгундар бизди кууратып,
Жардылык жакка такады.
Отуруп бердик үңкүйүп,
Багалбай бала-чаканы.

* * *

Замана токтоно албай толкуп турат,
Өрөпкүп өйдө-төмөн жортуп турат.
Арт жагы бир алаамат болбосо деп,
Көр дүйнө жыйнагандар коркуп турат.

* * *

Ал жылмайса, кошоматтап каткыргын,
Айткан сөзүн көңүлүңө жат кылгын.
Көзү түшүп, зарыл болсо чоңуңа,
Жерден чукуп болсо дагы тапшыргын.

* * *

Чоң жөтөлсө, өзүң ыкшып эрип кал,
Ал ишарат кыла электе келип кал.
Кабак чытып бирөөлөргө тигилсе,
«Тарт» дегенче, так төбөгө берип кал.

* * *

Шеф сүйлөсө, ийкей бергин башыңды,
Ал кейисе арчып жибер жашыңды.
Оозуңа албай сопу болуп момурап,
Өлө өлгөнчө көрсөтпөгүн масыңды.

* * *

Ал тилдесе, сен да сөккүн кошулуп,
Жек көргүнүң андан мурда озунуп.
Эгеримде мактап калса бирөөнү,
Шапалактап кол чаап тургун созулуп.

* * *

Кооз өлкө кайда биздин Мекендей,
Көрөм аны эң бир ыйык Мекемдей.
«Баркы жок, - дейт, - колдо болгон алтындын»
Жок дегенде барктабайбыз чет элдей.

* * *

Кыргыз жери жери болот бейиштин,
Нак байлыгы кени, даны, жемиштин.

Ал жанагы ач көз, тойбос немелер,
Айландырды ордосуна кейиштин.

* * *

Кыргыз жерин дачасы дейт Алланын,
Байкап көрсөң санжыранын салмагын.
Көргөнүңдө көлүн, көпкөк тоолорун,
Табалбайсың жарым-жарты жалганын.

* * *

Балдар азыр балалыктан айрылган,
Ката электе канаттары кайрылган.
Ой, жалган, ай, жогор жакта адам жок,
Кургурлардын тагдырына кайгырган.

* * *

Эпилдешет эшек ылай кечкенче,
Манчыркашат максатына жеткенде.
Ким кимдиги чыгат экен ачыкка,
Эл күтүнгөн маселени чечкенде.

* * *

Кай заманда болсо да
Жолун табат куйтулар.
Иликтешип астыртан
Ишке орношот туйтунар.

* * *

Чоң-чоң завод чогуу бойдон тонолгон,
Бар нерселер баш-отунан жоголгон.
Башчы баштап жапырт уурдап киришсе,
Кайдан жүрүп өсүш болот оңолгон.

* * *

Кастарлап ат коюшуп "канайым" деп,
Чуркашты "балакетиң алайын" деп.
Дал ошол кошоматтар жүрөт эми:
"Канчыкты өзүм атып салайын" деп.

* * *

Чээнге кирип кетти далайлары,
Кечээки кошоматтын малайлары.
Алардын жүзүн бирок ачып турат,
Заңкайып көк тиреген сарайлары.

* * *

Элди кандай эсеби жок тоношкон,
Капчыгына карааны жок солошкон.
Жечүлөргө жыргал заман болду да,
Эски менен жаңы мезгил тогошкон.

* * *

Эр жарыбайт катынына бийлеткен,
Намысыңды ошол болот кирдеткен.
Кутула албай жүрүшпөйбү далайы,
Катынына башын ийип илдеттен.

* * *

Башканын көрө албасаң зоболосун,
Өзүңдөн өзүң чүнчүп жоголосуң.
Пайдалуу бир сөз чыкпайт оозуңдан,
Билбеймин, кантип, кандай оңолосуң.

* * *

Өнөр жайын бүтүндөй
Тонотуп ийип өлтүрдү.
Качып кеткен орустар
Канча зыян келтирди.
Күтпөгөн кыргыз эзели
Жеринен безип тентиирди.

* * *

Жандар көп жанын сабап куюндаган,
Залкар бар мыктылыгы туюлбаган.
Жогор жак жолун бууп жүргөн үчүн,
Бийликтин бир бутагы буюрбаган.

* * *

Амалкөйлөр табат түркүн айланы,
Куулар жүрөт көрүнгөнсүп жайдары.
Тартынышпайт киши өлтүрүп берүүдөн,
Элестетип түшө турган пайданы.

* * *

Шамал билет кайда айдаарын булутту,
Ылай булгайт акак таза тунукту.
Эгеримде элдин шору арылбайт,
Калк башына кан көтөрсө бузукту.

* * *

Большевиктер жеңбегенде илгери,
Мамлекет болбойт эле биздеги.

Ошол заман, ушул заман - баары бир,
Жетишкендик, жеңиштердин издери.
* * *
Күн тийсе экен, күн тийсе экен кыргызга,
Адамча өмүр сүрүү керек кыргыз да.
Өзгө калктар өсүп бара жатышат,
Ошолорго жер каратып сынгызба.
* * *
Казак өстү, өскөндө да дүркүрөп,
Ыры угулат те бийиктен күркүрөп.
Кыргыз байкуш маянасы жарытпай,
Жетим бала сыяктанат мүңкүрөп.
* * *
Таза болбой журт башында башчыбыз,
Таза гана талкандалды бактыбыз.
Ордун таап отургандар болбосо,
Бир кеп тура бийиктеги тактыңыз.
* * *
Кан уурдаса, баары уурдайт,
Бала-чака, жары уурдайт.
Жалындаган жаш уурдайт,
Бөкчөңдөгөн кары уурдайт.
* * *
Жериңди саткан жексурлар
Элиңди кантип сатпасын.
Өз жанын ала качкандар
Өлкөңдү кантип сактасын.
* * *
Кыргыз эли эмнеликтен кедейбиз,
Камбыл жандар жутуп кетсе не дейбиз?
Жегендерин кустуруга жан чыкпайт,
Бир кудайдан бөлөктөргө не дейбиз.
* * *
Мүлктү мүлдө тоноду,
Капчыгына солоду.
Ач көздөрдөн кийин - соң,
Абайырак бололу.
* * *

Ар ким жасайт алы-күчү келгенин,
Ач көз салат байышынча чеңгелин.
Кара калктын ырыскысын бүт соруп,
Карышкыры арбып кетти жергенин.

* * *

Элибиз элден кем эмес,
Жерибиз жерден кем эмес.
Жаман жери бир гана
Жашообуз жакыр, тең эмес.

* * *

Кан сөзү кайчы болгондо,
Кайпактай берет оң, солго.
Малынып калса парага,
Башталат кайдан оң жолго.

* * *

Бензинге көз каранды болду тирдик,
Асмандап баа кеткенде анан билдик.
Ансыз да өлбөс күнүн көрүп жатсак,
Машина, тракторду кайдан миндик.

* * *

Май кымбат жерди айдайбыз кантип, кандай,
Алдыдан дале турат үмүт калбай.
Адилет, элдик бийлик болор бекен,
Кайгыны, капалыкты башка салбай.

* * *

Жеп-ичкендер токтомоюн оңбойбуз,
Бөксөргөндөн бөксөрөбүз толбойбуз.
Сөз айтылат, бирок жылыш билинбейт,
Жакшылыкка качан кадам жолдойбуз.

* * *

Жасалма сөз - жадап бүттүк уккандан,
Түңүлгөнбүз түп бийликти туткандан.
Эмкилер да кутула албай жатышат,
Эски илдеттин эпкиндери жуккандан.

* * *

Бир башкача чаң салдырып өлкөндү,
Бул үй-бүлө билгениндей көңтөрдү.
Эч ким билбейт ачык айткан бир жан жок,
Күжүлдөтүп күрөп жатат Кумтөрдү.

* * *

Казактарга качып жатат кыргыздар,
Кор болушту Айдай сулуу нур кыздар.
Тапкандары тамагына жетпесе,
Тентиребей эмне кылат кургурлар.

* * *

Кыргыз шору билбейм качан арылат,
Барган сайын баары кымбат, тарыгат.
Караламан калк каржалып дагы эле,
Бир жакшылык болот го деп зарыгат.

* * *

Жакшылыктын бир шоораты билинбейт,
Жегенди уксаң бүткөн боюң дүрүлдөйт.
Сөздөрүнө айкалышпайт өздөрү,
Кантип кыйрап, кантип коом бүлүнбөйт.

* * *

Мафияда кеткен тамыр тереңге,
Ал белгилүү сокурга да, кереңге.
Сталиндей бир чечкиндүү жан чыкса,
Жерди таппай калмак көбү кирерге.

* * *

Мафияга күрөшүүгө күч керек,
Башы таза башчы гана күч берет.
Аппак жолго ажо баштап түшсө эгер,
Жардам үчүн кара кыргыз бүт келет.

* * *

Көптүн көзү көрүп турат баарысын,
Башчылардын жакынын да, алысын.
Колу ийриге чаап турса дагы эле,
Коом кантип илгерилеп жарысын.

* * *

Жаман менен жалкоо кайдан жарысын,
Ага бирөө даяр бербейт баарысын.
Өмүр бою өлө өлгөнчө кор болот,
Тапмайынча эмгегинен дарысын.

* * *

Эмне шумдук жер айдалбай калганы,
Элибиздин кеткендиги дарманы.

Бул чоң күйүт, жаман жышаан билгенге,
Тагдырыбыз, арыбыздын арманы.

* * *

Оңдойбуз деп шымаланып жатышат,
Жегендери жерге сыйбай качышат.
Текке кеткен он беш жылды ойлосоң,
Оңбогондой, ой, бир жүрөк ачышат.

* * *

Эл көзүнө чөп салам деп ойлобо,
Элдин эркин эрмек кылып ойнобо.
Кандай болуп бүтөрлүгүн көрдүң го,
Калкты калчап, каалагандай ойдолоо.

* * *

Араздыктын түбү чыгат акчадан,
Аялданбы, алтынданбы - башкадан.
Өтө байып чирип кеткен алдуулар,
Ок жеп өлөт кара чүмбөт маскадан.

* * *

Миллиондоп жегендерди не дейбиз,
Тим койгондон тирдене албай кедейбиз.
Калкың колдоп, колдо байлык турганда,
Кустурбастан неге таяп-жөлөйбүз?

* * *

Жегендерди колдогон
Жаман жорук болбогон.
Кара мүлктүн айынан
Карынбай да оңбогон.

* * *

Тартип, байлык баары түгөл башчыдан,
Майнап чыкпайт колу туткак сакчыдан.
Билесиңер, бир үй-бүлө айынан,
Кайран кыргыз казынасы какшыган.
Куруп кетсин, тирүү туруп буларың,
Өлүк болду жалаң жаманаттыдан.
Кыкеңдерге кудай айтса болду эле,
Колу таза, жолу таза башчыдан.

* * *

Кош, кайран жер, жери болдуң башканын,
Бабам жерин мен да далай баскамын.

Саткан иттер кайдан билет ичимдин,
Күйүп-бышып боздоп ыйлап жатканын.

* * *

Үзөңгү-Кууш деген сөздүн өзү эле,
Айтып турат кимдин жери экенин.
Кайдан билдик жең ичинен сүйлөшүп,
Түгөнгүрдүн түбүбүзгө жетерин.

* * *

Бийликке келсе билбеген
Азапты тартат миңдеген.
Алганга, бирок маш болуп,
Иштерди жасайт зилдеген.

* * *

Элибиз өтө сабырлуу,
Козголо бербейт бекерге.
Каптаган кыян сел болот
Жегендер түпкө жетерде.

* * *

Таячуну таягын,
Аячуну аягын.
Кошоматка кой союп,
Кармабасын баягың.

* * *

Шайлоо деген шайтан оюн көрүнөт,
Бүтүндөрүң бүлүк түшүп бөлүнөт.
Куруп кетсин, өңдү көрсө жүз тайып,
«Жок» дей албай ит абийириң төгүлөт.

* * *

Башыңдагы бакытты
Бар кезинде билбейсиң.
Тизгиниңди тартпасаң,
Эрте-кечпи кирдейсиң.

* * *

Мактабагын эгер дитиң чаппаса,
Унчукпай кой, тилден тартпайт таптаза.
Кошоматтык кетсе кетет өзүңдөн,
Козголбойсуң бир кыңыртың тартпаса.

* * *

Тоночулар тоноду бейм өз элин,
Мен аларды бөрүлөр деп сеземин.
Жедеп шиши толгонунда илдеттин,
Кудай өзү жеткирди го кезегин.

* * *

Парламентте отурушат далайы,
Калка болуп өкүмөттүн сарайы.
Коруп турат кой терисин жамынып,
Эпчил, сылык, элдин болуп малайы.

* * *

Эмне болот эки мыкты тандеми,
Эл тагдыры бул экөөндө калды эми.
Бузукулар ойноочу эле мындайда,
Ортосунда болбосо экен мандеми.

* * *

Карга көзүн карга кайдан чокусун,
Бири биринен бөрү кайдан чочусун.
Жең ичинен жейт да секин тим коет,
Ооштуруп башындагы топусун.

* * *

Эмне булар кустурушпайт жегенин,
Кошо жешип, аткарганбы дегенин.
Калкка таза отчет берсин апачык,
Аягандын, жашыргандын себебин.

* * *

Калктын жаалы кайта кармап жүрбөсүн,
Быт-чыт кылып бийлигин да, түрмөсүн.
Дал ошондо баш көтөрүп далайы,
Тобо кылбай, таба кылып күлбөсүн.

* * *

Таза деген жандын дагы кылыгы,
Жашырылбай чыгат тура былыгы.
Бу заманда жуга турган болду го,
Сөпөт болгур, сөөктүн да сыныгы.

* * *

Күнөөдөн күлгөн менен кутулбайсың,
Кумардан ойнобосоң утулбайсың.
Тукуму болсоң эгер тоюнгандын,
Мансапка жеткенде да жутунбайсың.

* * *

Көз көрдү го алган менен жулганды,
Калкты сызга отургузган шумдарды.
Чогуу бойдон кудай уруп салганбы,
Кыргыз үчүн күйө турган тыңдарды.

* * *

Эр эр эмес катынына бийлеткен,
Сөздүн дагы баркы кетет бир кептен.
Калктын көзү көрүп турат бардыгын,
Сырт жагынан болгон менен билмексен.

* * *

Оңбогурлар ойрондоду заманды,
Напси тыйбай нак келтирди залалды.
Элди ойлобой иштеп калды бу күндө
Ар ким азыр керт башына жагарды.

* * *

Кол ар качан ийрисине чабуучу,
Улуп бөрү бөрүлөрдү табуучу.
Куу түлкүлөр кай заманда болсо да,
Амалданып, алдууларга жагуучу.

* * *

Жылан деле жылып жүрөт бой керип,
Жашаш үчүн жан сактоого ой келип.
Эл ачкада эки кабат там салып,
Жаман кылдың жарашыктуу той берип.

* * *

Кымбатчылык кыйнап ийди кыргызды,
Кайыштырды кызматы жок уул, кызды.
Ажыдаардай соруп алып жоголгон
Кан артына эмне эстелик тургузду?

* * *

Жегенде да чеги болот жегендин,
Өсө турган өлчөмү бар эмендин.
Баркы, баасы башка тура а көрсө,
Эл-жер үчүн башты саюу дегендин.

* * *

Кара тигил чаң айланткан куюнду,
Эске салат ээликмеде туюмду.

Желиккендер тынч тура албай ушактап,
Ар кай жакка боло берет урунду.

* * *

Урундур бирди жүзгө, жүздү миңге,
Жалкоолук жарашарын билбейм кимге.
Эркекке эң чоң күнөө деп жүрбөйбү
Беш тыйын киргизбесе киреше үйгө.

* * *

Алдамай, калп айтмай да, уурдамай,
Бийликке сес көрсөтүп чуулдамай.
Жоктору итке минип итирейип,
Бардары текеберлүү зуулдамай.

* * *

Биздин жердей болсо болор жер деген,
Көк шибери оюн курган жел менен.
Ажыдаардай соруп кетти байлыкты,
Мите курттар арабызда жердеген.

* * *

Мекенден мээр таппаса,
Тентийт да калкы таптаза.
Мактанган менен не чыгат,
Максаттар ишке ашпаса.

* * *

Оомал-төкмөл дүнүйө,
Оодарылат күнүгө.
Оңбой турат бу заман
Ойноп өмүр сүрүүгө.

* * *

Бийлик бирди көрөрдө
Ачкөздүгү артылат.
Тирешкенде эл менен
Тизгиндери тартылат.

* * *

Эрегишүү эси жоктук эл менен,
Бир каптаса сел эмеспи эл деген.
Дөөлөтүңү мээнетиңе айлантып,
Эмине бар элдин күчү жеңбеген?

* * *

Бийлик берип бир таш куурчак немеге,
Түшүптүрбүз түбү тешик кемеге.
Бийик жерге төшөп алды көчүгүн,
Калкыңды эми уруп койбойт дегеле.

* * *

Баары эле: «Элим менен» деп келет,
Кол жеткени элди тоноп жеп келет.
Айтканы бир, жасаганы бир башка
Чоңдоруңа билбейм кандай бет керек?

* * *

Тандемиң мандем болбосун,
Кудайым өзү колдосун.
Эл түзөп коет заматта
Бузулуп калса жол-жосун.

* * *

Корунасың коңшуларды көргөндө,
Калк камына катуу көңүл бөлгөндө.
А биз болсо ойлонумуш болобуз,
Кайра келгис жайга кетип өлгөндө.

* * *

Калктын жаман кабыргасы кайышты,
Ага кантип кое аласың айыпты!?
Ирилери ит мингизип коюшту,
Жүгүн тоноп, чөктүрүшүп кайыкты.

* * *

Кыргыздардын кылыктары бузулган,
Керек болсо, атып салат булуңдан.
Зордук-кордук жөпжөнөкөй иш болду,
Көз көрүнөө ажырайсың пулуңдан.

* * *

Күндүн көзүн кара булут каптады,
А зулумдар шумкар болду таптагы.
Чиркиндериң илип жазбайт кенедей,
Кекиртектен өтөт алтын, таш дагы.

* * *

Өзгөрүлдү көз көрүнөө доорубуз,
Жапырт түгөл жан дүйнөбүз оорубуз.
Алып-жулган ач көздүктүн айынан
Бир орундан жылбай турат коомубуз.

* * *

Өрт чыгууга жетет бир тал ширеңке,
Билет баары ким кыйналат, ким эрке.
Магаданга кетмек көбү чоңдордун
Сталиндей тартип жасап жиберсе.

* * *

Жоксуз шордоп, байыгандар байыды,
Ага журттун кенедей жок айыбы.
Үй-бүлөдөн бөлөк бийлик бир тыйын
Кара басты кандын бийлеп зайыбы.

* * *

Эмне дейсиң чардагандар чардады,
Бу заманда тазалары калбады.
Элди алдаган эселекти акыры
Анык урду Манас ата арбагы.

* * *

Бардын башка дем алганы, басыгы,
Азап тартат адамдардын жашыгы.
Жоксуз турмуш жон териңди беш сыйрып,
Соттон жаман сурап коет жашыңы.

* * *

Кыйын жумуш калктын кетсе чыдамы,
Эрмек эмес митингдерге чыгары.
Кайра бүрдөп бермектиги күмөн иш,
Колго тийген эгемендик чынары.

* * *

Айтуу арзан "элим менен", "элим" деп,
Жыртык дилин жамаачылап, желимдеп.
Басып-басып баса берди бачагар,
Кай бет менен айтат "кыргыз - элим" деп.

* * *

Кан калп айтса кадырынын кеткени,
Туурулганы туурдук болуп беттери.
Алдоо менен көбөйбөсө азайбайт,
Иши дайым чыгып турат тескери.

* * *

Кээ бирөөлөр сынга кулак төшөбөй,
Айтылган бир ушак көрөт көчөлөй.

«Бирөөлөрдүн кылганы» деп актанат,
Өз милдетин ондуу, түзүк өтөбөй.

* * *

Бейиш болду жегендерге бул заман,
Колдо жоктор кор болушту эң жаман.
Жулунгандар жута берсе токтобой,
Кантип, кандай коймок эле пилди аман.

* * *

Паракорлук ырбагандан ырбады,
Жыргачулар жыргагандан жыргады.
Кейиш менен өтүп кетет окшоду
Итке минген кедейлердин жылдары.

* * *

Жакыр жандар арбыгандан арбыды,
Тонолбогон толук байлык калдыбы.
Азыр көрсөм курулуштар орунун,
Элестелет чоң согуштун калдыгы.

* * *

Таза ит болдук эскилерди сактабай,
Же жаңыбыз караманча актабай.
Очорулуп оңолбогон турмушту
Дитим барып дале турам мактабай.

* * *

Жерди иштеткин, акча жерден табылат,
Табылган соң жанын, малың багылат.
Кредит деп карыз алып жан баксаң,
Төлөй албай, бүт жыйганың чабылат.

* * *

Бардарлардын тарып калды пейили,
Катуу кетти каапырлардын сейили.
Кечөөкү эле дасторкондош курбулар
Түңүлөмүн көрүп туруп тейиңи.

* * *

Тоноп түтөп, жер баспаган толтура,
Кол жеткендин баскандары мол тура.
Аттигин, ай, ары жагы чак немени,
Аңкылдатып, асмандаткан сом тура.

* * *

Биз жашайбыз маянага таянып,
Жетип, жетпей өзүбүздөн аянып.
Шайлуулардын өркөчтөнсө өзөнү,
Биздин суулар араң жылат жай агып.

* * *

Баары былгыйт башчы таза болбосо,
Байлык жыйып, керт баш камын ойлосо.
Атак алып анча узап кете албайт,
Өз элинин тагдырына ойносо.

* * *

Эл - тараза, көрүп турат бардыгын,
Кылыктарын кандын дагы, жардынын.
Бийлик жакка неге умтулат кай бири
Билип туруп акыл-эси шалдыгын.

* * *

Азайды адамдардын адамдары,
Арбыды айлакери, арамдары.
Дүйнөнүн бүт бузулуп бара жатат
Жутуп-жеп бири-бирин жаргандары.

* * *

Деги адамга калбай барат ишеним,
Ишенимдин үзүп салдык кишенин.
Элестетүү кыйын болду бу күндө,
Акыр-түбү эмне болуп бүтөрүн.

* * *

Казактын өскөнүнө арданасың,
Кыргыздар тоноолгонго таң каласың.
Карызга малып гана баса берди,
Төрөлгөн, төрөлө элек ар баласын.

* * *

Качып-бозот кандай арсыз элинен,
Ой-пикири бузук тура жеринен.
Кыргыз мүлкүн басып алып жоголду,
Тапкансышып маңдай гана теринен.

* * *

Аксылыктар суубай турат көксөсү,
Көөдөнүнө араң сыйып өпкөсү.
Эсте болсун, унутулбайт, эскирбейт,
Кызыл кандын боегунун өчпөсү.

* * *

Бул өзү үзүп-жулмай заман болду,
Адамдын көбү бөрү, каман болду.
Кыргыздар тандап алган көрүнөбүз,
Тетири кете турган жаман жолду.

* * *

Чындык деген асманда,
А тепкичи - акчада.
Табылмагы тозок иш
Тыйын деген маскара.

* * *

Мактоо жаман манчыркатат адамды,
Башкачараак шилтеп калат кадамды.
Оомат күтүп, оорактанып өзүнчө,
Онтоп барып араң алат саламды.

* * *

Саламдан башкасынын баары сатык,
Тоноду калктын мүлкүн түгөл катып.
Айласы ак кеткенде Ажо кургур
Кутулду орустарга кире качып.

* * *

«Аттиң!» дейсиң бармагыңды тиштенип,
Ызаң кайнап, кан басымга күч келип.
Чети оюлбай калат экен максаттын,
Канча иш жасап жүргөн менен тиштенип.

* * *

Учкашып чымындар да учуп жүрөт,
Бака да өз мыйзамын тутуп жүрөт.
Азыркы чоңдор ашка алымсынбай,
Тоону да, ташты дагы жутуп жүрөт.

* * *

Акылы мол, акчасы жок бечара,
Жулунбаган момун болсо не чара.
«Бу кишиге кудай берчү киши» - деп,
Чоңдор дагы сүйлөп калат ич ара.

* * *

Акчаң болсо, баарын сатып аласың,
Ал жок болсо, баарынан кур каласың.

Өз кемтигиң өзүң бүтөп оокат кыл,
Бирөөлөрдүн тырмагыча жарасын.

* * *

Колду сунбай өлсөң өлгүн ачкадан,
Үмүт кылбай, кайрым күтпөй башкадан.
Аа дүйнөнүн бир да кылы кыйшайбайт,
Маа демектен учуп кеткин аскадан.

* * *

Азап басат жонуң жука болгон соң,
Өйдөлөйсүң өзүңдү өзүң коргонсоң.
Аздектебе, аябагын жаныңды,
Алты саның аман-эсен болгон соң.

* * *

Жумуш деген колго жукпайт - алданба,
Жакырланып калганыңа таң калба.
Карышкырлар тоноп кеткен напсиңди,
Салып коюп сени шорго, арманга.

* * *

Ушунча да ачкөз пенде болобу,
Акуладай, ажыдаардай соробу.
Азыркылар аны жолдоп кетпесин,
Кыргыздарым, кыраакырак бололу.

* * *

Ойлонгула, толуп турат капчыгың,
Өлкө жарды, кыргыздардын ачтыгын.
Тентип кетти орус менен казакка,
Сүйрөп алып сүлдөрү жок баштыгын.

* * *

Кандай гана жеп-жутушту жергени,
Калайыкка бир жакшылык бербеди.
Жоош кыргыз чыдап келген момурап,
Айтып гана «Тобо» деген келмени.

* * *

Чыдам кетсе калк кайраты чыйралат,
Канчалыкка чыдайт, толкуп жыйналат.
Эл-журт үчүн иштебесе канды да
Тактан алып, таз кейпине ыйгарат.

* * *

Кастык кылса соттоо керек канды да,
Антпеген соң адам жылбайт алдыга.
Дал ушундай жегичтердин айынан
Кайран кыргыз итке минип калды да.

* * *

Сорсо тойбос тоону, ташты, деңизди,
Кан көтөрүп алыптырбыз жегичти.
Ал желмогуз билип жалаң алышты,
Билбей калган адамдарга беришти.

* * *

Чакан элбиз, чар учкандай тарадык,
Жаман болдук жегендерге таланып.
Керт башы эмес, элдин камын ойлогон,
Бир кеменгер калар бекен жаралып?!

* * *

Жегич «чоңдун» пайдасынан - зыяны,
Алып көнгөн напси иттигин тыябы.
Пайда гана көздөп калган жексурдун,
Ажыдаардан айрымасыз сыягы.

* * *

Балаадан бакыт тапкан бар,
Балаанын отун жаккан бар.
Митедей соруп эл мүлкүн
Билинбей ичте жаткан бар.

* * *

Чача берсе, бай да айланат жардыга,
Иши жылбайт илгериге, алдыга.
Өлкөсүнө өзү баштап кол салса,
Калктын каары кайсап тынат канды да.

* * *

Кан ишине кийлигишсе катыны,
Кандын башын жутуп тынат акыры.
Канды булгап, калыстыктан тайгызат,
Жолдош-жоро, ага-тууган, жакыны.

* * *

Башчы колу булганса,
Баштан аяк булганат.
Өлкөсүндө башталат,
Борон-чапкын, бурганак.

* * *

Кандын кетет кадыры
Калыстыктан тайганда.
Андайларды Алла өзү
Айландырат айбанга.

* * *

Алк бузулса, калк бузулат абайла,
Кызмат кылуу кыйын болот сарайга.
Алтыныңды сатып атсаң арзанга,
Акыр түбү зар болобуз калайга.

* * *

Эл ырысы кетпейт түбү тегинге,
Аламын деп, азгырылып теминбе.
Андан көрө элге кылгын жакшылык,
Эс токтотуп, эгер болсо дээриңде.

* * *

Менменсинип, менсинип,
Өзүнө өзү теңсинип.
Издеп турат өзгөдөн
Өөн, айып, кемчилик.

* * *

Элди жеген элден алат каргышын,
Эрки менен мейли күлүп дарбысын.
Жарып алып жай болгондо түшүнөт,
Бакыт деген колтугунда дарбызын.

* * *

Кайкайган кайран текелер,
Аска-зоо - өрүү мекеңер.
Зордукчул мылтык чыкканы
Жылыбай калды чекеңер.

* * *

Кулжаларды курутушту аткылап,
Кайдан-жайдан кардар келет чапкылап.
Биздикилер эртеңкисин ойлобой,
Тозуп алат канаттарын каккылап.

* * *

Текелерин тердирип,
Кулжаларын куруттук.

Асыл жердин жандыгын
Асыроону унуттук.

* * *

Каткырба жыйганыңа,
Карасаң ыйманыңа.
Ишенбей жүрөсүң го,
Түбүндө кыйрарыңа.

* * *

Бардыгынын баюу жакта амалы,
Дикилдешет тийип тийбей таманы.
Кол жеткендер кабылганын кайсашып,
Ажыдаардан ашып түшөт арааны.

* * *

Калды кыргыз оңой менен жарыбай,
Ач көздөрдүн баары мыкты, баары бай.
Карыздарды жегендерди кустуруп,
А болбосо, камашпайбы наалыбай.

* * *

Баары түгөл байланышат башчыга,
Алар чанда жаралышат бактыга.
Калктын канын соруп алып кай бири,
Жанталашат жалгыз гана тактыга.

* * *

А бу заман - жегендердин заманы,
Кампайышат карышкыры, каманы.
Эл эмине, энчилерин жулдуруп,
Кедейленип кетип калат амалы.

* * *

Калк жыргаса кантип көчөт чет элге,
Байласа да бармак эмес бекерге.
Өлмөк беле кылар кызмат болбосо,
Арга издейт да ачтык түпкө жетерде.

* * *

Түгөндү окшойт баарыбыздын арыбыз,
Жаман болдук жашыбыз да, карыбыз.
Арга кетти алга такыр жылгызбай,
Артка тартып алдым-жуттумдарыбыз.

* * *

Кедерибиз кетти го,
Кедейлик түпкө жетти го.
Өтүүчү өмүр өттү го,
Өкүнүп жашын төктү го.

* * *

Берсе түшүм, бербесе да жер айда,
Акырындап андан болор бир айла.
Акыбетиң кайтпай калса арга жок,
Анда арманың айта бергин кудайга.

* * *

Байыгандын кулайт өйдө таштары,
Булут челип, көтөрүңкү баштары.
Башканы кой чырпык башын сындырбайт,
Кышында да түшүм берет бактары.

* * *

Кадимкидей бай, жардыга бөлүндүк,
Бирибизге бирибиз жек көрүндүк.
Түбү, көрсө, түк бирикпейт турбайбы
Бу тирликте чындык менен төгүндүк.

* * *

Совет кезин сөгө бербе, ойронум,
Керт башыңдын келечегин ойлодуң.
«Элим үчүн!» демиш болуп бүт тоноп,
Жакшылыкка жарты кирпич койбодуң.

* * *

Жаралыпсың кыргыздардын шоруна,
Кабылыппыз жөргөмүштүн торуна.
Эми минтип шүмшүк болуп, ит болуп,
Өзүң күйдүң арам мүлктүн чогуна.

* * *

Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кан болдуң,
Тактан качып, бир таштанды жан болдуң.
Эмне таптың элди бүтүн сыздатып,
Маа демектен төрт аяктуу мал болгун!

* * *

Кайран эл, ай, кабыргасы кайышкан,
Айырмаң аз болуп барат майыптан.
Зулумдарга жетсин сенин убалың,
Алсыратып ал-күчүңдү тайыткан.

* * *

Тоногондор өкүрүшсүн көрүндө,
Тирүүлүгүн тете деймин өлүмгө.
Арамдыкка чылк малынган шылуундар
Ойлоп койбойт тозок оту жөнүндө.

* * *

Келечекке кам уралы бүгүндөн,
Жан бололу жан сактоого жүгүргөн.
Эл-жеринен качып-бозуп жоголот
Ар-намысы, абийирлери күбүлгөн.

* * *

Элге арамдык жасаса,
Элдин урат кусуру.
Калк каргаса андайда
Кайда качып кутулуу?!
Улган менен жулгандар
Унутпаса ушуну.

* * *

Агарбайт жүрөгүндө карасы бар,
Айыккыс санаасында жарасы бар.
Кыябы келген кезде андайларга
Камандай бир чалдырып аласыңар.

* * *

Төшүңдү кагып "Мен!" дебе,
Мен өңдүү жансың сен деле.
Ай, Күнгө теңейт керт башын
Ал-күчү чакан кем неме.

* * *

Бийиктей түшсө зоболоң,
Айрыла көрбө тобоңон.
Арамдык жагың өрчүсө,
Артыңдан ээрчийт жоболоң.

* * *

Кашынып коюп желкени,
Жалкоонун бүтпөйт эртеңи.
Аяктап койсо жакшы го,
Акыры бүтөр нерсени.

* * *

Иш бүтүрүп күжүлдөп,
Убакыттан озгон бар.
Күндө артына жылдырып,
Иш мөөнөтүн созгон бар.

* * *

Бакыт даяр учуп түшпөйт асмандан,
Көз ачылат күрөш жолун баскандан.
Алдым-жуттум адамдарга, а бирок
Акаараттуу айтып бүткүс ат калган.

* * *

Башты мыкчып отурбагын бекерге,
Акча жыйгын үй-бүлөңө жетерге.
Өз жериңден кокон тыйын албасаң,
Өлмөк белең, жүрүп кетпей чет элге.

* * *

Сен самайсың алтын күрөп алышты,
Болжоп коюп көз жетпеген алысты.
О, ошондо унуткарып саласың,
Кол жеткенде ар, уятты, намысты.

* * *

Бирөөнүн көз артпагын үлпөтүнө,
Суктанба сугуң артып күлпөтүнө.
Кишинин колун карар жан эмессиң,
Карасам турган турпат, түрпөтүңө.

* * *

Өз жаныңды өзүң баккын, аяба,
Ирденгенче издебегин саяба.
«Ракетти Алла сүйөт» деген бар,
Ачык жолун арнайт чыгар сага да.

* * *

Тойгонго да топук кылбай калдыңар,
А тобону таза унутуп салдыңар.
Атаңардын акысы өтүп кеткенсип,
Кара калкты калың шорго малдыңар.

* * *

Алсыздар айла издешсин мөгдөгөндө,
Ар иштин көзүн тапсын жөндөгөнгө.
Аракет ар нерсеге алып барат,
Ашуулар жол тапкызат өрдөгөнгө.

* * *

Көз алдыда журт санаасы өзгөрдү,
Баары сатык болгондугун көз көрдү.
Акыл, бийлик бүт акчанын колунда,
Ал болбосо, алдан таяр кез келди.

* * *

Арзан эмес акчанын табылмагы,
Оңой болот ооздун жаңылмагы.
Барыдан да тозоктун тозогу го,
Жаманатты дегендин жабылмагы.

* * *

Алтын бар жерде алкым бар,
Аралаш болсоң дартың бар.
Акыры жаман бүтчү эле,
Абайла жетер шартың бар.

* * *

Сөз түйүнү жалгыз гана пул менен,
Пулуң болсо, толуп турат кул деген.
Бул өзү бир заман болду ушундай,
Колуң жетсе, үзүп-жулкуп жул деген.

* * *

Бул күндө заң башка да, заман башка,
Үйрөнгөн жалпылдашка, жамандашка.
Акча үчүн, кызмат үчүн кырды бычак,
Орун да калтырышпайт амандашка.

* * *

Шайлоолор шайды оодарды, бөлүп жарды,
Соодага айландырды намыс - арды.
Бир гана сатыла элек бул дүйнөдө,
Калгандан жалгыз гана аба калды.

* * *

Бийликти берсең жаманга,
Жакшылык кылбайт адамга.
Акылың, ишиң бир тыйын
Тепкени тепкен таманга.

* * *

Аким эгер мыйзам бузса - ишенбе,
Арам кылса, ачык чыгат бүт элге.

Актанганы, сактанганы бир тыйын,
Өзүн өзү салып берет кишенге.

* * *

Дүнүйөгө көз тойбосу ырас да,
Чоң азыткы акча деген жылас да.
Өзүң жалгыз кепин менен кеткен соң,
Опаа бербейт калган мүлкүң мураска.

* * *

Чычкан үчүн мышык сүрдүү арстан,
Абай кылып, качып турат алыстан.
Коркот алар жаны таттуу болгон соң,
Капысынан набыт болуп калыштан.

* * *

Куйругу менен кум сайды,
Ырсайган бойдон ырсайды.
Ырысын элдин бүт тоноп,
Калкка эми кантип кылчайды?

* * *

Жөнөкөй жүргөндөргө суктанамын,
Өнөрдүн кармаса да туткаларын.
Иш менен күтүрөтүп айдап барат,
Биз арак ичкен күндүн сутка ларын.

* * *

Мен өмүрдө бир нерсени байкадым,
Байкадым да, башты катуу чайкадым.
Карышкырдан адам жаман турбайбы
Агытканда ач көздүктүн алкагын.

* * *

Эси жок, эмне мынча дердеңдейсиң,
Асмандан азыр түшүп келгендейсиң.
Элине эмгеги өткөн азаматка,
Басташпа, мейлиң басташ - тең келбейсиң.

* * *

Эр өлбөсүн башын сайып эл деген,
Дили- дитин жакшылыкка сермеген.
Ал жанагы калк тоногуч каапырлар,
Кантип басып жүрөт билбейм, жер менен.

* * *

Кимди азгырбайт бу бачагар дүнүйө,
«Ал, алгын», - деп айтып турат күнүгө.
Ар ким эле чыдай албайт көрүнөт
Абийир күтүп, адал-аппак жүрүүгө.
* * *
Көрбөдүм бир да жалкоо жарыганын,
Жаш туруп карап койчу карыганын.
Өзүнүн үрүп чыгар ити да жок,
Көрө албайт коңшусунун байыганын.
* * *
Коррупция калбайт дагы, жоюлбайт,
Аны чондор өздөрү да моюндайт.
Алкымына Алатоо да чак келбейт,
А жегендер жеген сайын тоюнбайт.
* * *
Жан жаралган жаман, жакшы аралаш,
Бири болуп, бири болбос жарабас.
Баары бирдей болсун дейсиң тиленип,
Бир калыпка түшпөйт тура кара баш.
* * *
Адамдардын табияты ушундай -
Бардар жашап, баюу жакка жутунмай.
Сактан, досум, жерде жүргөн сен эмес,
Асмандагы Ай, Күн өтпөйт тутулбай.
* * *
Алыстагын бетке чиркөө жумуштан,
Жаңжалдашып жакалашкан уруштан.
Өзгөлөрдү өөнөп, тоноп эрдемсип,
Куулангандар кур калчу эле ырыстан.
* * *
Чок баскандар билет чоктун ысыгын,
Дат өткөндөр билет бийлик кысымын.
Эгеримде кыйды болсо кошунаң,
«Кет!» дебе итин, «мыш!» дебегин мышыгын.
* * *
Калк каргышы качан, кантип жанчу эле,
Урпактарга унут болбой калчу эле.
Кай заманда элин тоноп, кан качып,
Ач калтырып, алааматты салчу эле.

* * *

Башчы түлкү болсо эгер
Жойпу болот бардыгы.
Андай кезде күч алат
Заманыңдын тардыгы.

* * *

Бөрү койсоң сакчыга,
Балта чаптың бактыңа.
Эртең жара тартат да,
Өзү олтурат тактыңа.

* * *

Кулагыңды үйрөтүп,
Тоспо күбүр-шыбырга.
Тайгылдырар бутуңду
Так ошолор чынында.

* * *

Ак жеринен айыптап,
Күйгүзбөгүн бирөөнү.
Тагып коет билгизбей,
Алла өзүңө күнөөнү.

* * *

Май баскан көздөрүңдү дарылагын,
Көпкөндүк илдетинен арылагын.
Сен түбү көрдүң беле ачкөздөрдүн
Алганы аш болгонун, жарыганын.

* * *

Айбандын да бири момун, бири куу,
Талга конгон таранчылар чуру-чуу.
Бөрүлөрдө бөлөк максат, бөлөк шарт -
Жан бүткөндүн жапырт баарын курутуу.

* * *

Култуңдаба, куйтуңдаба, кууланба,
Бирок кургак чыгар итсиң суудан да.
Далайларды түртүп берип түрмөгө,
Акталгансың арбын ызы-чуудан да.

* * *

Аай, кыргыз оңбой калдык, оңбой калдык,
Кудайдын купулуна толбой калдык.

Башчылар карышкырдан жаман чыгып,
Кара журт итке минип, болбой калдык.

* * *

Жылдан жылга очорулуп оңбодук,
Билбейм деги кандай жолду жолдодук.
Ажыдаарлар талкалаган заманды
Каран калгыр, кантип, кандай оңдодук?

* * *

Калыстыктан кайтышат,
Бийлик бирди көрөрдө.
Көмөчүнө күл тартат
Көсөмдөр да өлөрдө.

* * *

Мыкты үйрөндүк эл байлыгын жегенди,
Унутканбыз чебердөөнү, ченемди.
Эмне дейбиз калк кайгырса бейкапар
Угуп, бирок унчукпаган кезенди.

* * *

Калк көзү качан болсо көрүп турат,
Чындыгын жалганынан бөлүп турат.
Калп айтып, калкты алдайм деген жандар,
Калкынын каргышынан өлүп тынат.

* * *

Көсөмдү көсөм дейбиз калыс үчүн,
Баштарын сайгандыктан намыс үчүн.
Андайлар аздап гана жаралышат,
Тарыхта өчпөй изи калыш үчүн.

* * *

Кыргыздардын чондору,
Тойбос чыгып оңбоду.
Кымтып турса сол колу,
Пара жакта оң колу.

* * *

Арамдыкка белибизден малындык,
Чыкпай турган чырмоок торго чалындык.
Тилин дагы жоготуучу улуттун,
Каран калгыр, тизмесине алындык.

* * *

Кайда алтындар калк дүрбөгөн баягы,
Кантип кумга сиңип кетти аягы?
Эмнеликтен эскерилбейт кайтадан
Алтын дайнын билгендердин баяны?

* * *

Чондор эмне кустурушпайт жегенди,
Же алар да чогуу-чаран жегенби?!
Бийлик эмне бир былк этпейт бул ишке,
Унутпайлы уят-сыйыт дегенди?
Дал ушундай ууру чоңдор айынан
Кайран өлкө кайырчыга теңелди.

* * *

Чак өлкөгө көп депутат жарашпайт,
Адам алкы нени гана саматпайт.
«Кол тийбестик» деген дагы балаа бар,
Киши өлтүрүп койсо дагы каматпайт.
Бүт өлкөнү талап-тоноп кетсе да,
Кылган иштин бир да четин каратпайт.

* * *

Карганын көзүн карга чокуш керек,
Тазабы, ээрин тетир токуш керек.
Жайына койбой аны жалжактатып,
Жай кылып, жаназасын окуш керек.

* * *

Бардар болуп байыганга не жетсин,
Бирок дагы ак эмгектен тапса аны.
Колдон келер жумуштарды жасагын,
Самай бербей, чыга албаган асканы.

* * *

Оюнда жүрүүчү элең бүркүт болуп,
Өзүңчө Ала-Тоодой түркүк болуп.
Жат элдин колтугуна кире качтың,
Элиңден өлөрүңдө шүмшүк болуп.

* * *

Сен баскан жерден баскым жок,
Сен таткан аштан таткым жок.
Сен түнөп кеткен үйгө да,
Секунд же мүнөт жаткым жок.

* * *

Коркунучтуу куйтулар,
Амал издейт туйтунар.
Жакындатпайт жанына
Жамандыгын туйчулар.

* * *

Ушакчы деген уу экен,
Арт жагы ызы-чуу экен.
Айла-амалы түлкүдөй
Ай, ашкере куу экен.

* * *

Бут тосуулар болгон, боло бербейби,
Эрегиште эрки күчтүү жеңбейби.
Борпоң жасап, болбуратып мендейди,
Өрт жаратып койгон тура сендейди.

* * *

Жан дүйнөнүн жардылыгы байыйбы,
Жыгылганды азыр бирөө тайыйбы.
Айткан менен алып көнгөн шылуундар,
Укмаксанга салып койду ай-уйду.

* * *

Эки жарты бирикпесе бүтүнгө,
Эгеримде келбейт бирдей бүтүмгө.
Андай жердин ызы-чуусу көп болот,
Оңолот деп ойлонбо да, күтүнбө.

* * *

Элди шорго малгандын
Эгем берет жазасын.
Эл башына а бирок
Сейрек берет тазасын.

* * *

Үрө бер, байкуш, үрө бер,
Мыскылдап деле жүрө бер.
«Күлгөнгө күлө жетет» дейт,
Азырча дооран сүрө бер.

* * *

Козголбос ташты сел алат,
Кооптуу канды эл алат.
Калкына кылган кыянат
Жандарга каргыш, миң аалат.

* * *

Турмуштан сабак алмайын
Туура жол кайдан табылат.
Билбеген көчтү баштаса,
Туюкка барып кабылат.

* * *

Сүр өмүрдү, сүрсөң сүргүн сүргөндөй,
Жалтаңдабай, жашык болбой сүрдөнбөй.
Эркин жаша эмгегиңден баар таап,
Болбогунуң пилге кандек үргөндөй.

* * *

Таштабайсың жасалмалап, жалганды,
Үйрөнгөнбүз жулган менен алганды.
Бүгүн жыйып, куунап алсак болгону,
Көтөрөбүз эртең башка салганды.

* * *

Кайда жатат кайран Кумтөр алтыны,
Сызга гана отургузду калкымы.
Ажыдаардан жаман тура а көрсө,
Ырсаңдаган желмогуздун алкымы.

* * *

Карабаса жаман тура чеңгелге,
Карабеттер кандай болду шерменде.
Ырсакебиз ырыскыны бүт уурдап,
Жарай албай калды журтка келгенге.

* * *

Көзүңдү азыр май басып,
Көпкөлөң жүрсүң жай басып.
Бейитиң турар сенин да,
Кыш-күрөө кезде кар басып.

* * *

Мекениңде туулуп,
Өлүүң керек Мекенде.
Баар таап кетпейсиң
Барган менен чет элге.

* * *

Кудай сүйөт калыс жүргөн пендесин,
Аксымдарды аз берсин же бербесин.

Бир ишенип, бир ишенбей кетесиң,
Адилеттик басар бекен жер бетин.
* * *

Калыс болсоң, кара кылды как жарып,
Кайда жүрсөң жолуң ачык, ак жарык.
Берген жанын алат Алла кайрадан,
Колдон келсе абийир менен өт карып.
* * *

Өлкөбүздүн келечегин ойлойлу,
Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болбойлу.
Ынтымакты сактабасак Алла өзү,
Ырыскыдан ажыратып койбойбу.
* * *

Чыгат бир күн чыкчулардын ойрону,
Ашып кетти баштарынан тойгону.
Бар эмеспи баарыбызга кудайдын,
Таразалап өлчөп бычып койгону.
* * *

Мыктылар бар уютулган коргошун,
Таба билет кыйындыкта жол-жосун.
Эркиндикти, элди сүйгөн эрлерди,
Эгем-таала өзү жөлөп колдосун.
* * *

Ыйманыңа бап келишкен жылдызың,
Момун, сыйкор, жакшы эл элең кыргызым.
Жигиттериң суусар кийип суналып,
Кыздар кийген үкү тагып кундузун.
Шартка ылайык өзгөрүлүп отуруп,
Эмки кыргыз башка болдуң, кургурум.
* * *

Убара жашоо ушундай,
Улунмай дагы жулунмай.
Кай бири өтөт кудайдын
Бергенин түзүк урунбай.
* * *

Ар заманда боло келген бузуктар,
Калбайт деле куулук, айла, шумдуктар.
Олуянын олуясы болсоң да,
Алла алдында башыбызда кулдук бар.

* * *

Жарыктыкка бир келген
Жандыгыбыз дүйнөнүн.
Опаа болбойт жыйган мүлк,
Ойлонсокчу, дүйнө күн!

* * *

Канча бардар болсок да,
Да болсо деп ойлойбуз.
Тоону түгөл жутсак да
Топук кылып койбойбуз.

* * *

Ай-аалам чексиз, түпсүз, кенен деген,
Адамга бардык нерсе ченем менен.
Кудайың калыс карап көрүп турат,
Кусасың чектен ашык жеген менен.

* * *

О, досум, ашкере эле кылактадың,
Эл-журттан караан үзүп ыраактадың.
Асманга кете албайсың акчаң менен,
Биз баскан жерден эле чыгат жаның.

* * *

Абийириңдин алдында
Болбогунуң күнөкөр.
Эсиң менен жашасаң,
Байманалуу күн өтөр.

* * *

Сылык болуп сыпаасынат калп эле,
Иттенерде шарт бурулат жалт эле.
Көз боочудай миң кубулуп кууланат,
Бу каапырга кайдан жуккан дарт эле.

* * *

Пейили башка болду адамдардын,
Арааны жүрүп турат жамандардын.
Кай бирде ушул жарык дүнүйөдө,
Дегеле келбей кетет аман калгым.

* * *

Унутуп байыркынын баба салтын,
Батыштын баратабыз ээрчип артын.

Ушинтип жетеленди болуп алып,
Жугузуп алабыз го жаман дартын.

* * *

Кризистен чыксак экен - тажадык,
Куру сөздөрдөн куруп кеттик тажанып.
Алдым-жуттум таза ашынып кеткенден
Кудуреттен жатабызбы жаза алып!?

* * *

Бул өзү кысталыштуу кыйын заман,
Өлбөстүн күнүн көрөт эл-журт араң.
Жегендер жер басышпайт байып алып,
Ушул да калыстыкпы Алла-таалам?..

* * *

Берген жанын кайра алган,
Жараткандын мыйзамы.
Калат артта кандын да,
Казына, мүлк, жыйганы.

* * *

Ач көз өлөт артта мүлкүн кыя албай,
Кандар да өлөт тактысына сыя албай.
Элге-журтка жасагандар жамандык,
Алла алдына кантип барат уялбай.

* * *

Арада кудум шайтан адамдар бар,
Аларда шайтан билбес амалдар бар.
Көргөндөрүн көрмөксөн болуп койгон
Бети калың беш эли «тамандар» бар.

* * *

Сен кыргызды чакмак алып ойнодуң,
Өмүр бою жей берем деп ойлодуң.
Терең кетип, Теңир сездиң өзүңдү,
Билдиңби эми кудай уруп койгонун!?

* * *

Коргобой, асырабай жерибизди,
Канткенде бага алабыз элибизди.
Жадаса, жат өлкөгө алдаттык го,
Жараткан өзү ыйгарган кенибизди.

* * *

Көлдү дагы келатышат куушуруп,
Астыртадан алкымына кол сунуп.
Ага деле кайдыгербиз көлдүктөр,
Чакан жердин чар тарабын молсунуп.

* * *

Сакта кудай жан-дүйнөсү жардыдан,
Андай менен бир баскандан айбыгам.
Ансыз деле азабы күч заманда
Айрылалбай жүрбөйбүзбү кайгыдан.

* * *

Талап кылат тааныштырган үчүн да,
Эсепке алат эшигинин күчүн да.
Пара сурап калабы деп чочулайм
Жолугушуп салам берген үчүн да.

* * *

Көр пендебиз бул дүйнөгө бир келген,
Майда-чоңу, жаман-жакшы иргелген.
Убактылуу басып жүргөн жер үстү
Бизге чейин калганы жок кимдерден.

* * *

Көргөн соң бул өмүрдүн жуталаңын,
Өзүмдөн өзүм чүнчүп буталамын.
Кыргызым кыр ашалбай калбасын деп,
Саргайып, санаа тартып тушаламын.
Тилимдин тирлиги да тарып барат,
Канткенде кайкып көктө уча аламын.
Телмирип үмүт үзбөй Теңиримден,
Жакшылык болор деген кусадамын.

* * *

Баатырым, кесир сүйлөп келжеңдебе,
Мансапты жалгыз сага берген беле?!
Бакыт да токтогонго токтойт дешет,
Кайрадан качып кетет келген неме.

* * *

Бар биздин мактануучу «Манасыбыз»,
Башканы басынтар жок талашыбыз.
Эзелтен элдин атын жоготпогон
Байыркы кыргыздардын баласыбыз.

А бирок илгеркиден такыр башка
Заманга бүгүнкү көз карашыбыз.

* * *

Азыркы кыргыз такыр башка кыргыз,
Байлыгын бүт тоноткон ачка кыргыз.
Көрсөттү да бир ирет бүт дүйнөгө,
Дилинде бар экенин эрки сынгыс.

* * *

«Улуу урматтуу» деген сөздү такпагын,
Кандын анда чыгарасың акмагын.
Ушул сөзгө муюп алса мыңкыйып,
Билдиргени кошоматка батканын.

* * *

Таптакыр башка болду жандын баары,
Сөздөрү кайчы чыгат кандын дагы.
Болгону менен деле заман жаңы
Көңүлдөн кетер эмес зардын тагы.

* * *

Тилибизди калдык окшойт сактабай,
Өзгө тилде тура албайбыз какшабай.
Чоңдун баары чогуу сүйлөйт орусча,
Өлүшөт го кыргыздыгын актабай.
Кайпаңдашып кара күчкө калп эле,
Кыргыз элин, кыргыз тилин мактамай.
Эси жоктор биздей гана иш кылат
Өгөйсүнүп эне тилин барктабай.

* * *

Кыргыз тилин кызыл чокко таштайлы,
Четибизден орус боло баштайлы.
Ансыз деле акыр заман жакындап,
Чилдей тарап кыргыз тентип жатпайбы.

* * *

Кыргыз тилин кыргыз билбей калат го,
Кайдыгерлик канга бүткөн адат го.
Касиеттүү кайран калкым акыры,
Башка тилдүү адам болуп алат го?..

* * *

Кыйын кезде кымбаттыгы, ой, дарынын,
Бүт кубатын алып коет карынын.

Орок, балка, беш жылдыздуу СССР,
Бекер берип тийгизчү эле жарыгын.

* * *

Ой-бой, ой, жашоо жаман кыйындады,
Жумуш жок, азап болду тыйын жагы.
Бу качан оңолуучу заман келет,
Кудайга жетпей калды ыйың дагы.

* * *

О, жарыктык, Асан кайгы карыя,
Боорукерлик, сооп иштерге дарыя.
Сени менен сендей адам жок болду,
Бу заманга ачык айтам жарыя.

* * *

Ай, оңбогур, атын сатып улуктун,
Канча жолу капчыктарын куруттуң.
Эң жазалуу оорун такса болду эле,
Күнөөң үчүн илер моюнтуруктун.

* * *

Чындык үчүн ачык айтып, ак сүйлө,
Мейлиң жакта, мейлиң жек көр же сүйбө.
Чакчалекей, чар тарапка урунткан,
Татаал тура табышмактуу бу дүйнө.

* * *

Жандар болот мүлтүлдөгөн сымаптай,
Чоңдор көрсө чап жабышат суратпай.
«Адал иштеп, ак кызматым берем», - деп,
Таза өңдөнөт мөлтүр кашка булактай.

* * *

Сак карагын алкаган, жалгаганга,
Ишенбегин арбаган, каргаганга.
Азыркы адам кечөөкү адам эмес,
Бүт маш болуп бүтүшкөн алдаганга.

* * *

Жакынына жан тартпаган жок адам,
Анысына мен да күбө боло алам.
Оомал-төкмөл нерсе тура, а көрсө,
Арам, адал аралашкан бул аалам.

* * *

Эчендер бар этеги эки болбогон,
Жолго түшкөн жоболоңдуу, оңбогон.
Эс тартканы бир жакшылык иши жок,
Бар өнөрү чыр-чатакты колдогон.

* * *

Ээн ооз кежирге,
Эми кудай берген кез.
Арамдыгы жукпасын,
Алар жүргөн жерден без.

* * *

Колдон келсе, колдочуну колдогун,
Колдобоско эч убара болбогун.
Тирүүлүктө унутпагын эгерим,
Калыстыктан башка жакшы жол жогун.

* * *

Жарым жан, жарты санга кайда кайрым,
Бул күндө адам билбейт адам дайнын.
Өзгөчө кыргызбайым кызык калк да,
Биринин бири чукуп турат айбын.

* * *

Сен өзүңдү өтө ашкере мактаба,
Акылың да, жакының да - акчада.
Эгеримде болбогондо акча-пул,
Саламың да өтпөй калат башкага.

* * *

Далайдын чаптың камчысын,
Дайра деп мактап тамчысын.
Аларың акмак болушту,
Эми эмне дейсиң, калпычым?

* * *

Кан майданда канча кандар акпаган,
Канча жандар кайда сулап жатпаган.
Сталиндин унутулгус эрдиги,
Кремлден чыкпай элди сактаган.

* * *

Үзүлбөсүн орус менен байланыш,
Үйдө, бирок эң кооптуу жайдабыз.
Эгеримде орустардан кол жуусак,
Коңшулардан кетип калат айлабыз.

* * *

Адат болгон кекиртекти майламай,
Пул бергенди бир заматта шайламай.
Тегерекке жармачтарды чогултуп,
Тың чыкканды тымызындан жайламай.

* * *

Өз чоңуңду жамандап,
Өлөрчө жаман какшайсың.
Кирип келсе капыстан,
Киреге жерди таппайсың.
Мүлтүлдөсөң түз жүрбөй,
Мүрзөңө дагы батпайсың.

* * *

Көөдөнү жок кетет бекен көпкөндөн,
Башы жаңы чыкпадыбы чөккөндөн.
Кабар алып койсо боло кичине,
Атасы экөө эшек минип өткөндөн.

* * *

Атка адеп минген кезде эле,
Ээрге кыйшык отурдуң.
Куюшканың түшкөндө,
Андан да бетер чочундум.
Кейишин тарттың акыры,
Керт башың кылган жосундун.

* * *

Даңазалап даңктабасын бекерге,
Балдан ширин даам болбойт шекерде.
Болгон менен бейиш, жыргал чет элде,
Наркы жетпейт жарма жуткан өз элге.

* * *

Ар ким кылсын колдон келер жумушун,
Мезгил тандайт, ким начары, дурусун.
Ынтымактан өткөн мыкты нерсе жок,
Көрсөтпөсүн элдин жаңжал, урушун.

* * *

Чуу куйрук бар чуусу бүтпөй чубалган,
Эч коркпогон кудайдан да, убалдан.
Кубаланса, да бир жерди майкандап,
Жыргап-куунап чыгып жүрөт кумардан.

* * *

Мактанба, манчыркаба байлыгыңа,
Башкадан эң көп алган айлыгыңа.
Эгерде буюрбаса ошолоруң,
Мүңкүрөп калганыңда - кайгы мына.

* * *

Паракорлор сугун артат алганга,
Ушакчылар үйүр болот жалганга.
Жай адамдар тобо-топук кылышат,
Моюн сунуп тагдыр башка салганга.

* * *

Жашамак парз учуруна жараша,
Турмуш - күрөш, турмуш эмес тамаша.
Бул тирликте ким экениң бааланат,
Элге кылган эмгегиңе карата.

* * *

Арамдарга арам тамак аш болот,
Адамдарга сиңбейт, кайра таш болот.
Алып-жулуп, тоноп көнгөн немелер,
Кадимкидей камбылдыкка маш болот.

* * *

Карышкыр да түшкөнүндө капканга,
Кегин ичке түйүп турат жатканда.
Тике карайт көкжалдыгын көрсөтүп,
Тиши жетсе, даяр жара тартканга.

* * *

Шумкарга мейкини кең чабыт керек,
Тулпарга мелдеши күч жарыш керек.
Энеден төрөлгөн соң эркек болуп,
Өлкөнү коргогонго намыс керек.
Түйүнү түйдөктөлгөн татаал ишти,
Чечүүдө так тараза - калыс керек.
Кай заман, кай мезгилде болсо дагы
Мүлтүлдөп ары урунбай, бери урунбай,
Адамдар адам бойдон калыш керек.

* * *

Акмактарга эч бир болбойм кабатыр,
Алар өзү адам эмес жан ачыр.

Кулагына кирип койбойт чиркин, ай,
Миң кайталап какшасаң да санат ыр.
* * *
Жакшыны жамандоодон жаман болбойт,
Жаманды миң мактасаң, адам болбойт.
Сен койду “чочкосуң” деп сөккөнүңдөн
Жер түртүп мурду менен каман болбойт.
* * *
Жазгым келет жеңилди эмес, оорду,
Көргөнүмдөй өзүм билген доорду.
Эл кыйналса, мен да кошо кыйналып,
Оңолтууга кеңеш кылып коомду.
* * *
Сел каптаган үйлөрдөн седеп алба,
Ач көздөргө өзүңдү теңеп алба.
Кайда болсо табылат насип деген,
Ар-намысты, абийирди таза карма.
* * *
Кыргыздын дагы жонуна
Күн тийген заман болсо экен.
Адашып жүргөн алыста
Айланып куту консо экен.
* * *
Тарыхтын сынат кээде дөңгөлөгү,
Анда да болот артка дөңгөлөнүү.
Кыргыздын керт башынан эмне өтпөгөн,
Кайран журт калган жок го көрбөгөнү.
* * *
Сасыса балык башынан,
Өзүнө өзү жасаган.
Акыры тартат азабын
Арамдык менен жашаган.
* * *
Бирөө сенин билип калса калпыңды,
Сезип турат канча экенин баркыңды.
Аттиң чиркин, андан дагы жаманы
Тыюу кыйын көрүнбөйбү алкымды.
* * *

Жыргалдын болот кууралы,
Жылуунун болот сууганы.
Калдайган бойдон турбайсың
Качкандын болот кууганы.

* * *

Акылман сымал түр кылат,
Сестентип элге сүр кылат.
Элине күйгөн жан болуп,
Күйбөгөн жерди күл кылат.

* * *

Жаманга жакындашпагын,
Кууларга акылдашпагын.
Бүкүлү жуткан ошолор
Далайдын асыл баштарын.

* * *

Майда болот башчылардын жаманы,
Жандай көрүп кошоматты, параны.
Ой, чиркиниң! Күйбөс жериң күл болот,
Сүйлөп турса, бузуп бекер санааны.

* * *

Шаарда иш жок, бүтүн жешкен баарысын,
Адам анан кантип, кандай жарысын.
Көрүүчүлөр көрмөксөнгө салышып,
Кемчиликке салып турат далысын.

* * *

Сат, саткыла, бары жогун саткыла,
Акчасына арбын пайда тапкыла.
Калк кыйналса, cooп болот өзүнө,
Чардап, жыргап, ыракатка баткыла.

* * *

Сатык болду басканың да, турганың,
Акча менен урганың да, курганың.
Ыйман, ызаат, абийир качып алыстап,
Пара бийлейт, байкадыңбы курбалым.

* * *

Байларыңдын кургакта,
Жүрүп турат кемеси.
Байкуштардын ачкадан,
Солуп барат денеси.

* * *

Дан бышпайт илебиңерге,
Жеттиңер тилегиңерге.
Канчадан түштү кут - бакыт,
Күч келбей билегиңерге.

* * *

Мекен бизге, биз мекенге байланган,
Ак кушубуз кыйбай көктө айланган.
Аз өмүрдү сүрө албайбыз адамдай,
Жетпес оокат, бардарга бай, жалган ай!

* * *

Адам ачта эч бир болбойт ынтымак,
Аргасыздан араздашуу, чыр чыгат.
Анын түбү алдоо менен басылбайт,
Эрте, кечпи жумурткадан кыр чыгат.

* * *

О, бийликтин кумарындай кумар жок,
А байлыктын кунарындай кунар жок.
Алжыгыча кетпегенди тактыдан,
Сүйрөп чыгып атып салса убал жок.

* * *

Эл деген эл. Эл толкубайт бекерге,
Арга издешет адилеттик этерге.
Калкка кандай иш кылганын түшүнөт,
Кара басып, кан бийликтен кетерде.

* * *

Көздөп алса жалаң гана пайданы,
Ал жетекчи ак кетирет айланы.
Суусак неме бүтүн жутуп отуруп,
Суулар акпай, кургап калат сай дагы.

* * *

«Бол! Байыгын!» азыркынын заманы,
Ажыдаардан артып түштү арааны.
Канча жылдар өтүп барат арадан
Бир көрүнбөйт жакшылыктын карааны.

* * *

«Малды көрүп жолдон чыкса пайгамбар»,
Тек жүрөбү бу азыркы «айбандар».

Жалаң гана көмөчүнө күл тартып,
Көз көрүнөө сайрандашат тайгандар.

* * *

Жармашып жарга чыгып алыш арзан,
Билесиң Кожожашты кайда калган.
Кызматтын бийлигине барганга да
Ылдыйлап түшүү деген азап, арман.

* * *

Аткарам деп бербе убада бирөөгө,
Бүтпөй калса бүтүн баттың күнөөгө.
Көбү ажырап жатышпайбы үй-жайдан,
Акча алышып, коюп салып күрөөгө.

* * *

Кыргыз айтат: «Аңы жүрбөйт аңчынын»,
Кайда барба - кеби жалаң акчанын.
Кантсин анан, кабыргасы кайышат,
Жеткире албай өп-чөп кылып тапканын.

* * *

Карабас убалыңа, сообуңа,
Кайдыгер сурооңо да, жообуңа.
Акчанын айбаты күч заман болду,
Таарынсаң таарын тагдыр, дооруңа.

* * *

Билет баары беш колундай кимдигиң,
Кимдер менен туташтыгын киндигиң.
Бардарлыкты, басмырлаба башканы
Көрө берсин ал да өзүнчө тирлигин.

* * *

Адамдардан башкача бир адам бар,
Баскан изин баспай турган тамандар.
Дегеле бир кайсы заман болсо да,
Болбой койбойт тура калкта жамандар.

* * *

Аттиң дүйнө! Кечөө коңур күз эле,
Каарын алып кыш-аяз
Кирип келди тез эле.
Бак-дарактан сүрөт тартып,
Тоңуп турат терезе.
Зым кыркылган, жылуу суу жок,

Кыйнагандан төлөм бүтпөйт
Өкүмөткө бересе.

* * *

Ал-күчүң болсо акчаңда,
Чамаңа карап чакчаңда.
Чекчейип туруп бересиң,
Чекеңе такап атканда.

* * *

Айыпсыз камалгандын арманы ичте,
Күн көрөт темир тордо айбан итче.
Көздөгөн ак сүттөн да темгил табат,
Кемчилик кетпей койбойт кылган иште.

* * *

Жандык жоктур жарашыктуу жылкыдан,
Күзөт өтпөс кароол менен кулпудан.
Алкын билбей аким кылып алсаңар,
Эрте, кечпи кулап түшөөр кулкунан.

* * *

Уйку качты, билбейм кайда бөлүнгөн,
Башка самсып ойлор келет көрүнгөн.
Тыйын иши кыйын болуп ушу азыр
Убайлантып чыкпай турат көңүлдөн.

* * *

Батып алдык белчебизден карызга,
Кимге барып дат айтабыз арызга.
Каран калган кайра куруу дегени,
Деги жаман тийип турат намызга.

* * *

Айткандын бузук оозун тыймак белем,
Жутса эгер алкымына сыймак белем.
А бирок арамзаалар азабынан,
Жанымды жай алдырбай кыйнап келем.

* * *

Кайра курбай кара жерге кирсекчи,
Убагында уу экенин билсекчи.
Эми мына, эч жара албай турабыз,
Көзгө чыгып көөнөрбөгөн тирсекти.

* * *

Эл ырысын тоногон
Эки болбойт эгерим.
Колдун кири эмеспи
Дүйнө, мансап дегениң.
* * *
Казына мүлк куруп кетсин,
Кайда кандар жыйнаган!
Ач көздүктүн аракети,
Азгырылтып кыйнаган.
* * *
«Мал аласы - сыртында,
Киши аласы - ичинде», -
Деген сөзү кыргыздын,
Турат дайым күчүндө.
Өлө өлгөнчө маанисин
Көңүлүндөн түшүрбө.
* * *
Бирөөнүн залал кылсаң өмүрүнө,
Өзүңдүн кам көрө бер өлүмүңө.
Адамга арамдыкты жалгагандык,
Башына баары балаа, баары күнөө.
* * *
Бийик чыксаң түшөрүңдү ойлогун,
Бийлик ишин алга чактап ойногун.
Көптүн жүгүн көтөрө албас болгон соң,
Жакшы болор жайына тынч койгонуң.
* * *
Такка отурсун калыс, мыкты, тазалар,
Башчы ак болсо, баары ак болуп тазарар.
Бир үй-бүлө бийлеп калса эл-журтту,
Ага астыртан Алла берчү жаза бар.
* * *
Кан кан эмес, калкка кайрым кылбаган,
Дүйнө жыйып, жалгыз өзү жыйнаган.
Алдым-жуттум, ач көздүктүн айынан,
Канчасы өлүп, канчалары сынбаган.
* * *
Кан боло албайт калыстыктан тайыса,
Ага-тууган, тегереги байыса.

Бир заматта алып тынат аны журт,
Турмуш кыстап оңолбосо, арыса.

* * *

Калк каршыкса кан да чыдап тура албайт,
Анын селин ар кай жакка бура албайт.
Жаны ачыган, жаалданган адамдар
Бир козголсо, Алла сакта, уга албайт.

* * *

Амалданат бийлик бирди көрөрдө,
Калпы чыкса, өтө жаман жөрөлгө.
Шартты баалап, шарт шатыдан түшүп кой,
«Ит кайышчыл болот, - деген, - өлөрдө».

* * *

Кан укпаса, калктын үнүн карандай,
Калат бир күн алапайын таба албай.
Көрбөдүкпү башыбыздан өткөрүп,
Качкандарды абийирлерин жаба албай.

* * *

Жегендер жеди чактабай,
Ишенчин элдин актабай.
Бийликке келсе кимиси,
Ит адат болду мактамай.

* * *

Кийимиң эски болсо - корунасың,
Чөнтөгүң калың болсо - олунасың.
Көзүңдү май басканда, көрбөй калып,
Карайлап, бир балаага жолугасың.

* * *

Эмне болуп баратышат адамдар,
Барган сайын алды жагы терең жар.
Коогаландуу бул күндөрдөн тажанып,
Тынч жашаган жылдарыма болом зар.

* * *

Адат кылды жапырт баары жегенди,
Унутушту уят-сыйыт дегенди.
Ойлогондо бүткөн боюм зыркырайт,
Карышкырга жулдургандай денемди.

* * *

Жандар бар калдаңдаган, дардаңдаган,
Кенедей сыпаалыкты карманбаган.
Ошондой дардестерден кагуу жеген,
Убактым убайымдуу арман маган.

* * *

Жегендер жемсөөлөрү тешилбеди,
Кампайып, карындары эшилбеди.
Капырай, жылдан жылга арбып барат,
Эл-журтка жасап жаткан кесирлери.

* * *

Чүмбөттөнгөн уурулар,
Тоноп кетет заматта.
Киши өлтүрмөй, тономой
Айланды го адатка.

* * *

Өлтүргөндү билишип,
Атайылап табышпайт.
Камаарабай кайдыгер,
Капарына алышпайт.

* * *

Наркотигин салышып,
Акча таап алышат.
Иш бүткөн соң билгизбей,
Жымжым болуп калышат

* * *

Куруп кетсин буларың,
Билет эмне кылышты.
Астыртадан тымызын,
Кыркып жүрөт ырысты.

* * *

Жамандыктын баары бир
Чыгат жүзү акыры.
Көпчүлүктөн мыкты эмес
Көзөлдөрдүн акылы.

* * *

Ыпыластык - тазаны
Ак жеринен аксаткан.
Кара басып кайра өзү
Караманча таш капкан.

* * *

Бузгуң келсе, канды макта карандай,
Ишенгенден оозу ачылсын араандай.
Уялбагын, «Улуу урматтуу!» дей бергин,
Анан калсын алапайын таба албай.

* * *

Мактаганга маашыр болот барысы,
Ошол гана көптөрүнүн дарысы.
Көпчүлүктү көзүнө илбей, теңсинбей,
Терс айланып буруп келет далысы.

* * *

Калкка керек каны таза болмогу,
Кадыр күтөт купулуна толгону.
Алыс деле тизгин чоюп кете албайт,
Көздөгөндөр көр тирликте олжону.

* * *

Журттун жүгүн алган адам моюнга,
Түшөрү ырас түркүн-түмөн оюнга.
Калыстарын калк өзү эле кадырлап,
Каргап турат каткандарын коюнга.

* * *

Элгейт калыс элдин торко элеги,
Болгон үчүн тиешеси, кереги.
Калк козголуп, каарданса эң жаман,
Канга карай кадап тынат жебени.

* * *

Калкты билсе, эгер кандын бүлөөсү,
Эч жуулбайт анын кылган күнөөсү.
Кан милдеттүү, калгандары кайдыгер,
Журт алдында жооп берет бир өзү.

* * *

Өтө жаман кан басынып сынганы,
Кара туман, нөшөр болот сын жагы.
Бул бийиктен андай күндү көргүчө,
Тазалык го тагын таштап тынганы.

* * *

Баюунун түшсө жолуна,
Кан калат элдин шоруна.

Карышкыр болгон немелер,
Карабайт бары-жогуна.

* * *

Чоочундан шекинесиң,
Чочулап бекинесиң.
Акчага бийлик берди
Ал-күчүң, акыл-эсиң.

* * *

Арааны жүрдү акчанын,
Арыңды бирок сатпагын.
Адамдык улук, бийик ат
Арамдык жактан сактагын.

* * *

Кыргыз кыйын, башка эл эмне бечелби,
Таштасакчы төштү каккан кеселди.
Андан көрө ойлосокчу тезирек,
Өскөн элди кантип кууп жетерди.

* * *

Ушундай да кан болобу тойбогон,
Адам эмес, башкабы деп ойлоном.
Бул кыргыздын бүткөн неме шоруна,
Ажыдаардан коркунучтуу сойлогон.

* * *

Кыргыз жаман шордоду да, шордоду,
Бир үй-бүлө билгениндей кордоду.
Билип туруп, билмексендей тим эле,
Бийлик курусун эл тараптык болбоду!

* * *

Көрүнгөнгө айта бербе дартыңды,
Бири билсе, бири билбейт баркыңды.
Күлүп туруп чыгарчулар көп болот,
Таза гана ташка жайып тарпыңды.

* * *

Тирлик барда тилиң күбө тишиңе,
Сыйрыласың сыр батпаса ичиңе.
Ойлонбосоң, ойрон болуу опоңой,
Канча айла-амал кайнап жатат кишиде.

* * *

Жан дүйнөсү толуп бүткөн арамга,
Эби келсе тээп жыгат таманга.
Бул өндөнгөн мите курттар акырын
Ыңгайлашып алат тура заманга.

* * *

Ойгонбогон жаш жаман,
Ойлонбогон баш жаман.
Тыңчы коюп тымызын
Тынчыңды алган кас жаман.

* * *

Тийбесе жанга керегиң
Тирүүдө жашап не керек.
Азабы күчтүү ар ишти
Акылың менен тегерет.

* * *

Эптүүлөр жемин жедирбейт,
Эстүүлөр билгич - дедирбейт.
Чындыкты чымдап көмсө да,
Баары бир түбү жеңилбейт.

* * *

Алаксытып алдайм дебе элиңди,
Сезип турат сенин ар бир демиңди.
Текебердик жасадыңбы - заматта,
Сыйрып коет тетиринен териңди.

* * *

Кол жеткендин кокуй болду баарысы,
Адат экен булуп-жулуп алышы.
Бир да таза кыргыз чыкпай калганбы,
Каран калгыр, кайда эркектик намысы.

* * *

Тойсо дагы топук кылбай калышты,
Көздөп жалгыз байлык басып алышты.
Ойлорунан бут чыгарып салышкан,
Адам күтөр ыйман, уят, намысты.

* * *

Эл тоногуч эрлери бар кыргыздын,
Ашып түшкөн ажыдаардан, бөрүдөн.
Аларыңа абийир, уят бир тыйын,
Кайра тартпайт байлык үчүн өлүүдөн.

Сарандык деген немени
Жазган го кудай чекеңе.
Карынбай болуп кампайбай,
Бир барып келсең болбойбу
Самолет минип Мекеге.

* * *

Эгерде болсо ыйманың,
Эл-журтту дагы сыйлагын.
Эмне опаа берет барк кетсе,
Эсепсиз тоноп-жыйганың?!

* * *

Ишеним кетсе каныңан
Эң жаман жумуш баарынан.
Абийири кетип акыры
Ажырап калат тагынан.

* * *

Иш болбосо, кантип жанды багасың,
Үй-бүлөңө эмнең менен жагасың.
Дал ошонун азабынан бул күндө,
Тентиттик го кайран кыргыз баласын.

* * *

«Элим үчүн! Элим менен!» деди эле,
Антын бузуп, качып кетти а деле.
Ийрисине чабат тура кол деген,
Пендечилик калбайт окшойт дегеле.

* * *

Теңчилигин сактабасаң элиңдин,
Сынганы ошол таянычы белиңдин.
Таразаны так бастырып турбасаң,
Мертингени эң бир талуу жериңдин.

* * *

Тоноп көнгөн топук кылбайт эгерим,
Бөрү кантип токтото алат жегенин?
Көрбөдүкпү куран кармап, ант берип,
«Элим үчүн! Элим менен!» дегенин.

* * *

Далбас уруп жалаң гана жыйганга,
Камчы чаап, кара басты ыйманга.

Өздөрү жеп, өлө тоноп, тоюнуп,
Ооз учунан сес беришет тыйганга.

* * *

Ишеним кеткен жерде ийгилик жок,
Тыңсынсаң, тындырууга - бир атым ок.
Бул заман драмалуу заман болду,
Кааласа, таманыңа бастырат чок.

* * *

Көңүл мүлдө калып бүттү адамдан,
Арамдыкты көрүп ар бир кадамдан.
Белчебизден баттык карыз сазына,
Үмүт деле кылбайм чыны замандан.

* * *

Айтканыңа кайчы келсе кылганың,
Анда сенин жоголгону ыйманың.
Чаңдан жаман учуп кетет асманга,
Аздан терип абийир, атак жыйганың.

* * *

Өзүмчүлдүн кудайдан
Тилегени: «Жеке бер».
Өзгөлөргө кылганы -
Өйдөсүнгөн текебер.

* * *

Бул күндө атып коюу арзан нерсе,
Сагыраак жүрүү керек колдон келсе.
Жардырчу жан кечтилер четтен чыгат,
Жалдоого жарытылуу акча берсе.

* * *

Акча күчтүү акылдан да, дубалдан,
Ал барында эч коркушпайт кудайдан.
О дүйнөңдү ойлоп койбойт эгерим,
Ойноп-күлүп өтсө болду бу жайдан.

* * *

Байыркы элбиз, башатыбыз алыста,
А бабалар бекем турган намыска.
Бирок анын урпактары коркокпуз,
Сөөмөй көрсө, кире качкан камышка.

* * *

Акча берип алдоо опоңой ачка элди,
Азы байып, а көбүнө күч келди.
Бул мезгилде калптын кайнап казаны,
Куулук, шумдук, айла-амалды бүт көрдү.
* * *
Эл-журт толкуйт кенкенинде чыдамы,
Бекер эмес түп көтөрө чыгары.
Бийлик өтө чыгып алды бийикке,
Мергенчиден качкан кийик сыңары.
* * *
Бийлик - байлык жуурулушса эл менен,
Элге кылса жакшылыкты дембе-дем.
Ал жанагы айткан куру убада,
Камгак болот учуп кетчү жел менен.
* * *
Адамды алдап жандайсың,
Алланы алдай албайсың.
Жазмыштын жетсе кезеги,
Жазгырып аман калбайсың.
* * *
Сынды жазсын сынчылар,
Ыр ырдасын ырчылар.
Акмактарды мактасаң,
Акырында чыр чыгар.
* * *
Көп нерселер такыр барат жакпай да,
Көңүл кирдеп, санаа кетип капкайда.
Белимчидей туурай берип Батышты,
Албай калдык ата салтын сактай да.
* * *
Ички катпай, тышка чыгар бугуңду,
Жеңилдейсиң айтып алсаң муңуңду.
Санаа тартып, саргаргандан не чыгат,
Теше тиктеп телмиргенде булуңду.
* * *
Түзөбой туруп өткөндү,
Көтөрө бербе өпкөңдү.
Тескейт го мезгил өзү эле,
Текебер кылып көпкөндү,

* * *

Өйдөсүнүп манчыркайсың сен неге,
Биз сыяктуу пендесиң го сен деле.
Бой көтөрүп, кырданымыш болбогун,
Биздеги акыл сеникинен кем беле.

* * *

Эч качан төмөн түшпө салмагыңдан,
Чындыгың бийик турсун жалганыңдан.
Калкыңа кайрым жаса колдон келсе,
Бергениң арбын болсун алганыңдан.

* * *

Акыл барат ашынгандан ашынып,
Тоногондор тоногондон ташынып.
Айткандары бүтүн жалган, бүтүн калп,
Каткандарын караманча жашырып.

* * *

Эл деп сүйлөп, элди бетке карманып,
Же бир койбойт жалганына арданып.
Ант бергендин эртеси эле унутат,
Турган кезин куран, Манас карманып.

* * *

Чет элдерге тек тонотуп кениңди,
Барк-баасынан ажыраттың жериңди.
Келечегин кем ойлонот кыргызбай,
Билбейм деги өзүңдү эмне дээримди.

* * *

Элди, жерди билгениндей калчады,
Жексурлардан калк да жаман чарчады.
Керек десе билбегендей унчукпайт,
Астыртадан атып салып канчаны.

* * *

Айрымдарга майдай жагат арамдык,
Аңдыганы, жасаганы - жамандык.
Ибилистин ишин гана кылышат,
Акараттап айтып артта каларлык.

* * *

О дүйнөдө үмүтүм жок бейиштен,
Бу дүйнөдө сырт кыла көр кейиштен.

Иш жасайлы, эмне чыгат курулай,
Жомок кылып жокторду айта бериштен.

* * *

Күн Кудайдын көзүбү,
Же Кудайдын өзүбү?
Күнгө акарат тийгизбей,
Ачып жүргүн көзүңү.

* * *

Иш жылабы башчы мыкты болмоюн,
Суу муз болбойт суук түшүп тоңмоюн.
Эр жигиттин жолу кайдан шыр болот,
Тагдыр буйруп башка бакыт конмоюн.

* * *

Текебердик түк жарашпайт кишиге,
Эмне дейсиң уюп калса дитине.
Ал кыялын көрсөтсө эгер көрсөтсүн,
Адамга эмес, короодогу итине.

* * *

Шак сындырган орой адам оңобу,
Жулунгандар купулуңа толобу.
Жамандардан алыс качып абайлап,
Жакшыларга жакыныраак бололу.

* * *

Атыңды Арстан койгон,
Алың жок күчүкчөлүк.
Мактанба, табың да жок,
Самандын түтүнчөлүк.

* * *

Башчы таза болмоюн,
Баары таза боло албайт.
Кууланышкан куйтулар
Купулуңа толо албайт.

* * *

Мунапык болгонуңдан эмне пайда,
Ал өзү убактылуу амал-айла.
Мойнуңа канжар такап турса дагы,
Карманган калыстыктан карыш тайба.

* * *

Мунапыктын амалындай амал жок,
Ал чыгарган шамалындай шамал жок.
Акты кара жасай салат заматта,
Мындан өткөн, мындан тозок, жаман жок.

* * *

Шылуун кылат шылуундугун,
Түк жаталбайт тынч алып.
Бир өзүнөн башкаларга
Пайдасы жок кылчалык.

* * *

Бөрү заман бөрүлөрү
Талап-тоноп бүлдүрөт.
Түлкү, жойпу, кузгундары
Тарп артында бир жүрөт.

* * *

Шору арылбас эл болдук,
Шылуундарга жем болдук.
Каны баштап каракчы
Кайдан элге тең болдук.

* * *

Мен шайлабайм, тоюп бүттүм шайлоого,
Өз эркимди бергим келбейт байлоого.
Калк убалын ойлоп койбойт бетсиздер,
Мансап үчүн баарын даяр жайлоого.

* * *

Шайлоо деген аты бар да, заты жок,
Баарын «таза» өткөрүшөт «даты» жок.
Айла-амалдын бүтүн баары жумшалып,
Жасагандын бирөөнүн да аты жок.

* * *

Шайлоо деген - жайлоо болду бу күндө,
Адам болсоң, акмак болуп бүгүлбө.
Деген менен чындык жеңет акыры,
Кеч да болсо, келеринен түңүлбө.

* * *

Калк козголсо, каршы турар дубал жок,
Мансап курсун, андан өткөн кумар жок.
Эки жүздүү жаңкы «дежур чалдарды»
Жыйнап туруп атып салса, убал жок.

* * *

Коррупция бүт каптады өлкөнү,
Анын дайын өйдө-төмөн өлчөмү.
Топуракка тоер бекен акыры,
Көркоолордун көздөрүнүн көнчөгү.

* * *

- Анын ким?
- Ал - айтылуу акылдуу акмак,
Айтканы - ак, а кылганы - кара баткак.
Көзүнчө көкөлөтө мактайт дагы,
Сыртындан сыйрып турган даана каскак.

* * *

Жүз кубулат жүзү каралар,
Жүрөгүндө дарттуу жара бар.
Жасаганы, айла-амалы
Жан алгычка гана барабар.

* * *

Калыстык кеткен кезинде,
Караансыз качат ынтымак.
Эптеген менен жарашпай,
Эртели-кечпи чыр чыгат.
Жүзүндөн күлкүң жоголуп,
Жүрөгүң турат зыркырап.

* * *

Айла-амалдын, жалгандын,
Ачылды жаман арааны.
Адилеттик, чындыктын
Алыстап кетти караан.

* * *

Башыңа катуу тийип өктөмдөрүң,
Көтүңдөн чыгып калды көпкөндүгүң.
Бирөөдөн көрбөгүнүң, өзүңдөн көр,
Мартаба, мансабыңдын өчкөндүгүн.

* * *

Кудайыңды - Теңириңди таанып бай,
Туралбадың башкаларды каарыбай.
Эми минтип, сени ит укпай калганда,
Актанганды койсоң боло наалыбай.

* * *

Чын-чынында адамдыгың жок эле,
А кыялың кыргызда жок шок эле.
Акырында жүрүүчү элем ой жоруп,
Май таманын күйгүзөр деп чок эле.

* * *

Чамгарактап, түшүп башка келериң,
Оң жагыңдан арбып кеткен тетириң.
Эми сенин суранганың бир тыйын,
Жан адамдан болбой калды кечирим.

* * *

Өр санадың жалгыз гана өзүңдү,
Жайлачулар тазалашат көзүңдү.
Сүйүнгүнүң жаның аман калганга,
Какчаңдасаң, казып коет көрүңдү.

* * *

Дардактап дардесим, ай, өкүлдөдүң,
Алоосун акмактыктын өчүрбөдүң.
Жарашат жалгыз гана эми өзүңө,
Өгүздөй өткөндү ойлоп өкүргөнүң.

* * *

Ай, кыргыздар, оңбойбуз да, оңбойбуз,
Айтып, бирок колдобосту колдойбуз.
Чындык үчүн чындап туруп бу качан
Дитибизди, дилибизди оңдойбуз?!

* * *

Карт бөрүлөр калкты жаман кыйнады,
Ач көздүгүн, Аллам ургур, тыйбады.
Бүт байлыкты бүлүндүрүп атайы
Эмнелерди талап-тоноп жыйнады?!

* * *

«Агын сууда арам жок», -
Деген сөздөр эскирди.
Чындыктардын көбүнүн
Өмүрүнө кеч кирди.

* * *

Мактоо көрүп манчыркап,
Көөп кетет дардайып.
Жел чыкканда санааркап,
Басып калды арбайып.

* * *

Тууганды тууганына тукурбагын,
Арбытып араздыгын, кутурганын.
Акыры ажырашпайт тууган деген,
Өзүңдүн кыйын болот кутулмагың.

* * *

Каруусу жайык болот падышанын,
Кагуусу казык болот канышанын.
Түшүнбөйт мыктысынган далайлары,
Күчөнсө күлгө айланып калышарын.

* * *

Эстүүлөр эскерткенин элебедиң,
Келберсип, кекирейип кенебедиң.
Кеч болуп калбадыбы түшүнгөнүң,
Жоо чыгып алганында тегерегиң.

* * *

Амал-айла ашып барат утуру,
Түтүндүн да жанат бир күн учуру.
Кыргызда жок жаман жорук иш болду
Урат чыгар «жумуртканын» кусуру.

* * *

«Жумуртка» деген балекет,
Журтумду кылды шерменде.
Уяла түшөм кызарып,
Ушул сөз удул келгенде.

* * *

Бийликке кылсаң кошомат,
Билгизбей, бирок кош алат.
Барк күтүп, жаның жай алып,
Башыңа конот кош оомат.

* * *

Жакшы адамга жаппагының кир-кокту,
Билүү керек багыштоону кимге окту.
Арзыбаган аз убакыт жарыкта,
Акыйкаттуу, калыс жашаар күн жокпу!?

* * *

Не кылбайт саясаттын жалаптары,
Кубулуп сымап болуш - адаттары.

Күн тийген жакты көздөй сызып турат,
Талгыча каруусунан канаттары.
* * *

Таштабайт кайран киши кошоматын,
Өзгөртөт бир заматта өң-аалатын.
Анысын коштоп чыгат жалдап койгон
Жаалы күч жалмаңдаган кара катын.
* * *

Тагдырыңа жазылганын көрөсүң,
Балким, кулсуң, балким, бийик төрөсүң.
Төрөлүктүн кыска болсо өмүрү
Кулчулуктун кууралына көнөсүң.
* * *

Жулунуп араң турган бар,
Жумуртка менен урган бар.
Тамак-аш менен ойногон,
Таптаза кудай ургандар.
* * *

Ар кимдин оруну бар ала турган ,
Эстүүсү эл эсинде кала турган.
Жан бүткөн болбойт тура текши бирдей,
Өйдө-ылдый өөнү менен жаратылган.
* * *

Парасыз кайда барасыз,
Парасыз сыртта каласыз.
Параны күчтүү берсеңиз,
Албасты көктөн аласыз.
* * *

Бөрүлөрдүн  ичинде,
Бөрү болуп улугун,
Бөлүнүп калсаң - курудуң.
Улуулук ушул сөздү сен,
Унутпай жүргүн, кулунум.
* * *

Алгысы келе берет алгандарын,
Жулгусу келе берет жулгандарын.
Бул заман ач карышкыр, бөрү заман,
Заманы алган менен булгандардын.
* * *

Парасыз барар жерге бара албайсың,
Алуучу нерсең болсо, ала албайсың.
Ким болсоң, бу заманда ошолсуң да,
Кайрадан башка болуп жаралбайсың.

* * *

Жансыңбы, жан сабагын кумурскадай,
Азапсыз күн өтпөсүн унуткарбай.
Журтуңа жумуш жасап, таза болгун,
Аязда жаңы жааган аппак кардай.

* * *

Сымаптын өзү экенсиң ойдологон,
Мен, чыны, мындай го деп ойлобогом.
Түлкүсүң, бул чөлкөмдө жер калбаптыр,
Сен шимшип, сен аңтарып жойлобогон.

* * *

Чочулайм чогуу басып жүргөнүңдөн,
Шек санайм тамашалап күлгөнүңдөн.
Түңүлүп калдым, ырас, жана чоңуң
Тукурса, дөбөт болуп үргөнүңдөн.

* * *

Көздөп жалгыз керт башыңдын кызыгын,
Соруп бүттүң калгандардын кызылын.
Сендейлерди бапыратып бай кылып,
Берет экен өмүрдүн да узунун.

* * *

Жоксузду жоксуз бойдон турат дебе,
Түбөлүк бардар сайран курат дебе.
Кедейдин кепелери аман калып,
Храмдар калат тура урап деле.

* * *

Билесиңби ушакчы,
Удан жаман экенин.
Билиндирбей отуруп,
Бир күн түпкө жетерин.

* * *

Ишенимдер ичте туруп ириди,
Ирилериң майдаланып чириди.
Кичинекей шоола берген жарыктын
Күйүп бүттү эң акыркы билиги.

* * *

Көзүм жетпейт, билбейм эмне болорун,
Чын дилимден ишенимге жок орун.
Түшүнө албайм, жылыбаган жүрөктүн
Кимди жактап, кимге кантип согорун.

* * *

Ушундай да уятсыздык болобу,
Калк ырысын камбыл жандар соробу?
Чүкө ойнунда «кан таламай» дечү эле,
Чынга айланды илгеркинин жомогу.

* * *

Атып салмай адат болду заманга,
Түшүнүүгө жетпей калды чамаң да.
Кайда барба капалык да, жапалык,
Жакпай калдың жакшыга да, жаманга.

* * *

Ишенбейсиң башкага эмес, өзүңө,
Эки көздүн жоо да бири бирине.
Тили сүткөй, шек санайсың ичиңден,
Эмне кетип турду экен деп дилине.

* * *

Көпкөндөр бар көргүсү жок кудайды,
Чөккөндөр бар тартып жүргөн убайды.
Көрсө, адамды өйдө-төмөн жаратып,
Жазмыш берген Аллам өзү тубайбы.

* * *

Жебестер - көр ичинде,
Жегендер - эл ичинде.
Жайма-жай өтүп жатат
Жашыруун эл ичинде.

* * *

Жарыктык мобул жер үстү,
Бир келип кетер неме экен.
Айтып не айтпай башкасын
Адамга адам жем экен.
Камбылдары качырып,
Карышкыр менен тең экен.

* * *

Заманың бөрү болгондо,
Кыйратып булуп-жуласың.
А түлкү болгон чагында
Кууланып күлүп турасың.

* * *

Түлкүдөн болсо падыша,
Түбүңө жетет ырсайып.
Качар жай таап алыстан
Кайрылып койбойт кылчайып.

* * *

Бүт түңүлдүк, чоңдон дагы, майдадан,
Башы чыкпай калды баары пайдадан.
Карышкырлар камап гана тургансыйт,
Чыккыс кылып, чын ажалга айланам.

* * *

Шылуундар көп шылдың кылып эсирген,
Башы айланган байлык, мансап, кесирден.
Так ушулар заманаңы куурултуп,
Адеп-ахлак, абийир-сыйды кетирген.

* * *

Өзгө өлкөнүн көчөлөрүн тазалап,
Жүрсөң күлөт кулдугуңду мазалап.
Бийлик сени жеткирди ушул азапка,
Сени Алла өзү койду дебе жазалап.

* * *

Жыргагандан кетпейт кыргыз мекенден,
Арга куруп, жан сактоо издейт чет элден.
Байлык басып, жоголду эки падыша,
Казына-мүлк камтып алып бекерден.

* * *

Кан сөзүнөн кармалса,
Кадырынын кеткени.
Калктын камын ойлонсо,
Калыстыкка жеткени.
Камбылдары калк тоноп,
Качып жөнөйт тескери.

* * *

Аты эле экен Курманбек,
А заты такыр башка экен.

Жамынып алган кыргызга,
Каапырың кара маска экен.

* * *

Кандай жакшы жакшы адамдар бардыгы,
Жанга батат жамандардын тардыгы.
Чоң байлардын бирок көзүн май басып,
Теңине албай баратышат жардыны.

* * *

Заман башка келгин кыргыз арыңа,
Алсыз болсоң, айыптуусуң баарына.
Эмгек кылгын, акча тапкын, байыгын,
Андан башка жол жок сенин багыңа.

* * *

Ырыскыны соруп качты эки эшек,
Ажыдаарбы, карышкырбы, де десек?
Эмне кылат ушунчалык байлыкты,
Элди шорго малып коюп наесеп!?

* * *

Кайда барсаң акмакчылык, уурулук,
Шылуундары байып жатат суурулуп.
Баягы эле байкуш баео кыргыздар
Кыйноо тартат жылдан жылга куурулуп.

* * *

Бул дүйнөгө жан жаралган пендебиз,
Барда дагы, көз жумсак да жердебиз.
Кыргызымды бүтүн сактап келаткан,
Түбөлүккө бар болсо экен жергебиз.

* * *

Акча, акча деп арам өлөт окшойбуз,
Топук кылбай неге байлык топтойбуз.
Эгеримде о дүйнөсү бар болсо,
Бейишке эмес, тозогуна токтойбуз.

* * *

Баары барат тонолгондон тонолуп,
Бүгүн барлар эртесинде жоголуп.
Каны баштап кактап соруп отурат,
Кайран өлкө кантип кетет оңолуп!

* * *

Кан качса, абай барып атыш керек,
Ал жетсе, алып келип асыш керек.
Байлыкты бүт тоногон жексурлардын
Жемсөөсүн жарып, канын чачыш керек.

* * *

Паракорлор, бөрү, чөөлөр, түлкүлөр,
Окусаңар, балким, келет күлкүңөр.
Калк атынан наалат айтып коеюн,
Аш болбосун арам тапкан мүлкүңөр.

* * *

Адамды жазгыргандар жыргайт азыр,
Чындыкты коргогондор тартат жабыр.
Заманга жулунбасаң түк жарашпайт,
Эскирген топук дагы, токтоо - сабыр.

* * *

Асырасаң алсызды,
Каруу байлап күч алар.
Качанкыны шылтоолоп,
Кайра өзүңдөн өч алар.

* * *

Ачылмагы кыйын иш,
Ачкычы жок кулпунун.
Таш талканын чыгарат,
Агыткандар кулкунун.

* * *

Колунан келсе оңбостор,
Жуткусу келет бүкүлү.
Калбаса экен деп ойлойт,
Өрттөнсө чымчым күкүмү.
Максаты кара бир гана-
Мертинтип колго түшүрүү.
Адамдык сапат дегенди,
Аларда болбойт түшүнүү.

* * *

Жетишет байлыгыңар,
Жакшы эле айлыгыңар.
Эч нерсе калганы жок,
Элге эми кайрылыңар.

* * *

Үйүң кооз, короон көркөм келишкен,
«Мыкты адамсың» кол жеткенди жеп-ичкен.
Бирок сенин коңшуларың көп айтат:
«Мунун жайы баш бакпачу көрүстөн».

* * *

Кармар чакта кармап калат камбылдар,
Сезбейт аны акылы ала чамбылдар.
Тополоңдо куулар жаман кутурат,
Жараткандын жазасына калгырлар.

* * *

Үгүтүм жок, андай, мындай бол дебейм,
Сенде жоктор менде ташып мол дебейм.
Кыйналганда колтугумдан албасаң,
Ташканымда таяганың кол дебейм.

* * *

Көгөрүшсүн көпүрөнү салгандар,
Көктөн түшсүн канаттары талгандар.
Эки дүйнө тозогуна кабылсын,
Элдин мүлкүн эптүү жутуп алгандар.

* * *

Көз тойбойт дүнүйөнү түгөл сорсоң,
Жылдыздын бийигинен ары консоң.
Анда да ойлойсуң го топук кылбай:
«Өлбөгөн бир Алланын өзү болсом».

* * *

Тирүү жан дүнүйөгө тойбойсуң, ээ?
Болсо деп, болгон сайын ойлойсуң, ээ?
Алууга азгырылып, а берүүнү,
Эгерим эсиңе алып койбойсуң, ээ?

* * *

Өз калкын өзү алдаган,
Кандарда кайсы касиет.
Эртеби, кечпи бир күнү,
Башына тиет касирет.

* * *

Кол жеткис адамдар бар бийиктеги,
О, алар опол тоонун кийиктери.

Кичирээк кудай болуп калбагандан,
Ичине батпай турат куйүттөрү.

* * *

Көз артасың Күндүн да күлүшүнө,
Суктанасың бирөөнүн үлүшүнө.
Бардар туруп сен неге жоксуздардын,
Бир жардамың тие албайт күйүтүнө?

* * *

Жетпегенге жетип калса кулачың,
Булут чайнап, муз бүркпөйбү кубатың.
Абайлагын, баш айлантат бийиктик,
Арзан жумуш андан кайра кулашың.

* * *

Бар болгондор барышканда парага,
Кабылышат кабылдаган жарага.
Аз көрүнүп, улам арбып алганы,
Топук кылуу калбай калат санаада.

* * *

Сокурду ажыратпа таягынан,
Аксакты албагының аягынан.
Келберсип кекирейбе, кеменгерим,
Билбейсиң кемитерин каягынан.

* * *

Сурабагын кимдин кандай катканын,
Эмне берип итин семиз бакканын.
Өз арбаңды өзүң соккун, алтыным,
Дасторкондо болсо болду ак наның.

* * *

Эгер болсо колдо жыгач токмогуң,
Эстөөң керек, элдин темир чокморун.
Кайта айланып, кайра тиер башыңа,
Эссиздикте эң биринчи сокконуң.

* * *

Жойпулардын жолдо калсын кылыгы,
Уруп койбойт жалганыңы, чыныңы.
Керт башына пайда тийсе болгону,
Кокон тыйын башкалардын чыгымы.

* * *

Тоногонго, жегенге эле устабыз,
Бу күнгө узун, эртеңкиге кыскабыз.
«Күндүк өмүр түштүгүнө жорго мин»,
Мына ушундай бек карманган туткабыз.
* * *
Кемчилик көп, не кылабыз, пендебиз,
Кээде зыян келтиребиз элге биз.
Дүйнө-мүлктү бүтүн жыйып алганда,
Түркүк болуп алат белек эмне биз.
* * *
Өз элиңди өзүң тоноп нетесиң,
Арам байлык - не муратка жетесиң?
«Бейиш» түбү кейиш менен аяктап,
Беш метрлик ак чыт менен кетесиң.
* * *
Журттун мүлкү жукпайт сага шумурай,
Култуңдаба, кууланбагын курулай.
Шибегени кантип капка катасың,
Көрүп, билип турса бүтүн жумурай.
* * *
Кеткендер көп жечүлөрүн жеп алып,
Сырт жагынан «кыргыз сыйкор» деп алып.
Бир ойгонуп, билип алсак болбойбу,
Жүргөндөрүн эмне менен дем алып.
* * *
Бардыгына кудайдын бар ченеми,
Дайын ага кимдин ичкен, жегени.
Адамды алдап, ашып кетем дегенге,
Алла астыртан тартып коет жебени.
* * *
Калк кайышты, жаның жаман кейитти,
Орнотчудай опурулдук «бейишти».
Жеп-ичкендер бир да кылы кыйшайбай,
Аман-эсен четке чыга беришти.
* * *
Оозуңду куу чөп менен арчынасың,
Бекерге берүүчүдөй тартынасың.
Болсо деп болгон сайын сугуң артат,
Деги сен качан тоюп, барсынасың?

* * *

Эки эмес, жети жүздүү кишилер бар,
Карайлап, калыстыкка ичиңер тар.
Каралар элге-журтка бети күйүп,
Ал актар жүрүп турсун ишиңер шар.

* * *

Сымаптын сымабы бар мүлтүлдөгөн,
Ар кимге шыбыр айтып бүлкүлдөгөн,
Астыртан ичтен жеген курт - ошолор
Сыртынан сыр билгизбей сүлкүлдөгөн.

* * *

Ойлой берсең ойдун чети оюлбайт,
Көз да жаман көргөн сайын тоюнбайт.
Кол курусун бир булганып алган соң,
Адаттанып туткактыгы жоюлбайт.

* * *

Өлкө өзү өсмөк беле өндүрбөсө,
Азоолор кайдан жоошуйт көндүрбөсө.
Бийликтин иши деген бийлик болот,
Кынына кийрип коет жөн жүрбөсө.

* * *

Тал өлбөйт тамырынан жулунмайын,
Эс кирбейт бир кырсыкка урунмайын.
Абайла болор иштин алдын-артын,
Куйтулар тура алышпайт кубулмайын.

* * *

Тойгон сайын адам турат тоюнбай,
Көргөн сайын көз артмагы жоюлбай.
Өмүрүң да болор-болбос нерсе экен,
Утурумдук түш көргөн бир оюндай.

* * *

Ай, кыргызбай, качан элдей жашайбыз,
Эч уялбай жасабасты жасайбыз.
Бир азырак бийлик тие калганда,
Элди тоноп, энчилерин ашайбыз.

* * *

Калк ачта кандай уят той тойлогон,
Эрдиктин иши ушубу элди ойлогон.

Өскөн эл эмне кылса эрки өзүндө
Бул бизге сокку эмеспи ойрондогон.

* * *

Тең эмес го көпкөндөргө чөккөндөр,
Азыркыдан жаман беле өткөндөр?
Кудугуна түкүрүшөт уялбай,
Суусун ичип, суналышып өскөндөр.

* * *

Күн түнөрөт бир ачылбай кабагы,
Куурулгансып алда неден заманы.
Кара калк да күлкүсүнөн ажырап,
Каржалгандан кетип турат амалы.

* * *

Күн күркүрөйт асман кыйрап тарса-турс,
Кылычтары кындан чыгып карса-курс.
Чочулайсың тиеби деп залалы,
Эти жүрөгүң болсо дагы канча курч.

* * *

Күн артынан түн келет,
Түн артынан күн келет.
Өлүп кайра тирилбей,
Өмүр чиркин бир келет.

* * *

Жаш келиндер жаман болду төрөбөй,
Бешиктер бош чүрпөлөрдү бөлөбөй.
Адамдардын качып кетти ыйманы
Кыйындыкта бирин-бири жөлөбөй.

* * *

Билебиз бийиктердин бийиктигин,
Сезебиз куйүттүүнүн куйүттөрүн.
Карабай убалына тонойбуз го,
Байкуштун тапкан азык-түлүктөрүн.

* * *

Ар ким жасайт акылына келгенин,
Көзү тойбойт көр тирликте пенденин.
Көрө албадым бул дүйнөдө дегеле,
Напси иттигин бир адамдын жеңгенин.

* * *

Баш кесерлер барк-бааңды карабайт,
Жалынганың, жалбарганың жарабайт.
Адам каны алар үчүн бир тыйын,
Өлтүрмөйүн өч кумары тарабайт.

* * *

Мыйзам иштейт чоңдор эмес, майда үчүн,
Арасында орун калат айла үчүн.
Аны акырын жумшап алат алчулар
Эбин таап, эсебине пайда үчүн.

* * *

Көк тиретип көкөлөтүп там салып,
Көпкөндөр бар көз көрүнөө даң салып.
Колдон келсе, алар көлөкөсүнө
Алгысы бар акча аркылуу жан салып.

* * *

Сыйбас иштер болуп жатат акылга,
Чабат колдор ийрисине, жакынга.
Азап-артист, мугалимге, врачка,
Китеп чыкпас жазуучуга, акынга.

* * *

Чың таш дагы талкаланат быркырап,
Чындык деле өлөт кээде чыркырап.
Кыянаттык өкүм сүргөн жерлерде
Кан тамырың какшап турат зыркырап.

* * *

Кудай билет бере турган кырсыгын,
Табат өзү бүтүндөрдүн жыртыгын.
Алыс деле узап, жыргап кете албайт,
Ырыскысын жуткан жандар журтунун.

* * *

Колу жеткен кыяматтан жеп келет,
Алкымына алдаганы эп келет.
Көпчүлүктү көзгө кармап көрүнөө
«Силер менен бирге болом» деп келет.

* * *

Адамдардын табияты ар башка,
Адамдарды арзан эмес алдашка.
Адалыраак жашап өттүү жакшы го,
Ата журттун каргышына калбаска.

* * *

Баарыдан мен ушуга келет күлкүм,
Не мынча ашык жыят адам мүлкүн.
Бүт баары калып калат көз жумулуп,
Алладан ажал жетип келсе бир күн.

* * *

Байкап турсаң май баскандар көздөрүн,
Бүт напсисин тоноп алган өзгөнүн.
Бөлөктөрдү көрбөй каакым ордуна,
Кудай санап жүрөт экен өздөрүн.

* * *

Ач көз болсо падыша да, каныша,
Элди ойлобой мүлк жыйнаса жарыша.
Акыл-эске кийин келет акыры,
Азап тартып, заманасы тарыса.

* * *

Жакшылыктын бир көрүнбөйт карааны,
Алкымдардын ачылды бейм арааны.
Баарын сатып, талап-тоноп жатабыз,
Сата элекпиз жалгыз гана абаны.

* * *

Туура кылат мылтыктарды жыйганы,
Ар ким атып, анды жаман кыйнады.
Керек болчу жан кыйганды жазалап,
Мындан дагы каталыраак тыйганы.
Кишини да өлүтүрүүдөн тартынбайт,
Адамдардын кеткенинде ыйманы.

* * *

Ар кылымдын бар, чыны,
Акылманы, акмагы.
Дайым эле даанышман
Боло бербейт тактагы.

* * *

Бирөөнүн кур сөзүнө ийикпеймин,
Тийбесе, тегин жерден тийишпеймин.
Акылын артык санап басам десе,
Аргасыз анда мен да бийиктеймин.
Азезил адамсымак оңбос менен,
Акыры кыяматта бирикпеймин.

* * *

Заман келди бирин бири тоногон,
Күч табылбай калдыбы дейм оңогон.
Калкты ойлогон адам чыкпайт баары эле,
Камбыл чыкты капчыгына сологон.

* * *

Кеп сүйлөсөк сөз салабыз асмандан,
Эмгек жакка эринебиз баскандан.
Акыбызды неге кайрый албайбыз,
Жыйгандарды талап-тоноп чачкандан?

* * *

Малдын бар малдай азабы,
Жандын бар жандай азабы.
Адамдардын ичинен,
Табалбай калдык тазаны.

* * *

Азыркы кезде, капырай,
Ажыдаар чыкты кыйындар.
Оп тартса кирет оозуна,
Доллар, алтын тыйындар.

* * *

Миллиондоп акчаны
Жеп алып кантип качышат?
«Бир балээ турат мында» деп,
Бийликке көңүл ачышат.

* * *

Биздей марттар кайда бар,
Мүлктү саткан бекерге.
Акылмандар табылат,
Ала-Тоону тим эле
Алмаштырчу текейге.

* * *

Бечараны белден басып нетесиң,
Бейпай болуп кармап турат чекесин.
Мээнетиңе, дөөлөтүңө ишенбе,
Ошол көргөн күнгө бир күн жетесиң.

* * *

Жон алса экен жону жука кишилер,
Чөп жесе экен чөп жебеген итиңер.

Журтту тоноп, журт талаган «какелер»,
Оңолсо экен журтка болгон дитиңер.
* * *

Өзгөгө артпа күнөөнү
Өзүңдөн кетсе каталык.
Мойнуңа түшсө сөз кайра
Турасың жылбай маталып.
* * *

Жамандын жамандыгы жугат дайым,
Майданын майда сөзү бизге дайын.
Ач көздөр Алакөлдү сорсо дагы,
Болсо дейт улам дагы болгон сайын.
* * *

Ашынгандын Алла берет жазасын,
Адам билет ким ыпылас, тазасын.
Калк каргышы кайтпай турган чоң нерсе,
Быт-чыт чыгат бир карматса ызасын.
* * *

Эрегишпе эгеримде эл менен,
Эзелтеден элдин күчү - сел деген.
Калктан бийик калкып калуу эң жаман,
Таман басып жүрүү керек жер менен.
* * *

Көсөмдүн сөзү - көңүлдө,
Көп жарык берет өмүрдө.
Ооз ачкым келбейт дегеле,
Оңбостун кеби жөнүндө.
* * *

Оорутпасак бир да адамдын көңүлүн,
Ажыратсак кептин жалган, төгүнүн.
Жалган дүйнө - баарыбызга тең орток,
Келатабыз күнүн көрүп бөрүнүн.
* * *

Жараткан Алла эмнеге
Бирине-бирин жем кылган,
Биринен-бирин кем кылган.
Тандабай алып калтырган,
Өлүмүн гана тең кылган.
* * *

Тирүү жан кантип болбойт ойлонбоско,
Өлүктөр оор уйкуда ойгонбоско.
Теңирим! «Өз билгенин жасасын» -деп,
Ар кимди өз эркинче койгон бошко.

* * *

Ким көрүп жатат болду экен,
Пайдасын кызыл алтындын?!
Кудайдын берген кенчи эле
Кымбаттуу кыргыз калкымдын.

* * *

Динден да безип кетебиз,
Тилден да кээбиз кечебиз.
Түбүбүзгө түбүндө
Өзүбүз гана жетебиз.

* * *

Өтө жаман өр жактагы бөрүлөр,
Сырт жагынан сыпаа-сылык көрүнөр.
Булар укмуш темир трос тим эле
Чырмалышып, чыккыс болуп өрүлөр.

* * *

«Экөөгө бергис бирөө бар,
Өгөөгө бергис бүлөө бар».
Алланын бардык кулунда,
Аз, көппү, айтор күнөө бар.

* * *

Жебейт, ичпейт бир гана
Жер алдына кеткендер.
Эбегейсиз эңшерет
Эптеп колу жеткендер.

* * *

Жердигинен тойбогон,
Топук кылбайт эгерим.
Бөрү деген бөрү да
Коймок беле жегенин.
Кайтпай турган нерсе экен
Калк каргышы дегениң.

* * *

Жанкечтинин көргөнүмдө канжарын,
Дүргүп кетти бүткөн боюм, кан-жаным.

Ал көзүмө ажал болуп көрүндү,
Чуркап кетти, биле албадым ар жагын.
* * *

Айлакер амалдууга алданасың,
Аргасыз аңкоо болсоң арбаласың.
Шайлоодо шайтан оюн башталганда,
Шайтандар таап чыгат ар балаасын.
* * *

Майдалар көрсөтүшөт майдалыгын,
Жүргөнү шаан-шөкөт жайдарынын.
Кандын да кадыр-баркы көтөрүлбөйт,
Жан-жагы таза болбой аймагынын.
* * *

Азгырылба алганга,
Ишенбеймин жалганга.
Ал экөө тең себепкер
Азапты башка салганга.
* * *

Сулуунун иши сулуу да,
Көз түшөт экен сулууга.
Жакшына кыздар кетишти
Жабыла тили буруугa.
* * *

Байлыгың да башка балаа көрүнөт,
Ага астыртан арам санаа бөлүнөт.
Акчасы үчүн атын кечип жан кечти
Бейкүнөөнүн бекер каны төгүлөт.
* * *

Кучтүүлөрдүн күнү туугaн бу заман,
Алсыздардын эптеп-септеп жаны аман.
Алдым-жуттум, ач көздүгү ашынып,
Кош падыша качып кетти тагынан.
* * *

Жамандарга жакындаба, жолобо,
Сыйлаймын деп, бүлүнбөгүн, коробо.
Тушарына теңеп койбойт эгерим,
Өздөрүндө болсо болду зоболо.
* * *

Эне тоок эч тартынбайт өлүмдөн,
Жөжөлөрүн бар алынча корголоп.
Ботосунан ажыраган боз инген
Боздойт күн-түн көздөн жашы шорголоп.
* * *
Кары бар бажылдаган,
Аял бар ажылдаган.
Жаны тынч адамдардын
Аларга кабылбаган.
* * *
Жардам жок жамандардан,
Кайрым жок сарандардан.
Бу заман түңүлдүрдү
Менсинген адамдардан.
* * *
Саламды да берүү керек сак болуп,
Көңүлүңө калбас үчүн так болуп.
Кыдыр даарып жолукчуга жолуксаң,
Кай бир кезде калат башка бак конуп.
* * *
Жакшыдан көңүл жабыкпайт,
Жамандар жанды жарытпайт.
Өскөндү көрсө ичи тар
Өзүн жеп, өзү арыктайт.
* * *
Чалдар бар иттей үрүшкөн,
Белимчи болуп жүрүшкөн.
Бетине бассаң кемчилин
Ырсайып кайра күлүшкөн.
* * *
Жегендердин алкымына келбеди,
Ким алардын илебине чендеди.
Акыйкат деп айкырганда не пайда,
Теңдик деген жок нерсе экен жердеги.
* * *
Кайгыга жеңдирбесең кайыкпайсың,
Ооруга мүңкүрөсөң айыкпайсың.
Заманың жабыркатса жанга батып,
Аргасыз Теңириңди айыптайсың.

* * *

Кудайдын берген жашын жашамак бар,
Колунан келген ишти жасамак бар.
Жарытып жанды деле жыргатышпайт,
Күйпөктөп күйүп-бышкан шапалактар.

* * *

Сак болгун сагызгандай сайрагандан,
Көздөрү чычаладай кайнагандан.
Достордун аралары доолуу болот,
Ортону бузукулар кайрагандан.

* * *

Жашоонун көркү болот жакшы адамдар,
Бабырап нелерди айтпайт бакшы адамдар.
Жаман да жараткандын перзенттери,
Көбүрөөк жаралса экен нарктуу адамдар.

* * *

Күркүрөп таянган бар билегине,
Дан бышпай жүргөндөр бар илебине.
Адам түгүл Алланы сөгүп турат,
Өзү ит болуп жетпестер тилегине.

* * *

Көрмөк парзың тагдыр башка салганын,
Жон көтөрөт оор, жеңил салмагын.
Олуялар, заабалар да жан берет
Көрбөйсүңбү бул дүйнөнүн жалганын.

* * *

Ырасында кудуреттин кулубуз,
Өз эркинде азбы, көппү туруубуз.
Карыптардын күнүн көрүп калабыз
Болбогондо колубузда пулубуз.

* * *

Жулуна бер сөзүң өтүп жукпаса,
Көңүл буруп укса дагы, укпаса.
Чындык деген чычалатар, ойлонтор,
Жок дегенде тынчы кетер уктаса.

* * *

Чоң жоргонун жоргосу кийин чыгат,
Чыкканда да арбытып кыйын чыгат.

Алиги бир көчөлүк кой жорголор
Алчыланып өзүнчө кыйынсынат.
* * *
Күлүктүн чуркашын көр түтүн болуп,
Туягынан таш учат күкүм болуп.
Даңкыңды даңазалап чыгарып кал,
Турган кезде тулпарың, күчүң толуп.
* * *
Бүркүт сүйөт бийикти,
Серпип зоодон кийикти.
Элең этип эне эчки
Эпсиз тартат күйүттү.
Ээрчип жүргөн улагы
Эркеси эле сүйүктүү.
Улуу тоодо жырткычтар
Салып турат бүлүктү.
* * *
Талантты тааный албайт талантсыздар,
Максатка жетмек беле талапсыздар.
Суктанып карап гана тим болушат
Аргасыз жерде жылган канатсыздар.
* * *
Киши укпайт айтсаң муңуңду,
Адамдар аз го жугумдуу.
Өзүңчө ыйлап жаш төгүп,
Чыгарып алгын бугуңду.
* * *
Уузсуң го, укмушсуң го дүнүйө,
Кумарланткан Ай, жылдызы, Күнүңө.
Кузгунчалык узак жүрбөй адамдар
Араң чыгат өмүрүнүн жүзүнө.
* * *
Адамды аткандар бар ит аткандай,
Кай бири сатып кетет мал саткандай.
Кишини киши жеген заман келип,
Ушундай катаал болду жан сактамай.
* * *
Жан экенсиң куюшканга кыпчылган,
Малайысың жуткургандын «кычкылдан».

Көчүгүңдү такап үрбө бирөөгө,
Мезгил сендей далайларды мыш кылган.

* * *

Мен билемин билбегеним көптүгүн,
Керт башымдан жаман, жакшы өттү күн.
Көктүк менен келатамын көтөрүп,
Бул жашоонун кара добул өткүнүн.

* * *

Жаштарды аяйм. Жакпайт арак ичкени,
Байкуштардын же жок кылар иштери.
Солгон гүлдөй өчүп бара жатышат
Толуп-ташып турар кезде күчтөрү.

* * *

Окуудан жок арабаны сүйрөшүп,
Бет торсулган, тоңгон колун үйлөшүп...
Балдай ширин балалыгын таттырбай,
Байкамаксан бара жатат дүйнө өтүп.

* * *

Ит жашоосу акыр-чикир аңтарган,
Ким буларды үлүшүнөн каңтарган?!
Кашайгырлар, карасаңар болбойбу,
Сүйлөгөндөр, тилдеринен бал тамган.

* * *

Чечилбеген түйүн жок,
Эскирбеген кийим жок.
Барды бардай пайдалан,
Бүгүн бар да, кийин жок.

* * *

Кепил болбо арага,
Калмак арзан балаага.
Өлгүчөктү күйөсүң
Өзүң батып санаага.

* * *

Биле албайсың амалын,
Куулар менен шумдардын.
Арасына заматта
Сиңип кетет кумдардын.

* * *

Жандар бар жанды жактырбас,
Бүркөлүп кабак ачтырбас.
Өзүн да мыжып, өзгөнүн
Көңүлүн такыр шат кылбас.

* * *

Адам болот кейибеске кейиген,
Көргөнүңдө түңүлөсүң тейинен.
Баары түгөл, ошондо да кападар,
Окшобойбу түбү өзүнүн дээринен.

* * *

Башынан ашса дагы күйүт деген,
Адамдар жашайт дайым үмүт менен.
Күлкү да толук кандуу чыкпайт экен,
Жетишпей турганда азык-түлүк деген.

* * *

Өмүр - кыска, өкүнүчтүү көз ирмем,
Өткөн жылдар уйку өңдөнөт көз илген.
Кызык жери бул жашоонун кумары
Жаш кезде эмес, жаш өткөндө сезилген.

* * *

Жашабайм мен эч кимге баш урунуп,
Жүрбөймүн бирөөлөрдөн жашырынып.
Таң калам тийиши жок бирөөлөрдүн
Карандай каптаганын атырылып.

* * *

Жаздым басат жакшылар жамандардан,
Амал калган ал эски замандардан.
Мерт болгондор аз бекен бу күндө да,
Котур ташы койнунда адамдардан.

* * *

Ырыскын кимдер сорду өткөрүп,
Жымырынды бири-бирине бөктөрүп.
Бар байлыкты басып жешти бөрүдөй
Элге-журтка койбой койду көп көрүп.

* * *

Сөз - өткүр, көзөп өтөт туюктарды,
Кумурска куурап жасайт уюктарды.
Майранын мобул сөзү жүрөгүмө,
Мөлт этип коргошундай уюп калды:

«Көзүм барда абалымды,
Сурап тургун, заманадаш.
Көзүм өтсө кереги жок,
Көз боегон арамжаш».

* * *

«Как» эткени карганын
Чоң кубаныч өзүнө.
Кубулжуган булбулдун,
Кулак бурбайт сөзүнө.

* * *

Жакшы адамдан ажыроо кандай жаман,
Ал сенин бир жакының болбосо да.
Жеткен ажал баары бир алып тынат,
Миң дарыгер биригип колдосо да.

* * *

Жөндүү, жөнсүз болмоктугуң өзүңдөн,
Кыялыңдан, акыл-эсиң, сезимден.
Түпкүлүүгү түзүк адам чыгасың
Тарбия алсаң кичинекей кезиңден.

* * *

Кай бир талант тагдыры татаал болот,
Сүргөн өмүр, турмушу катаал болот.
Акылы ашып-ташып турган менен,
Башына кайгы, азабы катар конот.

* * *

Таланттар бар такыр жолу болбогон,
Улам кемип, бөксөргөнү толбогон.
Сөздү кудай берген менен оозуна,
Байлык жактан басмырт кылып шордогон.

* * *

Нетесиң Алла жазса маңдайыңа,
Сөздөн да кемчил берсе таңдайыңа.
Анысы аз келгенсип унуткарып,
Бир ыба карабаган ал-жайыңа.

* * *

Ат минип көрбөгөнгө ат бербегин,
Иленди, шалаакыдан кат бербегин.
Көрдүк го куран кармап, касам ичип,
Куулардын кудайды алдап мант бергенин.

* * *

Курусун кылыктары сойкулардын,
Жоругу жолдо калсын жойпулардын.
Аңкайып түшүнбөйсүң амалдарын
Көзүңдү типтирүүлөй жойчулардын.

* * *

Жегичтер күжүлдөшөт шымаланып,
Бизди алдап, кайышууга чыдалашып.
Каржалып караңгы калк куруп барат,
Кашайып баштарынан чыдамы ашып.

* * *

Жокчулук өтүп кетти жонубуздан,
Байлыкты жулуп кетти колубуздан.
Бул бойдон чет карызга тыгып жатса,
Алла да арылта албайт шорубуздан.

* * *

Эл жаман эжигейдей эзилди го,
Эскинин эми баркы сезилди го.
Эзелки пайгамбарлар, заабалардан
Эмики «эл жегичтер» сезимдүү го?

* * *

Акылмандар болгон, болот кийин да,
Өзгөрүлөт модасынан кийим да.
Келечекки муун көрөт биз сымал,
Адамдардын тазасын да, кирин да.

* * *

Доо кетсе өсүмдүктүн тамырына,
Кабылат каргашанын жабырына.
Тоо көрүп таянганың тайгаланса,
Карагын турмушуңдун агымына.

* * *

Сураттырган кайырды
Жокчулуктун азабы.
Антпегенде не кылат
Алла берсе жазаны.

* * *

Өзгөнү коюп, өзүңдүн
Ийриңди оңдоп түзөсөң.

Көзгө да комсоо көрүнөр
Суусу жок калган кең өзөн.

* * *

Жашоо, тирлик тим эле
Жарабаган жан далбас.
Утурумдук өмүрдөн
Узабаган жан калбас.

* * *

Топурактан башкага
Тойбойт тура көз деген.
Тургусу бар кандын да
Улуп-жулуп өзгөдөн.

* * *

Чындык деген канга да,
Тиет безге сайгандай.
Акыйкатты көздөгөн
Айтат тике тайманбай.

* * *

Кошоматка кой союп
Жүгүргөндөн адамбы?!
Булгап жүргөн ошолор
Буластаган заманды.

* * *

Кандай гана керек кезде,
Төктү кудай жамгырын.
Бирок артын селге айлантып,
Кыйды көптүн тагдырын.

* * *

Берсе дагы, бербесе да
Тилей бергин кудайдан.
Кудай кантип ыба карайт
Иш кылбасаң кылайган.

* * *

Чындыктан көрө көбүрөк
Ишенебиз жалганга.
Акылга анан келебиз
Сызга отуруп калганда.

* * *

«Дөөлөтүңө да ишенбе,
Мээнетиңе да ишенбе».
Кудайсынган падыша да
Түшүп калат кишенге.

* * *

Өткөн күнүң - өчкөн күн да,
Келүүчүсү - жанар күн.
Ал да келип, жаңысына
Эски болуп калар күн.

* * *

Атканын жаза кетирбес,
Ажалдан мыкты мерген жок.
Жан бүткөнгө ажалдан
Кутулуу жагын берген жок.

* * *

Кичинекей кыргыз үчүн
Диндин көбү курусун.
Дал ушулар уулап бүтөт
Элибиздин угутун.

* * *

Кудай гана тыйбаса эгер
Тыюу кыйын кулкунду.
Анда-санда салып жүргүн
Насибиңе кулпуңду.

* * *

Бөрүдөн түлкү куу эмес,
Туздуу көл ичер суу эмес.
Кол жеткис сулуу перизат
Түштөгү көргөн бир элес.

* * *

Бөрү акылдуу, жакын жерден кой албайт,
Бөлтүрүккө тийбесин деп зыяны.
Чабалекей жылан соруп кетет деп,
Жаачы менен корготушат ууны.

* * *

Өзгө улутту тууцраганга
Ой, кыргыздар устабыз.
Байыртадан келе жаткан
Урап түштү туткабыз.

* * *

Өңгө калктын жаман жагын
Эң бат кабыл алабыз.
Өзүбүздө улуулукту
Унуткарып салабыз.

* * *

Киши өлтүргүч кишини
Кескилесе убал жок.
Атуу бербес соттордун
Мыйзамында кунар жок.

* * *

Бийликтеги адамдардын
Түгөл баары таза эмес.
Которгону кызматынан
Коркунучтуу жаза эмес.

* * *

Качан ое чокучу эле
Карга көзүн карганын.
Жазалоого батына албайт
Андан күрөп алганын.

* * *

Бүлкүлдөгөн буканы да
Былк эттирбейт чүлүгү.
Жалпы журтка жалгыз иттин
Кандай тиет бүлүгү?!

* * *

Мокоп калган бычактарың
Курчуйт кайрак, бүлөөгө.
Кай бир жанга кайрат бүтөт
Батканында күнөөгө.

* * *

Жегендерди жек көрсөткөн
Кулкунунун арааны.
Баскан изин жашырууга
Ойлоп табат балааны.

* * *

Коррупция дегенинди
Колу таза тыя алат.

Күпүлдөмүш сес көрсөтүү –
Күлкү келер тыянак.
* * *
Жемекейлер түшүндө да
Карпып-курпуп жеп турат.
Бүгүн куурап, эртең түбү
Өзүн-өзү жеп тынат.
* * *
Билбегенге бийлик тийсе,
Бирди кылар акыры.
Байлык басып алганына
Жетет, бирок акылы.
* * *
Акыр-түбү азап тартат
Акты кара кылгандар.
Учуп чыгат убайымдан
Убактылуу сынгандар.
* * *
Бул дүнүйө оомал-төкмөл
Бирде толкун, бирде жай.
Адамдарда ар кыл тагдыр
Бирде жарды, бирде бай.
* * *
Түндүгүңдү кармаган
Уук менен кереге.
Канды, бекти көтөргөн
Элди кылба келеке.
* * *
Жолдун сырын соодон көрө
Сокур билет жакшыраак.
Такылдаган үн сыр берип,
Кол таягы бастырат.
* * *
Токтосоңчу жөргөмүштөй
Чүргөй бербей тим эле.
Иш дегендин түпкүрүнө
Жетти дейсиң ким эле
* * *

Күнөөң үчүн Кааба ташка
Кылып келдиң зыярат.
Баштагыдан шумпай болдуң
Билген жандар уялат.
* * *
Кууланганды төбөдө
Көрүп турат Кудай да.
Май басканды көздөрүн
Малып коет убайга.
* * *
Тааныбай Кудай-Теңирин
Терине батпай жүрдү эле.
Шылпыйып башын көтөрбөйт
Шылдыңдап элди күлдү эле...
* * *
Теңирди такыр унутуп,
Иш кылдың эле тетири.
Балакет басып акыры
Башыңа тийди кесири.
* * *
«Кыңыр иш чыгат кырк жылда», -
Чыккыча мейли миң жырга...
Укумуң менен тукумуң
Унуткус калат шылдыңга.
* * *
Жаман ат калса артында,
Айыккыс жаман дартың да.
«Көз баштык» деген түгөттү
Көп айтат кыргыз салтында.
* * *
Кожожаштын аскада
Не болгонун билесиң.
Суречкинин каргышын
Эске качан илесиң?
* * *
Элге-журтка жасагандар кыямат,
Алкымдарын кантип, кандай тыя алат?
Кудай калыс, кудай күчтүү, шектенбе,
Көздөрүнө көр топурак куя алат.

*   *   *

Жан дүйнөнү жапырт басып,
Бийлеп кетти зулумдук.
Ары толкуп, бери толкуп,
Ушул күнгө урундук.

*   *   *

Канча кандар, заабалар
Өткөнү жок дүйнөдөн.
Кайда калктар мурдагы
Жердин үстү дүрбөгөн?

*   *   *

Жаралган соң жан болуп,
Жашоо керек тирүүдөй.
Өз насибиң алдырсаң,
Өлгөн жакшы тирүүлөй.

*   *   *

Ойлонбосо баш эгер
Айырмасы таштан не?
Анда ошонун ичинен
Касиети качкан де.

*   *   *

Өлүктүн тирүү менен жумушу жок,
Кайрылып саган айтар сунушу жок.
Күнөөнү оодаргандын маркумдарга
Канчалык актаса да дурусу жок.

*   *   *

Колу таза болбогондун,
Жолу таза болчубу.
Кара калкты кансыктаткан
Качан болсо оңчубу?!

*   *   *

Асманды да тешкилеп,
Айрып, жыртып бүтүрдүк.
Ал гана эмес абийирде
Калбай калды бүтүндүк.

*   *   *

Адам келет бир демде,
Адам өлөт бир демде.

Көз ирмемдик бул өмүр
Көңүл бөлүп билгенге.

* * *

Өлгөн гана кутулат
Көр тирликтен, азаптан.
Кайсы калктар не тапты
Калкка кылган казаттан?!

* * *

Өлкө курсун мите соргон
Арылбаган азабы.
Түшүнбөйбүз куйтуларды
Кимге берип жазаны.
Бул дүйнөдөн билбей калдык
Бир да колу тазаны.

* * *

Мазаң өлсүн мактоо менен жашаган,
Ишиң курусун крим менен жасаган.
Келечекке балта чаап турасың,
Сени кантип сыйлаар экен жаш адам?!

* * *

Ким тоносо өз калкынын ырысын,
А журт камдайт качандыр бир кылычын.
Эгеримде адамдардан болбосо,
Аа жеткирет Аллам өзү тымызын.

* * *

Манастын да урбай койду арбагы,
Бүлүндүрдүк өндүрүштү, чарбаны.
Түйүндөрдүн жана турган түрү жок,
Чырмалышып бүткөн окшойт ар жагы.

* * *

Жегендердин жерге сиңди тамыры,
Өздөрүнө өтө сонун жагымы.
Түбү барып эмне болот билбеймин,
Калктын жаман кетип барат сабыры.

* * *

Түшүнбөйсүң түргөн менен кулакты,
Жалган, чыны аралашкан убакты.
Соттон деле кетип калган калыстык,
Каалагандай иштеп коет суракты.

Өтөбүз деп ойлойбуз
Өңү өчпөгөн гүл бойдон.
* * *
Өзүм азыр ичкендерге суктанам,
Күнүм өтө сейрек болчу жутпаган.
Оору таза ооздуктап таштады,
Пенде болдум төрт-беш тамчы жукпаган.
* * *
Шордуу бала, о, өмүргө
Сокур бойдон төрөлгөн.
Жамандыкты, а балким,
Жакшы көрбөй жөн өлгөн.
* * *
Теске кара, агын да,
Тексиздерге жагынба.
Түк кутула албайсың,
Түшүп калсаң жалынга.
* * *
Тилесең тукум кудайдан,
Ыйманы менен берсин де.
Болбосо, көзгө көрүнбөй,
Боюңа бүтпөй өлсүн де.
* * *
Кыйналганда бул дүйнөнүн
Кызыгынан кечесиң.
Жаның жалгыз болгон үчүн
Көз жумгуча жекесиң.
* * *
Жер үстүндө аралаш
Жакшы менен жаманы.
Заманына жараша
Айла, жорук, амалы.
* * *
Какмалап сүйлөп карыны,
Сөзүнүн орус жарымы.
Кыргызга кантип ошонун
Кымындай тийсин жарыгы.
* * *

Улууну «Сиз» дей албаган,
Өзүн да комсоо кармаган.
Сенейгир «Сен» деп сүйлөсө,
Ошондон орой барбы адам.

* * *

Коркосуң орой балдардан,
Чочуйсуң ичкен чалдардан.
Өмүрдү минтип сүргөнчө,
Өткөнү жакшы жалгандан.

* * *

Чарчасаң кээде чаалыгып,
Илинет көзүң карайлап.
Ат үстү кирпик суутсаң,
Акырын бастыр, абайлап.

* * *

Жаның таттуу болгон соң,
Качасың да зуулдап.
Кайдан болот өмүргө
Кайра экинчи туулмак.

* * *

Жаралганбы кулпенде
Пайда кууп өлүшкө.
Арамдыгы адамдын
Кандай гана көмүскө.

* * *

Сактанбасаң өмүрдө
Ажал алмак капкачан.
Күн өтмөгү күйүт - ов,
Жанды сабап бакпасаң.

* * *

Ой болбосо оңбодуң,
Ойду кайдан толгодуң.
Көрбөдүңбү суунун да
Кышта муздап тоңгонун.

* * *

Калк кадырын билесиң
Калктан калкка барганда.
Өз элинен айрылуу
Өксүк, тозок, арман да.

* * *

Бабалардын артынан
Барбай тирүү ким калган?!
Алмаштырып муунун
Турат экен бул жалган.

* * *

Ай, кишилер, кишилер,
Түркүн-түмөн ичиңер.
Каласыңар жер баспай
Чөп жегенде итиңер.

* * *

Бул заманда адамга
Кыйын болду ишенүү.
Бүгүн дос да, эртең кас
Даяр салар кишени.

* * *

Уксаң жандын төгүнүн
Уугa айланат көңүлүң.
Дити жаман неменин
Тилейт белең өмүрүн.

* * *

Өлгөн жандын баары түгөл
Кутулганы кыйноодон.
Тирүүлүккө кайтпайт эми,
Майнап чыкпайт ыйлоодон.

* * *

Каран калат кан кас болсо калкына,
Тактынын да жеткен жетет баркына.
Топук кылбай тоногондор өз элин
Жууса кеткис сөз калтырат артына.

* * *

Тууларын туулар,
Турарына сүйүнгүн.
Бир ыймансыз чыкса эгер
Бар балаасы түйүндүн.

* * *

Кайрылбаймын бир көңүлүм калганга,
Туюп калсам, азгырылбай жалганга.

Кудай өзү сезим берген эмеспи,
Ылайыктап кыбыраган жандарга.

* * *

Тирүүлүктө көңүл калды канчадан,
Жандар көп го калпты чындай калчаган.
Көрбөгөндү көзөп айтат көргөндөй,
Тукумунан жукту бекен дарт аган.

* * *

Тийишкенде тийишесиң кишиге,
Ичиң муздап калат экен кичине.
Буккан муңду кайдан сезсин аларың
Же бир кирип чыкпаган соң ичиңе.

* * *

О, кудайым, жамандарга күн салба,
Суук көздөн болсок экен көз далдаа.
Келатасың кемитпей да, ашырбай,
Эл катары ошонуңа иншалла.

* * *

Өмүрдө өкүнөсүң, кыйналасың,
Урушуп, тартышасың, талашасың.
Көз тойбойт канча терип жыйнасаң да
Жашоого болбогон бир тамашасың.

* * *

Бул жалганда мусулмандар
Пир тутушат Мекени.
Эске келбейт өз Мекени
Андан ыйык экени!

* * *

Көзгө жылуу аппак кар,
Чиркиниңдин муздагы.
Сууга тийсе мөлт этип,
Эрип кетет туз дагы.

* * *

Өлүп калсаң түшүңдө,
Жакшылыкка оң жору.
Өмүргө бир эскертүү
Нерсе чыгар болжолу.

* * *

Баш бербеген балаңа
Бакыр, мейли бакырба.
Киши болуп ал итиң
Кирбейт эч бир акылга.

* * *

Сезсең боло чектелүүсүң өмүрдүн,
Керт башыңа келерлигин өлүмдүн.
Жыйып алып, ала кетип сен эмне,
Бир тешигин бүтөйсүңбү көрүңдүн?!

* * *

О, көр пенде, көз тойбогон пенделик,
Бу дүйнөнү гүлдөттүңбү сен келип.
Жыйганыңды таштап кете бересиң,
Бир оромол кепин менен сенделип.

* * *

Капчыгына солочулар солоду,
«Кой!» деп аны токтотчулар болобу?
Түбөлүккө өлбөчүдөй болдуңар,
О, пенделер, бу дүйнөнүн коногу?

* * *

Ким эле өлбөс болгон тоногондон,
Жарды да болуп кетпейт корогондон.
Акмактар акмак бойдон кала берет,
Эс кирбейт чылк алтынга орогондон.

* * *

Ачып таштап араанын да, алкымын,
Ким кол салса ырысына калкынын,
Каарынан кутула албайт баары бир,
Каптап кайра чачкан менен алтынын.

* * *

Ишенимден бүт калышты калчулар,
Бөрү болду элди багып алчулар.
Билбей жүрсөк, дал ошолор турбайбы,
Бизди түртүп кызыл отко салчулар.

* * *

Байкалат күлүк сыны арышынан,
Эр өлөт эл-журт үчүн намысынан.
Каныңдын касиети качканы ошол,
Калп айтып тайып калса калысынан.

* * *

Арттагы мезгил өтүп болот тарых,
А чындык ордун алат барып-барып.
Жалгандын бет пардасы түшөт бир күн,
Жасалма, арамдыгы анықталып.

* * *

Кан тайган кезде тактыдан,
Ажырайт сыйдан, бактыдан.
Анчалык албайт таназар,
Адамдар чыгып астынан.

* * *

«Бөлүнгөндү бөрү жейт», -
Деген кыргыз илгери.
Жерде калгыс нерсе экен,
Жетелердин бир кеби.

* * *

Дегеле бийлик болбойт зордугу жок,
Өмүрдө жашоо болбойт кордугу жок.
Бапырап байлардыкы батпай турат,
Кедейдин чакан болсо молдугу жок.

* * *

Кутуруп мартабасы, мансабына,
Кубанат бирөөлөрдөн алса гана.
Адамдан тоногону тоого айланды,
Көмүлүп дал астына калса кана?

* * *

Шылуундар шылып бизди жиликтеди,
Ансайын канат байлап бийиктеди.
Адамдын каргышы да каргыш болбой,
Алланын же көзүнө иликпеди.

* * *

Бардыгына кудайдын бар ченеми,
Дайын ага кимдин ичкен, жегени.
Адамды алдап, ашып кетем дегенге,
Алла астырдан тартып коет жебени.

* * *

Карыга көп жарашпайт какчаңдаган,
Келинге уят болот тастаңдаган.

Бийликке көп дардактай бербегиле,
Бүркүт да жерге түшөт асмандаган.
* * *

Бул дүйнөгө кимдер келип, ким кеткен,
Көз жумулса, чыгарышат бизди эстен.
Бир күнүң да билинбеген чоң олжо,
Аман-эсен тирүү чыгуу бул кечтен.
* * *

Батышпай тирүүлүктө жөөлөшөбүз,
Аппак бетти карартып көөлөшөбүз.
Тирүүдө тирүүлүктүн күнүн көрбөй,
Жакалап, жамандыкты төөнөшөбүз.
* * *

Булактан кошулушуп дайра болот,
Кирпичтен чоң имарат пайда болот.
Өлүмдөн башкасынын бардыгына,
Адамдын акылынан айла болот.
* * *

Жер силкинет бир жамандык жасарда,
Үйүң кулап, жай табылбайт жатарга.
Эмнегедир өмүр чегин ойлоном
Күн кылкылдап уясына батарда.
* * *

Жер силкинсе кулайт аска, тоо дагы,
Ажал келсе, калбайт ооru, соо дагы.
Бардыгынын себеби бар турмушта,
Бекеринен келе бербейт жоо жагы.
* * *

Жыйган-терген, үй-жай калат сен курган,
Тирүүлүккө жаралдыңбы - жан курман.
Аны билбей араздашып а-бу деп,
Кетет тура адам деген ант урган.
* * *

Кан токтосо, каран калган күн ошо,
Айырмасыз өрт, жамгырбы, борошо.
Буюрбасын сен кеткенден бул жашоо,
Кичинекей бир жеринен коросо.
* * *

Сүйөт ар ким жакшы сөздү, оданы,
Жаш жарыша кубалашат моданы.
Оорулууга жашоо кызык көрүнүп,
Бакыт дешет жүргөндүгүн соо жаны.

* * *

Турмушуң - туман, бурганак,
Бастырбайт жолго бурмалап.
Жулкунуп дүйнө жыйсаң да,
Кетесиң көргө кур жалак.

* * *

Достор кетип, орду калды бөксөрүп,
Ирет келсе, жөнөйт бизди бөктөрүп.
Жан бүткөндү өлүм унут калтырбайт
Бул дүйнөдөн о дүйнөгө өткөрүп.

* * *

Жарык дүйнө кимден гана калбаган,
Олуяны, пайгамбарды жалмаган.
Шайтан гана өлбөй тирүү жүрөт дейт,
Ажырабай адамдарды жандаган.

* * *

Артта калды далай ашуу, кечмелик,
Көбүн өтүп, азын гана кечпедик.
Анын баары көз ирмемче көрүнбөй,
Түштөй гана айтчу болдук эскерип.

* * *

Ойго келет, ойдон безип чочунамын,
Кантип мен кара жерге кошуламын.
Кайрылбай, кайта кеткис жайда болуп,
Томтойтуп да бир жердин топурагын.

* * *

Аз жыл болуп жер үстүндө жүрөрү,
Артып кетет адам арбын күнөөнү.
Бул жашоонун максаты эмне кишиге,
Жыргабаса, жыргатпаса бирөөнү.

* * *

Дүйнөгө эки келбей, бир келебиз,
Адамдык сындан өтүп иргелебиз.
Деңизден караан үзүп алыс кетип,
Калдайып кайтпай турган бир кемебиз.

* * *

Олжо экен тирүүлүккө жаратылуу,
Күнүң бар сүрө турган санатылуу.
Биз билген ушул аалам кучагында,
Чиркин, ай! Адам гана баласы улуу.

* * *

Бизди күтөт өжөр өлүм алдыда,
Өмүр азга утурумдук жанды да.
Буга чейин олуялар, заабалар,
Жексен болуп жерге житип калды да.

* * *

Биз өлгөндөн бир солк этпейт дүнүйө,
Көнүмүш иш, баягы Күн, баягы Ай.
Көздү жумуп, жүрүп кете беребиз,
Калгандарды «Кош!» дегенге жарабай.

* * *

Тирүүдө жүрөт адамдар,
Биринен бири чочулап.
Өлгөндө кайрылышары
Жалгыз ууч гана топурак.

* * *

Картайган кезде кошулса,
Жаныңды жеген капалык.
Аргасыз барып бересиң
Ажалга гана маталып.

* * *

Баарыбыз кара жердин үрөнүбүз,
Утурум, убактылуу жүрөрүбүз.
Көз жарып, Күндү көрүп, Айды көрүп,
Түбөлүк о дүйнөдө түнөгүбүз.

* * *

Калган жок канчалардан кайран дүйнө,
Тирүүдө көз барында сайран дүйнө.
Аялуу асыл жанды алат ажал,
Андыктан бул дүйнөбүз - жалган дүйнө.

* * *

Ит үрбөй, кербен жүрбөй иш болобу,
Күн батпай, күүгүм түшпөй кеч болобу.

Ажалдан калар жан жок, антсе дагы,
Өлүмдүн жакшы эмеспи кеч болору.
* * *
Өмүр бою кудай берген өң калат,
Бул дүйнөдө өлбөй тирүү ким калат.
Кудай берген кулк-мүнөзүң, кыялың,
Башың менен жатар көргө бир барат.
* * *
Назарбаев Нурсултандай каны бар,
Казактардын таалайы бар, багы бар.
Элин сүйүп, кызмат кылат ушундай,
Акылмандар намысы бар, ары бар.
Эки ажыдаар эмне алаамат кылганын,
Дүйнө жүзү билесиңер баарыңар.
Канкорлорго кыргыз аман барында,
Кайткыс каргыш, кетпей турган кеги бар.

## КАН КАЛЫС БОЛБОСО, КАЛКТАН АЛЫС БОЛОТ

Өзгөнү сыйлайбыз,
Өзгө үчүн жыйнайбыз.

Өзүбүздү кыйнайбыз,
Өзүбүзгө кыйбайбыз.

Өзгөнү өстүрөбүз,
Өзүбүздү чөктүрөбүз.

Өзүбүздү өзүбүз сүйбөйбүз,
Өзүбүзгө өзүбүз күйбөйбүз.

Өзгөнүн сырын билбейбиз,
Өзүбүздү өзүбүз тилдейбиз.

Өзгөнү кубанса дейбиз,
Өзүбүздү кубарса дейбиз.

Өзгөнү ардактайбыз,
Өзүбүзгө дардактайбыз.

Өзгөгө сыйкорбуз,
Өзүбүзгө ыйкорбуз.

Өзгөнү байытабыз,
Өзүбүздү тайытабыз.

Өзгөнү күлдүрөбүз,
Өзүбүздү бүлдүрөбүз.

Өзгөгө жагынабыз,
Өзүбүзгө кагынабыз.

Өзгөнү таяйбыз,
Өзүбүздү качан аяйбыз?!

Өзгөнү өйдө көрөбүз,
Өзүбүздү көрдө көрөбүз.

Өзгөнү ашынтабыз,
Өзүбүздү басынтабыз.

Өзгөнү багабыз,
Өзүбүздү кагабыз.

Өзгөнүн өзгөлүгүн карабайбыз,
Өзүбүздү көтөргөнгө жарабайбыз.

Өзгөнүн жегенин кечиребиз,
Өзүбүздүн кадырыбызды кетиребиз.

Өзгөдөн суранабыз,
Өзүбүз убарабыз.

Өзгөнү барк көрөбүз,
Өзүбүздү дарт көрөбүз.

Өзгөнү көптүрөбүз,
Өзүбүздү чөктүрөбүз.

Өзгөнү барктайбыз,
Өзүбүзгө дарттайбыз.

Өзгөнү жетсе дейбиз,
Өзүбүздү кетсе дейбиз.

Өзгөгө шыйпаңдайбыз,
Өзүбүзгө кыйшаңдайбыз.

Өзгөгө жөлөк болобуз,
Өзүбүзгө бөлөк болобуз.

Өзгөнүн бөксөсүн толтурабыз,
Өзүбүз куру жалак олтурабыз.

Өзгөнү эркелетебиз,
Өзүбүздү темселетебиз.

Өзгөгө мартпыз,
Өзүбүзгө дартпыз.

Өзгөнү көкөлөтөбүз,
Өзүбүздү чөгөлөтөбүз.

Өзгөгө болушабыз,
Өзүбүздү солутабыз.

Өзгөгө бергенди сүйөбүз,
Өзүбүзгө качан күйөбүз?!

Өзгөгө өнөк болобуз,
Өзүбүзгө качан жөлөк болобуз?

Өзгөнүн сөзүн эп көрөбүз,
Өзүбүздү өзүбүз жек көрөбүз.

Өзгөгө элпекпиз,
Өзүбүзгө телпекпиз.

Өзгөнү жактайбыз,
Өзүбүзгө батпайбыз.

Өзгөнү сонун дейбиз,
Өзүбүздү кемсинтип момун дейбиз.

Өзгөнү шайлайбыз,
Өзүбүздү жайлайбыз.

Жеп-ичкендер кыйрасын,
Кыргыз кыргызды кыйбасын,
Кыргыз кыргызды сыйласын.

Калк байлыгы – кан байлыгы.
Колдун – котуру, аттын – сокуру жаман.
Колуң котур болсо, кол бербе.
Кан уурусу казына тонойт.
Кан жаманы капчыкка солойт, калкын тонойт.
Калкка кара санаган кан каран калсын!
Кан жегич болсо, качып кутулат,
айласы куруса, атып кутулат.
Жегич канды жер албайт,
жергесине келе албайт.
Эл жериген канды жер да жерийт.
Эл мүлкүнүн эсеби бар,
эсебин алар кезеги бар.
Ууру кандын бири – оруста, бири Беларуста,
эми кандайы келет конушка?
Күчү жетер бекен уят, арын корушка?
Уяты кеткен кан ууруга айланат.
Ууру канга убал жок.
Кандын акмагы калк тонойт.
Кан жаманы – калпычы.
Кыргыз кандары ууру чыкты, арты чуулуу чыкты.
Таш боор кандан таш артык.
Калкты тоногон кандан кайрым күтпө.
Тойбогон кан тоону жутса да топук кылбайт.
Үй-бүлөсү башкарса, кан үйүрү менен жейт.
Ыймандуу кан жыйганды ойлобойт.
Чөнтөгүнө кам көргөн кандан чөө өйдө.
Соргок кандан сооп күтпө.
Эстүү кан элди ойлойт,

эзелтен калган жерди ойлойт.
Калктын каарына калган кан оңбойт.
Кадырлуу кан - калктын башчысы, жеринин сакчысы.
Кара жемсөө кандын каран калганы ийги.
Кан карышкыр болсо, бөлтүрүктөрү бөрү болот.
Менсинген кан мертинбей койбойт.
Кан жакшысы - калк бактысы.
Ашынган кан Алланы унутат, калкты курутат.
Эси жок кан элден бөлүнөт, эстүүсүнүп көрүнөт.
Кан калкты калчагысы келсе,
калк кантип канды алкагысы келсин!?
Ок менен коргонгон кандын ооматы болбойт.
Балдарга ок аткан кан – бандит.
Калктын ырыскысын тоногон кан – каракчы.
Дегени бир, жегени бир башка.
Кылым билбейт мындайды, өз эл-журтун кырганды.
«Үй-бүлөмдү бийликке кийлигиштирбейм» , - деди эле,
Максим, Жаныш дегендер жасашкан жок нени элге.
Кан жазаланбаса, калк ызаланбаса, көксөө суубайт.
Чыккынчы канды соттош керек,
чыгымын чоттош керек.
Жегенин төлөтүш керек,
түрмөгө жөнөтүш керек.
Төгүлгөн кандын төлөөсү бар,
качкан кандын күнөөсү бар.
Тандеми да мандем менен бүткөн.
Кан жакшысы – калыс,
жамандыктан алыс.
Акылдуу кан – адилет.
Кадырлуу калкым дейт, ач көз кан алтын дейт.
Акылман кан калкты байытат,
акылсыз кан ак жолдон тайытат.
Ыймандуу кан ынтымакты сактайт,
ыймансыз ыркыракты жактайт.
Ары бар кан эл-жерди сактайт,
ары жок кан эмнени сатпайт!?

Кан тазасын да эл билет,
кан жазасын да эл билет.
Кан качса кармаш керек,
кайдыгерликке салбаш керек.
Калкты отко салган канды
чокко салса аздык кылат.
Жамандыкка малынгандан жакшылык күтпө.
Дардесте дарман жок, чындыкта жалган жок.
Калп – күнүмдүк, чындык – түбөлүк.
Чындыкты күйгүзө албайсың, жалганды сүйгүзө албайсың.
Жамандык жазасыз калбайт.
Эски жараны тырмаба, эси жок менен жыргаба.
Бирөөгө кыянат кылсаң, тыянак табылат.
Жек көрүндү кан жериңден айлансын.
Бетсиз кандан береке күтпө.
Бетсиз кан бейпайга салат.
«Манас» - көркөм дүйнөнүн көөнөргүс азыгы.
Калкына каршы турган кан оңбойт.
Картаң арстан каңгып өлөт.
Кан калп айтса, кара башына көрүнөт.
Кандын ишине калк тараза.
Жеп көнгөндүн жемсөөсү толбойт, жегенин койбойт.
Азыр жеген менен дегендин заманы.
Тоногонду тоно, сологонду соло.
Мазгини маңыз чагат.
Ынтымактан – ырыс, ыркырактан – уруш.
Кууланганың кудайга аян.
Милиция – бийлик сакчысы:
«ат!» десе - атат, «жат!» десе – жатат.
Сот кудайдан коркпойт, бийликтен коркот.
Сотко кудай жок, бийлик бар.
Сот калыс болсо, парадан алыс болмок.
Оттон күйгөндөн да соттон күйгөн жаман.
Кордук – кошоматчыдан.
Куулангандар да кудайдын эсебинде.
Октон өлгөндөн да,

жоктон өлгөн жаман.
Дүнүйөң түгөл болсо – дүркүрөйсүң,
ашынып, арстандай күркүрөйсүң.
Эл сөзү жел сөз эмес.
Антын бузганды ант урат.
Бөрү бөлбөй коебу,
кузгун көрбөй коебу.
Өлкөңдү өлгүчө сүй, өксүгүнө күй.
Билерманды өлөрман соет.
Өмүр кыюу өнөр эмес.
Жаттама акылдан жадап бүттүк.
Дардес менен даамдаш болбо.
Элди жеген байыйт, баркынан тайыйт.
Алтынга алкым ачылат,
алтынга ар ким асылат.
Алтын – алдуунун колунда.
Алтынды алтындай баала.
Бай түндүгү түтүндүү,
баккан малы күтүмдүү.
Жаны ачыган жаратканды каргайт.
Иттин ит адаты калбайт.
Маңкурт малдан жаман.
Макоонун макоосу – маңкурт.
Канкор кан күсөйт.
Зомбулук – зордук, зордуктан – кордук.
Кекке кек менен жооп бербе, кеп менен жооп бер.
Кутурган падыша кудайсыйт.
Элди сыздатканга эгем бар,
текебер кылганга Теңирим бар.
Кошоматчы бирөөнүн көзүн мактайт, бирөөнүн сөзүн мактайт.
Жашоо жанга батса жан аялбайт.
Жашоо жашоодой болсо, жашагың да келет, жасагың да келет.
Жашооң жаман болсо, жандан кечесиң.
Жашоодон жабыр тартсаң, күчүңдү үрө, өзүңдү өзүң сүрө.
Дардеске даңк жарашпайт.
Түркүк болор адамдын түрү башка,

баатыр болор адамдын сүрү башка.
Алтын бар жерде амал бар.
Күйбөй жарык жок, өтпөй тарых жок.
Чөктүргөн да – акча, көптүргөн да – акча.
Бардар ашынат, жоксуз басынат.
Желмогуз жемин жедирбейт.
Оройдун сөзү оңдурбайт.
Курт үй бузат, куйту журт бузат.
Акылдуудан сөз чыгат, араздыктан көз чыгат.
Сараң сараңдыгын койбойт, арам арамдыгын койбойт.
Топугу жок тойбойт, тоноону гана ойлойт.
Чөнтөгүң жука болсо – чөгөсүң, калың болсо – көбөсүң.
Акча алдуу да кылат, малдуу да кылат.
Көпкөн сөккөндөн тартынбайт.
Каны калп болсо – калктын шору.
Ыймансызга ынак болбо, ыраак бол.
Даяр даңкты дардес күсөйт.
Керсейгенге кеп коротпо.
Кээри бар кекетип сүйлөйт,
мойну жоон мокотуп сүйлөйт.
Аттын аксагы, адамдын акмагы жаман.
Чындыкты эп көр, жалганды жек көр.
Калп айткан кан оңбосун, жасакер жан оңбосун.
Кандын катасын калктын батасы түзөйт.
Келжирдин сөзү узак болот, бүтмөгү тозок болот.
Баталашкандарды жакалашканда көр.
Төрө төп болбосо, каргыш көп болот.
Түбү бузуктун күнү бузук.
Акылман да акылга муктаж.
Мазасыз мактанып сүйлөйт,
дармансыз даттанып сүйлөйт.
Акылдуу сактанып сүйлөйт, арамзаа актанып сүйлөйт.
Ит менен ит адамга ишенип болбойт.
Басар жолдун баркын бил.
Эл менен эгешкенден кеңешкен артык.
Жамандыкты жамандан күт.

Кан каарын чачса, калганы заарын чачат.
Топугу жок тойбойт, ач көздүгүн койбойт.
Укпаска айткан акыл – убара.
Мыйзамды бузган мыкты эмес, туткан мыкты.
Ойлонбогон эл ойгонбойт.
Караңгы калкты кан тонойт.
Калк каарына алса, канды кан кустурат.
Бийлик бийлейт, билгениндей ийлейт.
Кудайдын жазасы куткарбайт.
Күчтүү күрөп жейт, алсыз алынча жейт.
Кан сөзү эки болсо, чеки болот.
Кандын кадырын калп кетирет.
Калыс караган алыс карайт.
Кармаштан кан чыгат, ашынса, жан чыгат.
Тагдырдын тамашасы көп, таразасы - төп.
Куу адам – уу адам.
Кан касап болсо, калкына азап болот.
Теңирден безген тескери иш кылат.
Кадырынан айрылган кан кан эмес.
Тоногондор ток жашайт, момундар жок жашайт.
Бири өөнөп жейт, бири жөөлөп жейт.
Бизнести да билген жасайт.
Арам жашаган сараң жашайт.
Көзү күлүп турат, көңүлүндө бүлүк турат.
Башкаларга бакыт тилебеген адам бактылуу адам эмес.
Кемчилигиңди көзүңө айтса – кейибе,
жаманыңды жашырып мактаса – эрибе.
Түшөрүңдү ойлоп бийикке чык.
Карыда тиш жок, жашта иш жок заман.
Кудайга куулана албайсың.
Коендон окшош эгиз бар, чочкодон артык семиз бар.
Каламдын мизи канжардын мизинен курч.
Эл кыйналса эркиндик болбойт.
Жаалданган элден жаңжал чыгат.
Жашоодон үмүтүн үзгөнгө баткан күн да бир, чыккан күн да бир.
Туйгунга туур бол, эл тутар уул бол.

Соттун жазасы бар, соттолгондун ызасы бар.
Адилет сот бар, кара бет сот бар.
Өмүрү куунак өлүмдөн коркот.
Бай барга тойбойт.
Топугу жок байда тобо болбойт.
Дөбөткө дөңдө үргөн жарашат.
Кыйындыктан кыраакы жол табат.
Коргоно албаган өлкө кор болот.
Ыйман болбой, ынтымак болбойт.
Думана дорбосун карайт, бай жоргосун карайт.
Баатырыбыздан каапырыбыз көп,
байыбыздан жакырыбыз көп.
Сөөлөтүң болсо, сөз сал, дөөлөтүң болсо, көз сал.
Жеп көнгөн жемин алдырбайт.
Арааны ачылганга айла жок, айткан менен пайда жок.
Соттун эңсөөсүнөн жемсөөсү жаман.
Сот оңбойт, жемсөөсү толбойт.
Сот соодон да жейт, сокурдан да жейт.
Аким болгуң келсе, акча жый.
Туура сын айтканды туугандай көр,
жамандаганыңды жуугандай көр.
Чиренгендин чириги чыгат.
Алдан тайганда да алсыраба, кол созуп нан сураба.
Кекиртегине тарткан кеменгер болбойт.
Эшектин да эсиргени үркөт.
Кырс адам – кырчаңгы.
Жемекейдин жемсөөсү жеген сайын кеңейет.
Кандын бузугу – жандын бузугу.
«Ынтымак!» деп кыйкыргандан ынтымак чыкпайт.
Мээримсизде мекен жок.
Дардаңдаган дардестин данеги жок,
желпилдеген желбаштын дареги жок.
Бирөөнү «акмак» дейбиз, бирөөнө жаксак дейбиз,
бирөөнү «аксак» дейбиз, бирөөнү сатсак дейбиз.
Билимиң күчтүү болсо, бийликтен чеберде.
Айтылган сыр сыр эмес, катылган сыр – сыр.

Тактыга таза адам жарашат, тартымы жок адашат.
Жегич кан жерге да сыйбайт, элге да сыйбайт.
Ашынган аким ташыган чычкандан жаман.
Иттердин арасында итче үрбөсөң – каптырасың.
Улугуң ит болсо, үрө бер, ичиңден күлүп жүрө бер.
Жетекчи ит болсо, үргөндөр көбөйөт,
маймыл болсо, күлгөндөр көбөйөт.
Бу заман – ичпеген менен иштегендин заманы.
Өрчүгөн өрттүн өчмөгү кыйын.
Чөнтөгү калың чөкпөйт, көрүнгөнгө төкпөйт.
Көзүн май баскан жай басат.
Бетеге – белдин көркү, бек мыкты – элдин көркү.
Алчы, таасын жеген алдатпайт.
Эки жүздүү эсине келбейт, беттегенин бербейт.
Топуктуу тойгон жерде жук калат.
Куу куйканы куруштурат, чагымы менен уруштурат.
Көчүгүн аяган учкашпайт, көзүн аяган мушташпайт.
Сайдын сырын сагызган билет.
Ач көз алганды ойлойт, алганын койбойт.
Адепсиз жандан абийири жок сөз чыгат.
Ынтымак – кут, ыркырак – жут.
Тайкы кан тактысынан айрылганды бактысынан айрылгандай көрөт.
Кайратсыз адам кандыкка жарабайт.
Колун Айга сунган бутун кайда сунбайт.
Айбанга бийлик тийсе, бирдик болбойт.
Акмак башкаруучу адамзаттын чуусу болот.
Башчы баштуудан болсун.
Башчы жалжаке болсо, башкалары алжаке болот.
Башчы көп болсо - балакет, аз болсо – аракет.
Башчың карышкыр болсо, башыңды алыс кыл.
Бийлик кумарына малынган бирөөнүн убалынан коркпойт.
Бийлик жула билгендики эмес, кура билгендики.
Бийлик талашы бирди кылат, же миңди кылат.
Бийлиги бар бийик сүйлөйт, бирдемеге тийип сүйлөйт.
Бийлиги бар билдирбей соет.

Бийлиги бар билгенин кылат.
Бийлиги барда билек бар, бийлиги жокто тилек бар.
Бийликке көпкөн бирди көрөт.
Бийликти күлгөн тутпайт, билген тутат.
Бийликтин колу узун, билимдин жолу узун.
Билимдүү кан бийкечинин бийлигине аралашпайт.
Биримдикти бийлик бузат.
Дөөлөт сөөлөт күткүзөт.
Жаман башчы бакырчаак, жармач башчы өкүрчөөк.
Жеңишти даңк көтөрөт, жемишти шак көтөрөт.
Жутумчул акимден жук калбайт.
Журт баккан кандын жугуму бар.
Кагылыш кан менен бүтөт.
Калк баккан кандын кадыры артат.
Калкын тоноткон кандын кадыры качат.
Калкын жеген кан баркын жейт.
Калкты ойлогон кандын кайгысы көп.
Калыс болбогон канда намыс болбойт.
Калыс теҥ санайт, калпыс кем санайт.
Калкты тоногон акимден карышкыр артык.
Кан бийлигине катыны аралашса, кайгы менен бүтөт.
Кан - калктын күзгүсү.
Кан барктуу болбой, калк нарктуу болбойт.
Кан элдик болсо, калкында теңдик болот.
Кан салмактуу болбой, ардактуу болбойт.
Кандын катасы – калктын жапасы.
Кандын канын «каган» дейт, каганына ар ким жагам дейт.
Канына карап калкын бил.
Катын жетелеген кандын калкына кадыры болбойт.
Катыны бийлеген кан оңбойт.
Катыны билген кан кадыр күтпөйт.
Калк чыдамдан кетсе, кан ыраңдан кетет.
Көр жеме жетекчиден көр артык.
Майдага бийлик берсең, мазак менен түшөт.
Жегичке бийлик берсең, азап менен түшөт.
Мансапка чиренген мас болот.

Мөмөнү шак көтөрөт, падышаны так көтөрөт.
Оң болбогон чоң болбойт.
Орден кууган падыша оңбойт.
Падышага күлгөн жарашпайт, билген жарашат.
Сөзү өтпөгөн кандан сөөлөт күтпө.
Так отурбаган тактан айлансын.
Такка отурсаң, так отур, калыс карап, сак отур.
Таалайы ачылса, таштанды уул такка отурат.
Чоң болсоң, тоң болбо.
«Чоңдун» тапканы бекер, татканы шекер.
Чоңуң төкөр болсо аксап ал, аялын мактап ал.
Антыңа ишенбейм, мантыңа ишенем.
Элди жеген жерди да жейт.
Ашык мактоо абийирди төккөндөн артык.
Ак үйдөгүнүн баары акылман эмес.
Ач көздүн арааны алган сайын ачылат.
Ашынган сот актан да жейт, карадан да жейт.
Азоодон жыгылган турат, ажодон жыгылган турбайт.
Арамдан жыйган мүлктүн да, аш болбой таш болор күнү болот.
Араздык – акчадан, бийлик – тактыдан, ким отурат – бактыдан.
Алкымын тыйбаган алдырат.
Амалкөй кандын туйтундаганынан куйтундаганы жаман.
Айыптуу кан алыс качат.
Алкынан кеткен кан агасынан пара алат.
Алтын жыйнаган кандын акыры «алкым» менен бүтөт.
Ажонун алкы бузулса, жалпы бузулат.
Акылман падыша өз өлүмүнөн коркпойт,
өз өлкөсүнүн тагдырынан коркот.
Акыйкат болбосо – алалык, калыстык болбосо – каралык.
Аткарылбаган мыйзам мыш болот, аягы чууга туш болот.
Акимди катыны бузат, же жакыны бузат.
Алаканды аяп чап, акылыңа таяп чап.
Бийликте калыстык болбосо, элде алыстык болот.
Бийлик бирди кыларда жазалайт, анан көзүн тазалайт.
Билгенге бийлик тийсе – бириктирет, билбеске тийсе –
бириндетип жиниктирет.

Бузукту башчы койсоң, будалап жоготот, барыңды тонотот.
Бийлик кумары бирди кылат.
Бийлегенге тийишсең, ийлегенде түшүнөсүң.
Башчы таза болбой, баары таза болбойт.
Байлыкты бийлик сорсо, казынанын шору.
Баш кесер баркына карабайт.
Бийлик зордукка өтсө, жообуна кордук алат.
Бийлик башы ит болсо, калкты жегенге, калпты дегенге үйрөтөт.
Башсыз башчы болуп жарытпайт.
Билген бий болбосо, эли ий болот.
Булганган канды бузуктар колдойт.
Баркы чыкпаган кандын тарпы чыгат.
Баюуну көздөгөн кан балаага жолугат.
Бирөө сүрөп жейт, бирөө күрөп жейт.
Бар балаа - башчыдан, ууру - сакчыдан.
Башчы калыс болсо, эл балаадан алыс болот.
Булганган аттын бузугу өчпөйт.
Бийликте таза турбаганга жаз турсун.
Бийлик бузулса бирди кылат, миңди кырат.
Бийликти көксөбө, бирдикти көксө.
Башчысы куу болгон заманда баарына чуу болот.
Дегендердин оозун жегендер басат.
Денени жара бузат, жетекчини пара бузат.
Депутат болгуча убадасын көрөсүң, өткөн соң убарасын көрөсүң.
Добуш бергиче алданабыз, өткөн соң оозубузду карманабыз.
Журтту жегендин жумуруна жара чыксын.
Жанына баткан журт жапырт чыгат.
Жасалма мактоо жарашпайт, чындыкка жанашпайт.
Жегенин көрүп көрүп турабыз, жек көрүп өлүп турабыз.
Жебеген сот жок, күйгүзбөгөн от жок.
Жетишсизге мансап тийсе, жер баспайт.
Жегендин курсагы жети кат.
Жегенди «жеди» десең, эсиң элеет, эки көзүң челеет, эки колуң сенеет.
Жашыруун иштер да жарыкка чыгат.
Журтту жегендин жумуру толбойт, жугуму болбойт.

Жакырчылыкты жоелу, жакыр кылгандарды соелу!
Жуткандын баасын кусканда билет.
Жарды өкмөттүн жардамы жок.
Жутканга маш кан жук калтырбайт.
Жегичтин жемсөөсү кең болот, толсо да бир жеринен кем болот.
Жуткучтан жук калбайт.
Жегендер даң салат, жер-жерге там салат.
Жегенди жеген сактайт.
Зордук бар жерде - кордук.
Зордугуна таянган кордугун унутат.
Зордугу жок бийлик жок, кордугу жок тирлик жок.
Калкты калчаба, калк чыдамак канчага.
Казына карк болбой, өлкөдө нарк болбойт.
Кол таза болбой, жол таза болбойт.
Көкөлөгөн өпкө көпкө турбайт.
Калктын жыйганын ыйманын кыйган жейт.
Кандын кадыры каныша билгенден бузулат.
Көлдү саткандар көрүнө батпайт.
Калк каргаган кан соо болбойт.
Кумга сиңген карызды куюндан издебейт.
Калкка жабыр кылсаң, сабыр күтпө.
Курулганды куруттук, курганды унуттук.
Кулкуну толбос курутат, кудайды такыр унутат.
Калкына кам көрбөгөн падышанын кадыры болбойт.
Көп – күчтүү, аз – алсыз.
Көп партия – чөп партия.
Каарданган калкка кан туруштук бере албайт, качса калкына келе албайт.
Калкын какшаткан кан калкка батпайт.
Калкынан качкан катындан жаман.
Кандын күлкүсү калкынан качканда тыйылат.
Кан кайраттуу болбосо, катыны билет, казынага кирет.
Калкка кас болгон кан оңбойт.
Калкын жеген кан узабайт.
Катыны билген канда касиет болбойт.
Кандын көбүн катыны соет.

Калкынан качкан кан шордуу, баркынан азган жан шордуу.
Кандын тактысы – бактысы.
Кан тактысын бактысындай көрөт.
Кандын калкка кастыгы – кадырынын пастыгы.
Катынын башкара албаган кан калк башкаргандан кетеби.
Калкын кансыктаткан кан оңбойт.
Казына тоногон кандан кап тешер чычкан артык.
Калкты тоногон кан кара башын ойлойт, кара башы менен ойнойт.
Кара жемсөө кандан карышкыр артык.
Калыстык жок жерде кармаш күч алат.
Кан касап болсо, ыйманга эмес, жыйганга үйрөнөт.
Каны май баш болсо, карышкырлары тайбас болот.
Катыны түлкү болсо, каны күлкү болот.
Мансап кумары мас кылат.
Мыйзамды мыкчегерлер бузат.
Мыйзамы жок ыйманы жок иш жасайт.
Мыйзамды оңдогондор бузат, же оңбогондор бузат.
Миң айылдын байлыгын батырганга,
бир жегичтин жемсөөсү жетишет.
Мүлккө суктук – мүшкүл.
Мыйзамдын эшигинен тешиги көп.
Мыйзамдын түз жолунан башка да жүз жолу бар.
Мыйзамсыздар – ыймансыздар.
Мафияны ажыдаар менен арстандар жасашат.
Мыйзамды кармоо – мыктылык.
Мафиянын түйүнүн майдалар жандыра албайт.
Мекенге чыккынчылык кылган мертинет.
Мыкаачы мыйзамдан коркпойт.
Мыйзам көтөрбөгөндү ыйман көтөрбөйт.
Мыйзамды чоң сыйлабаса, калганы оң сыйлабайт.
Мыйзам күчүнөн тайыса, бийлик түшүнөн тайыйт.
Мыйзам «мырзадан» ирийт.
Наадан канда намыс жок.
Ордунан кулагандар оппозицияда болушат.
Ордодогулардын да оң, солу бар.
Оюндун сасыгы – саясат.

Оттун күйгүзгөнүнөн калыстыгы жок соттун күйгүзгөнү жаман.
Обору ачылган оңдурбай жейт.
Өлөрчө жеген өлүмдөн коркпойт.
Өлкөсүн тоногондун өлгөнү ийги.
Өмүрү кысталган өлкөсүнөн безет.
Өлкөң тынч болбой, өмүрүң тынч болбойт.
Өндүргөнгө маш эмеспиз, өөнөгөнгө машпыз.
Өөнөгөнгө да үйрөндүк, көөлөгөнгө да үйрөндүк.
Падыша жегич болсо, жарыша жегич болот.
Саясатта биринди-бириң сатасың, биринди-бириң атасың.
Топугу жокту тойгуза албайсың, жосуну жаманды койгуза албайсың.
Түктүүнү түгү менен, жүктүүнү жүгү менен жуткандар чыкты.
Туура жол таппаган туюкка камалат.
Так талаш талкалоо менен бүтөт.
Теңдиги жок өлкөнүн тентимиши көп.
Тойбогон көзгө топурак бар.
Тоноо оңой, оңоо кыйын.
Тоону жеген эсирет, тоокту жеген кесилет.
Түлкүлөр түндүккө чыкса түн түшөт.
Уруу-урууга бөлүнсө - убай.
Шайлоо - жалдоо менен, элди – алдоо менен.
Шайлоо шайтаны жок өтпөйт.
Эл шайлайт, эбин тапкан жайлайт.
Элдин көз жашынан өз башын жогору койгон кан оңбойт.
Элди жеп койгонду тек койгон болбойт.

# МАЗМУНУ


**Кагылайын кадырман калайык!......... 3-4**

**Ажыдаарлар алааматы........................... 5-11**

БАР БЕЛЕ? ........................................................... 11-12

КАЙРАН ЭЛ ........................................................... 12

КӨНДҮРҮП ........................................................... 12-13

АМАН БОЛБОЙ ........................................................... 13

АДАМ БОЙДОН ........................................................... 13

КАНТИП? ........................................................... 14

КАПАБЫЗ ........................................................... 14-15

ЖОГОЛБОЙ ........................................................... 15-16

КАРТ БӨРҮЛӨР ........................................................... 16

СОРУП САЛГАН ........................................................... 17

ОҢ ЖОЛГО ........................................................... 17-18

КӨП ОЙЛОНТОТ ........................................................... 18

ДАЯР АЛАР ........................................................... 18-19

БӨЛҮНБӨГӨН ........................................................... 19-20

ГҮЛЗАРДЫ ........................................................... 20

МЫНЧА НЕГЕ?! ........................................................... 20-23

ОЙЛОНУШПАЙТ ........................................................... 23-24

БИР БОЛОЛУ ........................................................... 24-27

ЭҢШЕРИЛЕТ ........................................................... 27-28

ОЙЛОНГУЛА, ОЙГОНГУЛА ........................................................... 28-30

ТАРТКАНЫБЫЗ ТАРТКАН ........................................................... 30-31

БАБАЛАР БАСКАН ИЗ МЕНЕН ........................................................... 31-32

УШУЛ ОЙРОН ........................................................... 32-33

ЖАРДАН УЧАТ ОКШОЙБУЗ ........................................................... 33-35

КАЛАР ЭКЕН КИМ АМАН!? ........................................................... 35-36

КЫРГЫЗБАЙЫМ ........................................................... 36-37

НЕ КИРИШЕТ? ........................................................... 37

ТАРТЫЛМАЙЫН ........................................................... 37-38

БАРЫШПАЙТ ........................................................... 38

ЧЫКСА ЭГЕР ........................................................... 38

ЖӨНҮКПӨЙБҮЗ ........................................ 39
САКТАНГЫН ........................................ 39-409
КӨРӨСҮҢ ........................................ 40-41
БЕЛГИСИБИ ........................................ 41
КАРМАНАСЫҢ ООЗУҢДУ ........................................ 42-44
КИЙИН АЙТАМ КАЛГАНЫН ........................................ 45
БИЛБЕЙМИН ........................................ 46
ОЙЛОНБОЙБУЗ ........................................ 46
КИМГЕ АЙТАСЫҢ? ........................................ 47
ТИРҮҮЛӨЙ ГАНА ӨЛДҮҢӨР ........................................ 47-48
УЛУТ КЕНЧИ ........................................ 48-49
КАПТАДЫ ........................................ 49-50
ТЕТИРИ ........................................ 50
ОК ЖЫЛАН ........................................ 50-51
АРАЛАШ ........................................ 51
КАЛЫСПЫЗ ........................................ 51-53
ОЙЛОНГУЛА ........................................ 53
КИМ ЖЕТИПТИР ........................................ 53-54
ЗАМАН, АЙ ........................................ 54
ЧОЧУЙМУН ........................................ 54-55
КАЙДА БАРАТ ........................................ 55-56
КУБУЛГАНДАР ........................................ 56
КЫЙМЫЛ ........................................ 56-57
ОЙЛОНГУЛА! ........................................ 57
ҮЗҮП КОЙ! ........................................ 57-58
САЙДАГЫ ........................................ 58
ТАБЫЛБАЙТ ........................................ 58-59
УБАК БОЛОТ ........................................ 59
БИРДЕЙ ........................................ 59-60
КӨГӨНДӨП ........................................ 60
АЗАП КӨП ........................................ 60-61
БИЛБЕЙБИЗ ........................................ 61
ТЫЯНАК ........................................ 61-62

БИРДЕЙБИЗ .......... 62
АЙТЫЛАТ .......... 62-63
ЖАРАБАЙ .......... 63
КАНТЕСИҢ? .......... 63
МАТАП ТУРАТ .......... 63-64
АРЫ АЙЛАНДЫМ .......... 64
ДҮНҮЙӨ .......... 64-65
ЧОЛООБУЗ .......... 65
КӨРҮҢӨРДӨН .......... 65-66
ЫЛАЙДАН БОЛСО .......... 66-67
НАМЫС КЫЛ .......... 67
КЕБИМДИН .......... 67-68
ТИЙБЕЙТ .......... 68-69
АШЫП-ТАШЫП .......... 69
КҮНӨӨ ЖОК .......... 70
БАШКАЛАР .......... 71
КҮТ ЭМИ .......... 72-73
КҮТӨЛҮ .......... 73
КУРАБЫ? .......... 73-75
ЧЫЙРАЛЫП .......... 75-76
МОМУНБУЗ .......... 76-77
БЕРЕСИҢ .......... 77
ЖОК .......... 77-78
САКТАСА ЭКЕН .......... 78-79
ЖЕ... .......... 79-80
КАРМАЛЫП .......... 80
БҮТ КЕПТИН .......... 80-81
КЕП ЖОК .......... 82
ЖЕРГЕ КИР .......... 82
БУ КАНДАЙ?! .......... 82-83
КИМДЕР ТААНЫЙТ .......... 83
АРГА ЖОК .......... 84
ЭМГЕГИНЕН .......... 85

ЖОК .......... 85-86
БАШКА .......... 86
КУБАЛА .......... 86-87
БӨКСӨДӨ .......... 87-88
«КАЧЫРЛАРЫН» .......... 88
КАЙРАН ЭЛ, АЙ! .......... 88-89
КАПКАРАҢГЫ .......... 89-90
ДАЛ ОШОЛОР .......... 90
ТАРТИП ТИЛЕЙМ .......... 90-91
ТЫЙГАНЫНАН .......... 91-92
ТУЮКТАН .......... 92
БУЗУЛГАНДЫ .......... 92-93
ӨРГҮТӨНҮП .......... 93-94
ООДАРЫЛЫП АЛГАНДАЙ .......... 94-95
ШЫМ ЭЛЕ .......... 95
КАЙ МЕЗГИЛДЕ .......... 95-96
БӨӨДӨ ЖЕРДЕН .......... 96
КЕК МЕНЕН .......... 96
КӨРҮНДҮ .......... 96-97
АКЧАНЫН .......... 97
ЭМНЕҢ КАЛДЫ?! .......... 97-99
БИЛБЕЙМИН .......... 99
ЖАРАБАЙТ .......... 99
ТҮШҮНБӨЙСҮҢ .......... 100
КАРАКТАП .......... 100-101
КӨРҮНБӨЙТ .......... 101-102
КӨРҮП ТУРУП .......... 102
КЕЧИРИЛЕТ .......... 102-104
БИРДЕЙ КЕРЕК .......... 104
КАЛДЫ ӨҢДӨНӨТ .......... 104-105
АКЫРЕТ .......... 105-106
ЗЫЯРАТ .......... 106-107
САНААГА .......... 107-108

ТҮШҮНБӨЙМ ........ 108
КӨРБӨГӨМ ........ 108-109
ЖЫЛДЫЗЫҢ ........ 109-110
АЛЛА КАНДАЙ? ........ 110-111
О, ЧИРКИН! ........ 111
КИМДЕР БАР?! ........ 111-112
КӨБҮҢӨР ........ 112-113
КӨЗҮМ БАР ........ 113
БИР УЯНЫН ........ 113-114
О, ЭЛ-ЖУРТ ........ 114-116
ЖАЙ БОЛОСУҢ ........ 116
КАНТИП, КАЧАН?! ........ 116-117
ЗАРЫЛ ИШ ........ 117-118
КАЛКЫҢДЫ ........ 118
ЖАБЫШАТ ........ 119
ЫКТАДЫ, ЭЭ? ........ 119-120
ЖУРТ ТАЗАРАТ ........ 120-121
ЖАКЫНДАБА ........ 121-122
КАТАРГА ........ 122-123
АРАСЫ ........ 123-124
КЕТЕСИҢ ........ 124
ЖОК ЧЫГАР ........ 124-125
БАЛКИМ ........ 125-125

**Бийлик кумары бирди кылат** ...... 127-253

**Кан калыс болбосо, калктан алыс болот** ........ 254-270

ББК 22
К-55

К-55 **АЖЫДААРЛАР АЛААМАТЫ**
Стихи, 2011.-276 стр. ISBN 078452198
Издательский дом «Карга Аке»

**Тех.редактор Ч.АТАНАЕВА**
**Корректор А.БЕКБАЕВ**

Сдано 14.06.2011. В печать 15.06.2011.
Формат 60x84 /№1 офсетная бумага. Отпечатано
офсетным способом. 17.25 п/л. Заказ 229.

**Изготовлено в издательском доме "Карга Аке".**
**Отпечатано типографии ОсОО ПИ "фирма Дархан".**
**г. Каракол, ул. Токтогула, 104. Тел: 03922 5 23 08.**



Асаналиев Үсонбек 1932-жылдын 14-августунда Ысык-Кол областынын Жети-Огүз районундагы Даркан айылында торолгон.

Филология илимдеринин доктору, профессор, акын, комузчу, котормочу, СССР Жазуучулар Союзунун, КР Улуттук жазуучулар союзунун мучосү, КР элге билим берүүсүнүн отличниги, КР элге билим берүүсүно эмгек сицирген кызматкер, КР алдында сицирген озгочо эмгеги үчүн персоналдык пенсионер, эмгек ардагери, Жети-Огүз районунун Ардактуу атуулу.

Ү. АСАНАЛИЕВ АЖЫДААРЛАР АЛААМАТЫ